**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

УДК:631.67.03:631.672:6278:628.1:332.3

**АТАКАНОВА ГҮЛМИРА АСИЛБЕКОВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ, НАТЫЙЖАЛАРЫ

**(XX кылымдын 20-жылдары)**

**Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши

**Илимий жетекчи: тарых илимдеринин доктору., профессор Ж. Б. Алымбаев**

**Бишкек-2023**

МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**

**I БАП. ИЛИМИЙ МАСЕЛЕНИН ИЗИЛДЕНҮҮ ДЕҢГЭЭЛИ**

1.1. Жер-суу реформасынын советтик мезгилдеги эмгектерде чагылдырылышы....................9-19

1.2. Жер-суу реформасынын постсоветтик тарыхнаамада изилдениши....................19-28

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, ИЛИМИЙ МЕТОДДОРУ**

2.1. Маселенин булактык базасы....................29-35

2.2. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери жана изилдөө методдору....................36-46

**III БАП. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН БИРИНЧИ ЭТАБЫ**

3.1. Агрардык маселени чечүүдөгү укуктук-ченемдик негиздери..........47-65

3.2. Реформанын жүрүшү, жер үлүштөрүн бөлүштүрүү жана анын нормалары....................65-86

3.3. Жер-суу реформасын жүргүзүүдө «Кошчу» уюмунун ролу ..........86-97

**IVБАП. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН ЭКИНЧИ ЭТАБЫ**

4.1. Реформаны камтыган райондорду аныктоо, жайгаштыруу маселеси....................98-114

4.2. Реформаны жүргүзүүгө даярдык иштер ....................114-130

4.3. Жер-суу реформасынын жүргүзүлүшү, өзгөчөлүктөрү................131-151

4.4. Жер-суу реформасынын социалдык-экономикалык жыйынтыктары....................152-160

КОРУТУНДУ ....................161-165

ПРАКТИКАЛЫК СУШУШТАР....................165-166

ТИРКЕМЕЛЕР ....................167-171

КОЛДОНУЛГАН ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАР....................172-188

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ ....................188

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстандын 20-жылдарындагы жер-суу реформасынын тарыхын изилдөө учурдагы коомдук жана илимий талаптардан улам жаралган илимий маселелердин бири болуп саналат. Биринчиден, азыркы учурда Борбордук Азияда гана эмес дүйнө жүзүндө суу тартыштыгы, сууну эффективдүү колдонуу маселеси актуалдуу маселелердин бирине айланууда. Акыркы мезгилде суу маселесине карата мамлекеттик, эл аралык деңгээлдеги иш-чаралар, эл аралык илимий конференциялар болуп өткөндүгү белгилүү.

Алсак, 2022-жылдын 20-21-июль күндөрү Чолпон-Ата шаарындагы Борбордук Азия мамлекет башчыларынын IV консультативдик жолугушуусунда коопсуздук, экономика маселелерден тышкары региондогу суу ресурстарын пайдалануу маселеси каралган [53]. Кыргызстандын Президенти С.Н.Жапаров тарабынан Нарын-Сыр-Дарыя суу-энергетикалык ресурстарын, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын ортосундагы 1998-жылдагы келишимди жандантуу жана өркүндөтүү маселеси коюлган. Борбордук Азия мамлекеттеринин ортосундагы суу ресурстарын пайдалануу боюнча каралган маселе, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу демилгелери, региондогу суу маселесинин тарыхын тереңдеп билүү, илимий практикалык кеңештерди практика жүзүндө колдонуу учурдун талабы экендигин айгинелейт.

Ал эми 2023-жылдын 18 -мартында Бишкек шаарында “Водные ресурсы Центральной Азии: вызовы и перспективы” аттуу илимий конференция болуп өтсө, ушул эле жылдын 22-24-март күндөрү Нью-Йорк шаарында БУУ суу ресурстары боюнча саммит өткөрдү. Саммитте БУУнун башкы катчысы Антониу Гутерриш: “2050-жыл жер үстүндө жашаган төрт адамдын бири туруктуу суу жетпеген же болбосо дайыма ичер суу жетпеген

шартта жашайт» [54] - деп билдирди. Аталган региондогу, эл аралык деңгээлдеги иш-чаралар суунун саясий, экономикалык жана социалдык коопсуздук үчүн маанилүү компоненттеринин бири экендигин айгинелесе, суу маселесинин тарыхын тереңдеп билип, өткөн тарыхыбыздан сабак алып, илимий практикалык кеңештерди практика жүзүндө пайдалануу коомдук зарылдык экендигин тастыктайт.

Экинчиден, Кыргызстанда эгемендүүлүк мезгилинде жер жана суу тармагы боюнча 1999-жылы “Кыргыз Республикасынын жер кодекси”, 2004-жылы “Кыргыз Республикасынын суу кодекси” [55] кабыл алынып, арада бир канча жолу кошумчалар, толуктоолор киргизилгендигине карабастан жер талаш, суу тартыш маселеси республикадагы көйгөйлүү маселе боюнча калууда. Бул өңүттөн алып караганда жер жана суу маселесинин тарыхына кайрылуу менен өткөндүн тажрыйбаларын келечек үчүн колдонуу, илимдин өндүрүшкө кызмат кылуусун пайдалануу зарылдыгы актуалдуулукту жаратат.

Үчүнчүдөн, жер-суу реформасын изилдөө төмөнкү илимий муктаждыктан жаралган көрүнүш. Кыргызстандын постсоветтик доорунун тарыхнаамасында жер-суу реформасынын тарыхы кеңири изилденбеген илимий темалардын бири. Белгилей кетсек, 1920-жылдары Кыргызстандын социалдык-экономикалык чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдүн бири болгон жер-суу реформасынын тарыхы XX кылымдын 50-60-жылдары П.И.Ухванов, Д.М.Будянский тарабынан атайын изилдөөгө алынган. Арадан 50 жылдан ашык убакыт өткөндүгүнө карабастан, айрым макалаларды кошпогондо жер-суу реформасы боюнча жаңы изилдөөлөр жокко эсе. Демек, жер-суу реформасынын жүрүшүн, анын натыйжаларын изилдөө, жер-суу реформасына байланышкан жаңы тарыхый булактарды аныктоо, анализдөө,

аларды илимий айлампага киргизүү Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасынын талабы.

Төртүнчүдөн, жер-суу реформасынын тарыхы, 20-жылдарындагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык тармагындагы өзгөрүүлөр менен тыгыз байланыштуу. Реформасы көчмөн, жарым көчмөн чарбалардын отурукташуусуна, коллективдүү чарбалардын түзүлүшүнө өбөлгө жараткан. Жер-суу реформасынын тарыхына кайрылуу аталган мезгилдеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө жаңы тарыхый позициядан илимий баа берүү талабын орундатмакчы.

Демек, 20-жылдардагы Кыргызстандын агрардык тармагындагы жер-суу реформасынын тарыхын изилдөөнүн коомдук жана илимий талаптары актуалдуу маселе экендиги шексиз.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** изилдөөнүн максаты 1921-1922, 1927-1928-жылдардагы жер-суу реформасынын жүргүзүлүшүнө, натыйжаларына талдоо жүргүзүү. Изилдөөнүн алдына коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлган.

- Жер-Суу реформасынын изилденишинин тарыхнаамалык, булакнаамалык, методологиялык маселелерине талдоо жүргүзүү.
- Кыргызстандагы жер-суу реформасын жүргүзүүнүн тарыхый зарылдыгын аныктоо.
- Кыргызстандагы жер-суу реформасынын биринчи этабына анализ берүү.
- Кыргызстандагы жер-суу реформасынын экинчи этабына анализ берүү.
- Реформаны ишке ашырууда «Кошчу» союзунун ролун ачып көрсөтүү;
- Жер-суу реформасынын социалдык-экономикалык натыйжаларына анализ берүү.

- Эки этап менен жүргүзүлгөн жер-суу реформасынын тарыхый маанисине баа берүү, реформа учурунда кетирилген мүчүлүштүктөрдү талдоо;

**Диссертациянын хронологиялык чеги:** XX кылымдын 1921-1928-жылдарын камтыйт. Бул жылдар Кыргызстандын тарыхында олуттуу мезгил болгон. Анткени, Кыргызстан тарыхында саясий тармакта гана эмес социалдык-экономикалык, маданий чөйрөдө да олуттуу жана кескин бурулуштар болуп өткөн. Кыргызстандын агрардык тармагында колониалдык доордон калган жер жана суу маселесин чечүү тарыхый зарылдыгы жаралып, 20-жылдардагы саясий кырдаалга жараша реформа эки этап менен ишке ашырылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси:**

- Изилдөөдө көтөрүлгөн маселелер Кыргызстандын тарыхын таанып-билүүгө, совет мезгилиндеги агрардык реформанын тарыхын толуктап үйрөнүүгө жардам берет.
- Диссертациялык иштин материалдары жогорку окуу жайлардын тарых факультеттеринде өтүлүүчү “Кыргызстандын тарыхы”, “Кыргызстандын тарыхнаамасы” предмети боюнча лекциялык курстарды өтүүдө;
- Кыргызстандын 20-30-жылдардагы агрардык тарыхы боюнча тийиштүү илимий эмгектерди жазууда колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасында алгачкылардан болуп жер-суу реформасын комплекстүү изилдөөгө илимий аракет жасалды.
- Реформанын тарыхына байланышкан жаңы архивдик булактарды илимий айлампага киргизүүгө аракеттендик.

- Реформаны жүргүзүүдөгү «Кошчу» союзунун ролуна илимий баа берүү аракети болду.

**Коргоого коюлган жоболор:**

- XX кылымдын 20-жылдары Кыргызстандын агрардык тармагында эки этап менен жүргүзүлгөн жер-суу реформасы колониалдык доордон мурас катары калган жерге жана сууга карата болгон теңсиздикти жоюуга багытталган саясий, социалдык-экономикалык маанидеги реформалардын бири экендиги талашсыз.
- Совет бийлигинин орношу, “Жер жөнүндөгү” декреттин кабыл алынышы, жерге карата болгон жеке менчиктин жоюлушу, жер-суу реформасын жүргүзүүгө түзүлгөн тарыхый шарт, өбөлгө жана мезгилдин талабы катары кароого болот.
- Жер-суу реформасы орус кулактарынын, жергиликтүү бай-манаптардын сууну пайдалануудагы артыкчылыктарын жоюу менен ашыкча жер үлүштөрүн кедей, батрак ж.б. дыйкан катмарларына кайтарып берүүгө, аларды тийиштүү айыл чарба техникалары менен жабдууга багытталган, Совет мамлекетинин аргардык тармактагы алгачкы саясаты болгондугун белгилеп кетүү керек.
- Реформанын совет бийлигинин «таптык идеологиясынын» талабына жараша жүргүзүлүшү, коомдогу айрым социалдык катмарлардын тап катары жоюлушун шарттаган саясий, социалдык маанидеги көрүнүш катары кароого болот. Реформаны жүргүзүү бай-манаптардын каршылыгы, калктын сабатсыздыгы, Совет бийлигине карата орто дыйкандардын нейтралдуу позициялары кыйынчылык туудурган.

- Жер-суу реформасынын жүргүзүлүшүн XX кылымдын 30-жылдарындагы коллективдүү чарбаларды түзүүгө, айыл-чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташуу процессине өтүшүнө тарыхый өбөлгө түзгөн тарыхый реформалардын бири катары баалоо зарыл.
- Реформа Кыргызстандын агрардык тармагындагы материалдык-техникалык базанын жетишсиздигине карабастан коомдогу социалдык катмарлардын жерди пайдалануу боюнча аң-сезимине жаңылык киргизген, жаңыча жашоого багыттаган мамлекеттин саясатын ишке ашырган иш-чара катары баалоо жана салттуу кыргыз коомундагы алгачкы жасалган көрүнүш катары кароо керек.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Архивдик булактарга анализ жасалып, алардын айрымдары илимий чөйрөгө биринчи жолу киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы:** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик журналдарга илимий макалалар жарыяланды.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 4 баптан, корутундудан, тиркемелерден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# I БАП. ИЛИМИЙ МАСЕЛЕНИН ИЗИЛДЕНҮҮ ДЕҢГЭЭЛИ

## 1.1. Жер-суу реформасынын советтик мезгилдеги эмгектерде чагылдырылышы

Советтик доордун тарыхнаамасында жер-суу реформасын изилдөөгө карата илимий макалалар, көлөмдүү изилдөөлөр жарык көргөн. 70 жылдан ашык өкүм сүргөн советтик доордун тарыхнаамасында коомдук-саясий пикирлер, саясий коньюнктурага жараша жүргүзүлгөн изилдөөлөр, тарых илимине карата партиянын көзөмөлү өкүм сүрүп келгендиги белгилүү. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында тарыхый профилдеги мекемелердин бардык инфраструктурасы материалисттик көз караштa калыптана баштаган марксистик-лениндик тарыхнаама тарабынан көңүлгө алынып, улантылды [87,с.24]. Советтик доордун тарыхнаамасына анализ берүүдө жогорудагы факторлорду эске алуу менен жер-суу реформасына арналган изилдөөлөрдү шарттуу түрдө эки этапка бөлүп кароого туура келет.

1) 20-50- жылдары жазылган эмгектер;

2) 60-80-жылдар арасындагы илимий изилдөөлөр;

XX кылдымдын 20-жылдарынын башынан тарта гана Кыргызстанда жашаган этностордун тарыхы, этнографиясы жана археологиясы боюнча материалдар системалуу топтолуп, изилдөө иштери бир нукка салына баштаган. Аталган жылдары агрардык реформаларга арналган профессионал тарыхчылардын эмгеги дээрлик жокко эсе. Аталган маселе боюнча

изилдөөлөр реформага катышкан советтик жана партиялык кызматкерлер, агрономдор жана экономисттер тарабынан гана жүргүзүлгөн [142,с.3].

Биринчи этаптагы изилдөөлөргө В.И. Буров-Петров, П. Кушнер, А. Фатьянов, П. Погорельский, В. Батраков, М.Г.Сахаров, М.С.Кивман ж.б. эмгектерин кошууга болот. Аталган авторлордун эмгектеринде жер-суу реформасы өз алдынча изилдөөгө алынган эмес жана Кыргызстандын социалдык-экономикалык, маданий маселелерин изилдеп жатышып, реформага карата тийиштүү фактыларды гана жазып кетишкен.

Алсак, В.И.Буров-Петровдун [76] эмгегинде 20-30-жылдары социалдык-экономикалык, кыргыздардын социалдык түзүлүшү, кыргыз айылдарын коллективдештирүү жана бай-манаптар менен күрөшүү маселеси эмгегинде кеңири чагылдырылган.

Агрардык реформаларды жүргүзүүнүн алдында калктын коомдук-экономикалык жана социалдык абалы боюнча бир топ изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Мисалы, 1925-жылы Кыргызстанга келген профессор П. Кушнер (Кнышев) [105] кыргыздардын жер иштетүү, мал чарбачылык, өндүрүш, тамак-аш, кол өнөрчүлүк, бюджет, товар алмашуу, үй-бүлө, уруулук мамилелер жана манап маселеси боюнча кеңири маалымат топтогон. П.Кушнер да калктын социалдык катмарына көңүл буруп, алардын коомдогу ээлеген ордуна жана чарбасына салыштыруу анализин жүргүзгөн. Автордун социалдык жана экономикалык реформаларды ишке ашырууга тоскоол болгон кыргыздардагы уруулук түзүлүш жоюлган деген жыйынтыкка келгени белгилүү. Сындоочулар П.Кушнердин кыргыздардагы урук-урууучулук калдыктардын тескерисинче өкүм сүргөнүн эске алган эмес деп эсептешкен. Анткени менен авторду Кыргызстандагы социалдык изилдөөчүлөрдүн алгачкы карлыгачы катары балоого болот.

Ал эми 1930-жылдан кийинки изилдөөлөрдө административдик райондорду уюштуруу, чарбаны алдыга жылдыруу сыяктуу практикалык муктаждыктардан улам социалдык-экономикалык эмгектер да жазылган. Алардын катарына А.Фатьянов [132], П.Погорельский, В.Батраковдун [116] эмгектерин кошууга болот. Аталган авторлор салыштырма-статистикалык ыкмаларды колдонуу менен коомдук турмуштагы өзгөрүүлөрдү анализдөөгө аракет жасашкан. П.Погорельский менен В.Батраковдун биргелешкен эмгегинде 1925-жылы Суусамыр өрөөнүнө жүргүзгөн изилдөөлөрүндө көчмөн кыргыз айылдарынын социалдык-экономикалык структурасы, көчмөн райондордогу жерди пайдалануу маселеси, кыргыздардын коомдук-саясий түзүлүшүнө анализ жүргүзүүгө арналган. Жер-суу реформасына учкай гана токтолгон авторлор жерге орноштуруу боюнча IX сьездин директивасын аткаруу үчүн жүргүзүлгөн реформа учурунда айрым кыйынчылыктар болгондугун баса белгилешкен. Алсак, авторлор: “бай-манаптардын чарбаларын жоюу боюнча IX сьезддин көрсөтмөсү, айрым гана чарбаларды кошпогондо ишке ашкан эмес” [116,с.122]. “Ошондуктан реформа тез жыйынтыктарын бермек эмес” деген пикирди белгилешкен.

Ал эми М.Г.Сахаровдун эмгеги болсо көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташуу процесси боюнча изилдөө жүргүзгөн алгачкы эмгектердин катарына кирет. Ал эми М.С.Кивмандын [96] эмгеги болсо 20-жылдардын аягындагы Чүй районунун социалдык-экономикалык абалы: райондогу жер-жайыт маселеси, мал чарбачылык, коомдук-саясий турмушу, маданий-тиричилик шарттарына анализ берүүгө багытталган. Эмгекте жер-суу реформасынын жүрүшү изилденбеген, бирок автор Кыргызстандагы агрардык реформалардын натыйжасында Чүй аймагында жашаган бай-манаптарга карата жүргүзүлгөн саясатка токтолуп кеткен.

Алсак, автор: “агрардык реформалардын натыйжасында 1927-1930-жылдар аралыгында социалдык катмарлардын арасында бай-манаптардын таасиринин начарлашы менен орто дыйкандардын пайдасына карата, арасында ири жылыштар болуп, алар чарбалык жактан күчөштү» [96,с.37] деген жыйынтыкка келген.

Реформа боюнча обьективдүү пикирлерди жазган жергиликтүү авторлордун арасына Ж.Абдрахмановду кошууга болот. Ж.Абдрахманов аталган реформанын жыйынтыганда кыргыз-орус калктары арасында жерди пайдалануу жөнгө салынганын жазат. Автор ошону менен бирге реформанын бирден-бир жетишпегени катары жогорку социалдык катмар өзгөрүүсүз калганын белгилейт [58].

Жергиликтүү партиялык кызматкер Т.Рыскулов аталган реформаны жүргүзүүдө бир катар каталар кетирилгенин белгилейт. Алар жер реформасы бай конуштарга начар таасир этип, негизинен жаңы конуштардын анча бай эмес катмарлары (анын ичинде кедейлер) жабыр тарткан [119].

1930-жылдардан тарта саясий репрессиялар күчөп, административдик-борбордук башкаруунун кесепеттери илимий изилдөөлөргө да таасирин тийгизбей койгон эмес. Цензуранын күчөтүлүшүнөн улам тарыхый изилдөөлөрдүн саны да чектелүү болгон. Жарыяланган эмгектерде партиялык система макталып, окуялар үстүртөдөн каралган. Түздөн-түз жер-суу реформасын изилдеген илимий эмгектер жарык көргөн эмес. Ошол эле учурда 1930-жылдын экинчи жарымынан 1950-жылдын биринчи жарымына чейин реформаны чагылдырган изилдөөлөр саналуу гана болгон. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, сунушталган концепциялары советтик идеологиянын таасиринде кала берген. Советтик тарыхнаамадагы

калыптана баштаган марксистик-лениндик методология изилдөөлөрдүн негизги өзөгүн түзүп калган.

XX кылымдын 50-жылдарынан тартып жеке адамга сыйынуу жоюлгандан кийин архивдик материалдарды колдонууга шарт түзүлө баштаган. Илимий изилдөөлөр уланып, изилдөөлөрдүн саны гана эмес сапаты да арта баштаган. Кыргызстандын 20-30-жылдардагы агрардык тармагындагы жүргүзүлгөн реформаларга карата М.А.Краев, П.К.Алпацкий, П.И.Ухванов, М.Х.Давлет-Юсупов, С.И.Ильясов, Б.Байбулатов, М.Джунусов сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектери жарык көргөн. Албетте, аталган окумуштуулардын агрардык тармакты изилдөөдөгү обьектиси, предметтери ар башкача болгон.

Жалпы эле СССРдин аймагындагы агрардык саясатты чагылдырган изилдөөлөрдун катарына М.А.Краевдин [100] эмгегин кошууга болот.

Кыргызстандагы 1921-1922-жылдардагы жер-суу реформасынын жүрүшүн алгачкылардан болуп П.И.Ухванов [131] изилдөөгө алган. Автор «реформа бир эле мезгилде кулактарга, бай-манаптарга гана эмес, коомдук мамилелерде сакталып калган эски калдыктарга катуу урулган сокку» - деп белгилген. Автор 1921-1922-жылдардагы реформанын жыйынтыгында кедейлердин социалдык-экономикалык абалы өзгөрүлгөн, бирок коомдук аң-сезимдеги өзгөрүүлөр жай жүргөндүктөн, бай катмардын жерге болгон ээлигин толук жок кылуу мүмкүн болбогондугун белгилеп кеткен [131,с.44].

Жер-суу реформасынын ишке ашуусуна чоң роль ойногон «Кошчу» союзу боюнча 50-жылдары изилдөөлөр жарыкка чыккан. Дал ушул уюмдун ишмердүүлүгүнө арналган маалыматтык жактан бай монографиялардын бири М.Х. Давлет-Юсуповко [81] таандык. Автор уюмдун айыл чарбаны калыбына келтирүү, дыйкандарга жер иштетүүдө, коомдук жардамдарды уюштуруу иштерин жүргүзүүдө кошкон салымын ачып берүүгө аракет кылган.

«Кошчу» союзунун ишмердиги С.И.Ильясовдун [147] эмгегинде да чагылдырылган. Автор Кыргызстандын түштүк аймактарындагы реформанын жүрүшүндө уюмдун мүчөлөрүнүн айыл-чарба шаймандарын таратуу иштерин активдүү аткарышкандыгын баса белгилейт [147,с.21]. Белгилей кетчү көрүнүш уюмдун ишмердүүлүгүнө аталган мезгилдеги эмгектерде үстүртөн гана маалымат берүү менен чектелген.

Кыргызстандын түштүгүндө реформанын жүрүшү жана даярдык иштери тууралуу Б.Байбулатовдун [65] эмгегинде сүрөттөлөт. Автор 1927-1928-жылдардагы реформанын жүрүшүн кыскача баяндаган.
Ал замандаштары сыяктуу эле реформаны ишке ашырууда партиянын ролун жогору баалаган. Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр П.К.Алпацкий [60], М.Джунусов [85], С.А.Татыбеков [128] сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде сүрөттөлгөн. Аталган авторлор негизинен совет бийлигинин орношу менен социалдык чөйрөдө олуттуу өзгөрүүлөр болгондугун пропагандалаган.

М.Джунусов реформа патриархалдык-феодалдык мамилелердин калдыгын жойгон деп эсептеген. 1931-1934-жылдардагы көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташуу процессин изилдеген П.К.Алпацкий: «1921-жылдагы жер реформасынын негизинде падышалык бийликтин көчүрүп келүү саясаты жоюлуп, көчмөн жана жарым көчмөндөрдүн отурукташуусуна шарт түзүлгөн» [60,с.33] - деп белгилейт.

Ошентип изилдөөнүн биринчи этабында реформага байланыштуу изилдөөлөр алгач реформага катышуучулар тарабынан жарыкка чыгып, окуяларга объективдүү баа берүүгө аракет жасалган. Ал эми 50-жылдардан тарта профессионал тарыхчылар изилдөөнү колго алып, социалдык-экономикалык изилдөөлөр менен айкалыштырган. Бирок: лениндик-

марксистик теориянын негизинде жазылып, партиянын ролу жогору көрсөтүлүп, реформа социалисттик мүнөздөгү иш-чара катары мүнөздөлгөн.

1960-1980-жылдарды Кыргызстандагы тарых илими үчүн ийгиликтүү жылдар катары баалого болот. Ушул мезгилде Кыргызстандын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий турмушун изилдеген профессионал тарыхчылардын көлөмдүү илимий монографиялык эмгектери жарык көргөн.

Аталган жылдары жер-суу маселесин изилдөөдө Орто Азиянын жана Казакстандын тарыхчылары чоң салым кошушкан. Мында Р.Х.Аминова [61], Г.Ф.Дахшлейгер [83], Б. А.Тулепбаевдин [130] монографияларын өзгөчө белгилеп кетүү керек. Окумуштуулар Орто Азиядагы агрардык өзгөчөлүктөрдү гана чагылдырбастан, революциядан кийинки социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрдү да талдашкан. Түркстан АССРиндеги агрардык маселелер Л.З.Кунакованын [102] монографиясында орун алган. Эмгекте жер-суу реформасынан тышкары партиялык уюмдардын ишмердүүлүгүнө жогору баа берилген.

1921-1922-жылдагы жер-суу реформасы Түркстан элдеринин экономикалык, саясий жана маданий жактан өнүгүүсүнө таасир тийгизгенин М.П.Новиков [109,с.41-45] белгилеген. Анын пикири боюнча реформа Түркстан АССРинде социалисттик кайра куруда жана теңсиздикти жоюуда маанилүү кадам болгон.

Белгилүү окумуштуу В.Шерстобитов [137] Кыргызстандагы жаңы экономикалык саясатты изилдеп жатып, реформа экономикалык жактан өнүккөн райондорго караганда артта калган райондордо көп көйгөйдү чечкендигин белгилейт. Автор реформанын жүрүшүндө кулактардын ашыкча жерлеринен сырткары материалдык мүлкү тартып алынып, аларга карата бийлик тарабынан катуу сокку урулганын жазган [137, с.182].

Окумуштуу К.К.Орозалиев эмгегинде [112], Орто Азия жана Казакстанда агрардык реформаны ишке ашыруу жолдорун эки этапка бөлүп караган. Биринчи этапта кулактардын бир канчасы экспроприацияланган. Жергиликтүү эл жана келгиндер арасында жер менен сууну пайдаланууда теңдик орноп, реформа антиколониялдык мүнөздө болгон. Экинчи этап антифеодалдык жана антикапиталдык мүнөздө болгон. Анда бай-манаптарды жоюп, кулактардан ашыкча жерлерди алуу менен коштолгон.

Кыргызстандын агрардык маселесин изилдөөгө чоң салым кошкон авторлордун бири Д.Ж.Бактыгулов [68] болуп саналат. Автордун аталган эмгектери айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасы, коллективдүү чарбалардын пайда болушу, көчмөн кыргыздардын отурукташуу процесси көптөгөн архивдик булактардын негизинде изилдөөгө алынган.

Республиканын түштүгүндөгү жүргүзүлгөн жер-суу реформасынын жүрүшү, анын натыйжалары Д.М.Будянскийдин [73] эмгегинде чагылдырылган. Автор конкреттүү тарыхый фактыларга таянуу менен түштүк райондордо жүргүзүлгөн агрардык реформанын жүрүшүн изилдеп, кедей, батрак чарбаларынын социалдык жактан өзгөрүү процессине токтолуп кеткен. Жер-суу реформасы феодалдык жерге болгон ээликти жоюу менен дыйкандарга жер бөлүштүрүү маселесин чечкендигин белгилейт. Ал реформанын натыйжасында патриархалдык-феодалдык мамилелер жана айыл-чарбасын өнүктүрүүгө тоскоолдуктар жоюлуп, айыл-чарбасын коллективдештирүүгө жол ачылган деген жыйынтык чыгарган [73,с.24-25]. Бирок, автордун пикиринде реформа жер маселесин толук чечкен эмес, дыйкандардын 75 пайызы гана жер үлүшүнө ээ болгондугун баса белгилеп кеткен. Ошого карабастан агрардык реформа айылдардын, кыштактардын социалдык структурасында таптык дифференциянын жүрүшүнө өбөлгө түзгөн. Кедей жана батрак дыйкан чарбалары кыскаруу менен эзүүчү

чарбалар жоюула баштаган. Жерге, айыл чарба шаймандарына ээ болуу менен 18000ге жакын кедей жана чайрикерлер орто чарбаларга айланышып, майда товар өндүрүүчүлөргө айланышкандыгын белгилейт. Автордун берген маалыматы боюнча реформанын натыйжасында пахта айдалуучу жерлердин аянты өскөн. 1925-1928-жылдары пахта жеринин аянты 52,2 пайызга өскөн. Республика боюнча айдоо жерлеринин да аянты көбөйгөн. Мисалы, 1913-жылы 639,7 миң гектар[1] болсо бул көрсөткүч 1928-жылы 673,9 миң гектарга чейин жеткен [73,с.150].

Совет мезгилиндеги жарык көргөн эмгектердин негизги бөлүгүндө реформанын өзөгү кулактарга каршы багытталганы белгиленет. Ушундай маңызда жазган эмгектерге О.М.Мусабекованын эмгегин кошууга болот [148]. Ал реформанын жыйынтыгында аймактагы саясий жана экономикалык маселелер чечилгенин жазат. Ушуга эле үндөш пикирди Н.И.Батманова [70] өз эмгегинде баса белгилеп кеткен. Автор өзүнүн эмгегинде жер-суу реформасы өлкөдө колонизатордук мамилени жойгон деп эсептеген. Натыйжада коллективдештирүүнүн өнүгүшүнө жол ачылган. Өзгөчө түштүк Кыргызстанда реформанын негизинде колхоздор пайда болгонун жазат.

Партиянын региондордо совет бийлигин бекемдөө максатында жүргүзгөн иш-чаралары Б.Чокушовдун [135] эмгегинде чагылдырылган. Изилдөөчү совет өкмөтүнүн жана партиянын айыл-чарбаны социалдык кайра курууда жасаган маанилүү саясатынын бири жер-суу реформасы деп атаган. Автор ал мезгилдеги авторлордон айырмаланып реформанын оң натыйжалары менен бирге мүчүлүштүктөрүн белгилеп кеткен. Алсак, Жалал-Абад областында шашылыш түрдө калктын 90 пайызы 127 артелге киргизилгенин жазган [135,с.48]. Бирок автор советтик идеологиянын таасиринен алыс чыга алган эмес. Бай-манаптар карапайым калкты эзүүчү

[11] Гектар-10.000 чарчы метрге барабар келген жер аянтынын өлчөмү

жана реформага каршы чыккан катмар катары баалаган. Андыктан “Кыргыз байлары орус кулактар менен биргеликте совет бийлигинин жана коммунисттик партиянын экономикалык саясатына жана чарбалык иш-аракетине каршы күрөшкөн» - деп жазган [135,с.97].

Бул мезгилде жер-суу реформасына кайрылган изилдөөчүлөрдүн бири А.Волчанский [77] болгон. Автордун «Влияние земельно-водной реформы 1927-1928 гг. в Киргизии на развитие классового самосознания дехкан» - аттуу макаласында реформадан кийин айыл-кыштакта абал кескин өзгөргөнүнө токтолгон. Дыйкандар көз карандысыздыкка ээ болуп, өз алдынча иш алып барышкан. Автор жер-суу реформасынын эң негизги жыйынтыгы бул-байлар жана манаптар өз кызыкчылыгы үчүн тутанткан уруулар арасындагы күрөштүн жоюулушу деп эсептейт.

Дал ушул жылдары изилдөөчүлөр совет өкмөтүнүн агрардык саясатын бай-манаптарды алсыратып, дыйкандарды таптык жана колониялык үстөмдүктөн коргогон антиколониялдык иш-чара катары баалашкан. Мисалы; казакстандык изилдөөчү Р.Т.Елеуова [145] өзүнүн изилдөөсүндө жер-суу реформасын экономикалык багыттан анализдеп, бай-манаптардын мал-мүлкүн конфискациялоо менен жер-суу реформасы революциялык-демократиялык мүнөздү камтыганын белгилеген [145,с.16].

Бул жылдары «Кошчу» союзунун 20-жылдардагы ишмердүүлүгүнө Ю.В.Подкуйко [117] кайрылган. Изилдөөчү уюм маданий-агартуу иштерин уюштуруу жана өркүндөтүү, калк арасында сабатсыздыкты жоюу боюнча зор иштерди жасаганын белгилеп өткөн. Автордун оюу боюнча «Кошчу» союзунун Кыргызстандын түштүк аймагындагы иш-аракети революциялык жана улуттар аралык багытта болгон [117, с.31-42].

Советтик доордогу изилдөөлөргө анализ берип жатып төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

- 1920-30-жылдын орто ченindеги изилдөөлөргө коммунисттик партиянын көрүнүктүү өкүлдөрү, мамлекеттик ишмерлер да тартылган. Алар реформанын жүрүшүндө процесске түздөн-түз катышышкан. Андыктан, алардын маалыматтары көптөгөн фактылык материалдарды, жекече байкоолорду камтыганы менен баалуу болуп эсептелинет.

- 20-50-жылдар аралыгында Кыргызстандын агрардык маселесин чагылдырган саналуу гана эмгектер жарык көргөн. Алардын катарына В.И.Буров-Петров, П.Кушнер, А.Фатьянов, П.Погорельский, В.Батраков, М.Г.Сахаров, М.С.Кивмандын эмгектерин атоого болот. Аталган эмгектер кыргыздардын коомдук түзүлүшүн, көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларындагы отрукташуу процессинин жүрүшү, тоолуу райондордогу экономикалык абал, жерге карата болгон мамиленин өрчүшү, бай-манап, кулактарга карата жүргүзүлгөн саясат, маданий тармактагы өзгөрүүлөр сыяктуу түрдүү темаларды сүрөттөшкөн. Аталган авторлордун эмгектериндеги көз караштарга баа берип жатып, негизги жыйнтыктары төмөнкүдөй багытта болгондугун белгилеп кетүү керек:

- Реформаны чагылдырган илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары партиянын жүргүзүп жаткан саясатына шайкеш келүүсү керек болгон. Андыктан реформага каршы чыккандар “эски патриархалдык-феодалдык калдык” катары саналган.

- Изилдөөчүлөр бийликтин реформага байланышкан иш-аракеттерин жумшаган күчүн ачып берүүгө аракет кылышкан. Көпчүлүгү реформанын оң натыйжаларына басым коюшса, айрымдары тарыхый фактыларды туура чагылдырышып, реформанын кесепеттерин да белгилешкен.

## 1.2. Жер-суу реформасынын постсоветтик тарыхнаамада изилдениши

1991-жылдан баштап кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында жаңы барак ачылды. 31-августта Кыргызстан өзүн эгемен мамлекет деп жарыялады

жана коомдук турмуштун бардык чөйрөсүн реформалоо этабы башталды. КПССтин мурдагы тоталитардык-авторитардык режими авторитардык-демократиялык режим менен алмаштырылды. Демократиялык башкаруу принциптери киргизилип, жалпы элдик (мамлекеттик) деп аталган менчиктин ордуна жеке менчикке артыкчылык берилүү менен менчиктин ар түрдүү формалары киргизилди. Коммунисттик идеология либералдык идеологияга жол берип, жамааттык аң-сезим жекече индивидуалдуулук менен четке сүрүлдү [54]. Жеке эле тарых илиминде эмес башка илим тармактарында бир өңчөй көйгөйлөр ачыкка чыга баштады. Бир тараптуу, схематикалык жана тенденциялык жактан каралган маселелер талданды. Белгилүү себептерден улам, советтик тарыхнаамада көптөгөн жабык бойдон калган сюжеттер демократиялык көз караш менен карала баштады. Кыргыз тарыхнаамасында гана эмес Орто Азия тарыхнаамасында 1920-30-жылдардагы кайра куруу, өзгөчө агрардык реформаларды изилдөө, ал процесстерге жаңыча баа берүү аракеттери жасала баштады.

Кыргызстандын постсоветтик доорундагы тарыхнаамасында Кыргызстандын 20-30-жылдардагы агрардык саясатына карата илимий монографиялар, кандидаттык диссертациялар, кызыктуу илимий макалалар жарык көргөн. Алардын катарына Е.И.Хелимский, Ж.Джунушалиев, Дж.Бактыгулов, Нур уулу Досбол, Ж.С.Бөтөнөев, Ч.Р.Айнекенова, Ш.А.Дыйканова, М.О.Зайцев, С.А.Арстанов, А.К.Апышева ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектерин кошууга болот. Аталган авторлордун эмгектеринде отурукташтыруу, коллективтештирүү, жер-суу реформасы, бай-манаптарды тап катары жоюу масеселери изилденип, аларга жаңыча көз караште баа берүүгө аракеттер жасалган.

Постсоветтик тарыхнаамада айрым советтик-партиялык ишмерлердин эмгектери басылып чыккан. Алсак, көрүнүктүү советтик-партиялык ишмер

Т.Р.Рыскуловдун [120] очерктери кайрадан басылып, чыгармалар жыйнагынын экинчи томуна 1923-1929-жылдары чыккан макалалары кирип, алардын эң алгачкысы "Жети-Суу маселелери" болуп саналат. 1920-жылдардын башындагы Жети-Суудагы коомдук мамилелердеги карама-каршылыктарды талдоого алып, региондун техникалык, экономикалык жана маданий жактан артта калганын ачык көрсөткөн. Т.Р.Рыскулов жер-суу реформасы маселесине кайрылып, реформанын саясий жетишкендиги катары төмөнкүлөрдү эсептеген. Реформа Жети-Сууда саясий багыттан алып караганда чоң өзгөрүүлөргө алып келген. Анткени совет бийлиги орногондон кийин да уланып келген келгин кулактардын кыргыздарга болгон эзүүсү токтогон. Саясий теңдик орногон. Кулактар бийликке баш ийүүгө мажбур болушкан. Автордун оюу боюнча реформа экономикалык жактан жогорку көрсөткүчкө жеткен эмес. Жаңы экономикалык саясаттын киргизилиши менен реформанын биринчи белгилеген пландары ишке ашпай калган [120,с.11]. Ал кулактардан, туземдик байлардан алынган жерлер аз санда болгонун белгилеп кеткен.

Белгилүү окумуштуу Дж.Бактыгулов тарабынан агрардык маселенин тарыхын мүнөздөгөн кызыктуу илимий макалалар жарык көргөн [67,43]. Автор акыркы эмгектеринин биринде Кыргызстанда агрардык маселени чечүү 1917-1928-жылга чейинки мезгилди камтып, 4 этапка бөлүп кароону сунуштаган: **1**-этап 1917-жылдын аягынан 1920-жылга чейин; **2**-этап 1921-1922-жылдар; **3**-этап 1923-1926-жылдар; **4**-этап 1927-1928-жылдар [68,с.27]. Илимпоз ар бир этапка мүнөздүү жагдайларды белгилеп өткөн:

Кызыктуу изилдөөлөрдүн катарына Е.И.Хелимскийдин [134] эмгегин кошууга болот. Автор 1921-1922-жылдардагы жер-суу реформасы падышалык бийликтин колониялдык саясатынын калдыктарын жоюп, келгиндер менен жергиликтүү калктын укугун теңдөөгө арналса, 1927-1928-

жылдардагы реформа айыл жергесиндеги социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү ишке ашырган деген пикирди калтырган.

20-30-жылдардагы социалдык-экономикалык реформалардын жүрүшү жана натыйжалары Ж.Джунушалиевдин [86] монографиясында чагылдырыган. Илимий монография 20-30-жылдардагы өлкөдөгү саясий, социалдык жана экономикалык реформалардын жүрүшү жана кесепеттерин изилдөөгө багытталган. Ал жер-суу реформасы отурукташууга толук шарт түзгөн эмес деп белгилейт. Бирок автор келтирген маалыматтарда түндүк аймактагы жер-суу реформасынын  натыйжаларына гана токтолгон.

Изденүүчү Ж.С.Бөтөнөев болсо илимий макаласында [72] совет бийлигинин аталган жылдардагы саясатын жалпы калктын көпчүлүк пайызын түзгөн кедей-кембагалдарга, жарды үй-бүлөлөргө жагынып, алардын колдоосуна ээ болуу менен өздөрүнүн максаттарын ишке ашырып, бийлигин сактап калуу аракети катары баалаган. Ал эми 1927-1928-жылдардагы жүргүзүлгөн жер-суу реформасын антиэлиталык депортациялардын биринчи этабы болгон деп эсептейт. Совет бийлигинин акыйкатсыз, күч колдонуу менен жүргүзүлгөн антиэлиталык депортациянын натыйжасында 20-30-жылдары Кыргызстандын алдыңкы элитасы эсептелген байлар, бийлер, манаптар, казылар, молдолор, ири соодагерлер өлкөдөн чыгарылганын белгилейт. Иликтөөнүн жыйынтыгында автор, изденүүчү депортацияланган же мүлкү конфискацияланган катмарларды «калктын каймактары» деп атаган [72.,46-55-б.]. Каймактар деп аталган катмар, чындыгында, дыйкандардын жумушчу күчүн арзан баалаган, билимдүүсү жана билимсизи административдик орундарда отурган, өз кызыкчылыгы үчүн жер-сууну арбын ээлегендер болгон. Алар азыркы күндөгү мыйзамсыз байыган атка минерлердин эски прототиби. Андыктан жаңы көз караш менен кароо деп,  айрым маселелерди туура эмес чечмелеген.

Тарых илимдеринин доктору, коомдук ишмер Нур уулу Досбол Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийинки жүргүзүлгөн иш-чаралар, колхоздоштуруу жана көчмөндөрдү отурукташтыруу, ошондой эле жер-суу реформасынын ишке ашырылышы, аны жүргүзүүдөгү ийгиликтер, ошону менен бирге кемчиликтер тууралуу кыскача белгилеп кеткен [110,64-69-б]. Илимпоз реформанын жүрүшүндө кетирилген катачылыктарга токтолгон. Макалада реформа шашылыш жүргүзүлгөндүктөн, жердин эсеби толук такталган эмес. Мындан тышкары, жерсиз, жери аз дыйкандардын эсеби да такталбаган. Өз алдынча түзүлгөн орус кыштактары толугу менен жоюлуп, алардын ордуна кыргыз айылдары жайгаштырылган учурлар көп болгон. Бул учурда айрым дыйкандардын кызыкчылыктары эске алынган эмес. Бир катар орто чарбалар бай жана кулак чарбасы катары жоюлуга дуушар болгондугу белгиленет. Автордун пикирине кошулууга болот, анткени тарыхый булактар аталган фактылардын орун алгандыгын тастыктап турат.

Ал эми Ч.Р.Айнекенова өзүнүн монографиясында реформанын жүрүшүндө жер фондуна ири кулактардын жана манаптарды конфискациялоодон 3,4 миң теше[2] гана жер түшкөнүн белгилейт. Анын оюу боюнча 1921-1922-жылдары жер-суу реформасынын эпкини байларга тийген эмес. Тескерисинче, реформа учурунда бай катмар өзүнүн жерлерин (мал, айыл чарба шаймандарын) сактап калышкан. Ал гана эмес алар мамлекеттин эсебинен жер аянттарын көбөйткөнгө жетишкен. Жер декретин тезинен жана толугу менен жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берген эмес деген жыйынтыкка келген [59]. Изилдөөчүнүн Кыргызстанда жерди кайра уюштурууга байланыштуу иш-чаралар борбордогудай натыйжалуу болгон эмес. Биринчи этапта колониялык администрациянын чарбаларын экспроприациялоо гана жүргүзүлгөн - деген пикирине кошулабыз.

---

[2] Теше -жер аянтынын 1,09 гектарга барабар келген чени.

М.О.Зайцевдин изилдөөсүндө совет мезгилине чейин жана совет мезгилиндеги Кыргызстандагы жер мамилелерине тарыхый жана укуктук талдоо жасалган [146]. Изилдөөчү 1921-1922-жылдардагы жер-суу реформасы падышалык саясаттын кесепеттерин жоюуга жана кыргыз-орус калкы арасындагы жерди пайдалануу укугун теңдөө багытталганын эмгегинде далилдейт. Анын оюу боюнча реформанын саясий максатынын бири кедейлердин бай-манаптарга каршы революциялык күрөшүн жогорулатуу болгон. Изилдөөчү Ш.А.Дыйканова «1917-24-жылдардагы Түркстандагы агрардык саясат (Фергана өрөөнүнүн материалдарынын негизинде)» [144] деген аталышта илимий эмгегин коргогон. Эмгекте жергиликтүү жана кошуна Өзбекстандын мамлекеттик архивинин материалдары колдонулуп, изилдөө колдонулган булактардын арбындуулугу менен өзгөчөлөнөт. Ал Түркстандагы, анын ичинде кыргыз райондорунда «Жер жөнүндөгү» декретти ишке ашыруу агрардык революция мүнөзүнө ээ боло алган эмес деп белгилеген. Аны турмушка ашырууга жергиликтүү калктын совет бийлигине карата наразычылыгынын курчушу, жарандык согуш, элдин экономикалык укладындагы жана чарба жүргүзүү маданиятындагы өзгөчөлүктөрү тоскоолдук кылган деп эсептеген. Автордун эмгегинин өзгөчөлүгү, жаңы архивдик материалдарды илимий айлампага киргизип, аларга терең анализ бергендигинде болуп саналат.

Совет бийлигинин 1920-30-жылдардагы Кыргызстандагы агрардык саясатынын ишке ашырылышы, натыйжалары жана кесепеттерин окумуштуу С.А.Арстанов [140] изилдеп, изилдөөсүндө төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген. 1920-жылдардагы жер-суу реформасы салыштырмалуу, прогрессивдүү мүнөзгө ээ болуп, анын натыйжасында кыргыз айылдарында жерге жана сууга болгон жамааттар аралык талаш-тартыштар жоюлуп, токой, жайыт жана атайын максаттагы жер фондусунун чек аралары такталган.

Жерди пайдаланууда теңсиздиктер жоюлган. Бул реформа падышалык бийликтин колониялдык саясатынын калдыктарын жоюуга болгон алгачкы кадам эле. Аны менен катар изилдөөчү реформанын терс жыйынтыктарын да белгилеген. Реформанын терс жыйынтыктары катары кулактардын сүргүнгө айдалганын белгилеген [140.,164-б.].

Кыргызстандагы агрардык реформалардын натыйжаларын социалдык-экономикалык багыттан анализ берилген изилдөөлөргө Ж.С.Жаилов, Л.А.Мардалиева, К.А.Эргешовдун [84] биргелешип жазган макаласын атоого болот. Макалада жер-суу реформасынын жана коллективдештирүүнүн өзгөчөлүктөрүнө анын натыйжаларына баа берилип, жер-суу реформасынын өзөгү катары жерди улутташтыруу жана майда дыйкан чарбаларын коллективдештирүү болгондугун баса белшилешкен. Ушул эки багыт жергиликтүү калкты отурукташкан жашоо образына, чарбаны башкаруунун социалисттик формаларына жана заманбап айылдык калктуу конуштарды түзүүгө алып келгенин көрсөтүшкөн.

20-30-жж. агрардык маселеге карата Борбордук Азиядагы илимпоздордун да кызыктуу изилдөөлөрү жарык көргөн. Совет бийлигинин агрардык саясатын казакстандык изилдөөчүлөр Ж.К. Крыкбаев [101], А.П. Козлов [98], өзбек тарыхчылары М.Э.Аскаров [64], Р.Р. Шамситдинов [154], Н.Г. Озерова [149], И.К. Эшчанова [156], тажикистандык тарыхчылар Ф.М. Хамидов [152], Н. Набиев [108], түркмөнстандык М. Ражапов [151] ж.б. изилдешкен.

Казакстандык изилдөөчү Ж.Крыкбаев социалисттик кайра куруулар татаал коомдук-саясий жана экономикалык шартта жүргүзүлгөнүн жазат. Реформага каршы, кулактар айылдардын бай элитасы менен биригишкен. Ошол эле учурда кулактар жаңы келгиндер менен жергиликтүү калктын ортосунда улуттар аралык кастыкты козутууну көздөп, күчөтүлгөн шовинисттик пропаганда башталганын белгилейт. Ошого карабастан, 1922-

жылдын ортосуна чейин жер-суу реформасы өз максатына жетип, бүтүндөй Борбордук Азияда жер-суу мамилелерин системалуу түрдө өзгөртүүнүн жаңы этабы башталганын жазган [101,с.68-69]. Ал эми А.П.Козлов болсо 1920-жылдардагы агрардык саясат большевиктердин доктриналык идеяларына туура келген эмес жана узак мөөнөткө иштелип чыккан эмес, бирок тактикалык маселелерди чечүүдө курал катары колдонулган деген пикирди белгилеген.

Өзбекстандык изилдөөчү М.Э.Аскаров реформанын максаты: жакыр дыйкан чарбаларын камсыз кылуу жана алардын экономикалык абалын жакшыртуу эмес. Анын башкы максаты, биринчи кезекте, социалисттик коомдук системанын; материалдык негизи болгон айыл жеринде жамааттык башкаруунун формаларын өнүктүрүү болгон деп туура баалаган [64,с.34-39].

Ал эми Р.Р.Шамситдинов болсо, изилдөөсүнүн жыйынтыгында реформа жерсиз жана чайрикерлерди толугу менен жер менен камсыз кылбаганын, реформа областтын ар кайсы райондорунда бирдей эмес, ар кандай жүргүзүлгөн деген тыянак чыгарган [154,с.21].

Жер-суу реформасы жана Түркстандагы дыйкандардын абалы тууралуу Г.Озерова [149] өзүнүн изилдөө ишинде чагылдырат. Изилдөөчү 1921-1922-жылдардагы реформа жана кийинки жерге жайгаштыруу иш-аракеттери эки ача натыйжаларды алып келгенин жазат. Анын пикири боюнча реформанын жыйынтыгында кандайдыр бир деңгээлде жер маселеси чечилип, келгин жана түпкүлүктүү калктын жер-сууга болгон укуктарын теңдөөгө мүмкүн болду. Жерсиз жана жери аз топтордун өкүлдөрү жерге ээ болушту. Натыйжада, белгилүү бир даражада совет бийлигинин калктын кедей катмарында абройу көтөрүлдү. Ошол эле учурда реформа таптык тирешүү болуп турган айылдардагы саясий кырдаалды кескин курчутуп жиберген, деген пикирди белгилеген.

Агрардык саясаттын саясий жыйынтыктары менен бирге экономикалык жана социалдык натыйжалары боюнча маалыматты И.К.Эшчанованын [156] изилдөөсүнөн билүүгө болот. Анда бай чарбалардын жерлеринин баасы эсептелбей, күч менен тартылып алынганы жазылат. Автор буга бир канча мисалдарды келтирген. Мындан сырткары совет бийлигинин саясатынан улам Түркстанда он миңдеген адамдар, байлардын тизмесине кирип, алардын тагдыры чыныгы трагедияга айланганына токтолот. Изилдөөчү мындан сырткары реформанын жүрүшү, анын социалдык-экономикалык натыйжалары сыяктуу орчундуу маселелердин изилденүү деңгээлине баа берген.

Тажикстандын окумуштуулары да бул проблеманы жаңы көз караш менен караган эмгектерин жарыялаган. Реформанын жыйынтыктары дыйкандардын муктаждыктарын толук канааттандырбагандыгын Н.Набиев [108] изилдөөсүндө белгилеген. Изилдөөчү жер-суу реформасын жүргүзүү олуттуу каталар жана чыгымдар менен коштолгон, ошону менен бирге эски жер мамилелерин бузуунун маанилүү этабы болгон деп жыйынтык чыгарган.

Жер-суу реформасы маселесине бир топ чет элдик изилдөөчүлөр кайрылган. Алардын ичинен Benjamin H. Loring [48]. Изилдөөчү 1920-жылдардын орто ченindеги жер-суу реформасы бай катмар жана диний мекемелерден жерди ажыратып, менчик балансын тең салмактуу кылууга багытталганын жазат, реформа жамааттын тилектештигине доо кетиргени менен, мурунку экономикалык механизмдердин ордуна кооперативдик айыл чарбасына жетиштүү негиз түзө алган жок деп эсептеген. Анын пикири боюнча, көптөгөн дыйкандардын абалы реформага чейинки жашоосунан алда канча начарлап кеткен. Алардын жеринин аянты көбөйгөнү менен жерди иштетүүчү каражаттар-шаймандар, жумушчу мал жана техникалык

аппараттар жетишсиз болчу. Ошентип жер натыйжалуу пайдаланылбай калган.

Революцияга чейинки Түркстандын тарыхын изилдеген Beatrice Penatiнин [47] оюу боюнча жер реформасы мурунку көчүрүлгөн райондорду деколонизациялаган. Ал эми 1925-1927-жылдардагы жер реформасы пахтаны жыйноочу механизмдерди калыбына келтирүү менен Борбордук Азиянын түштүгүндөгү жерсиздикти кыскартууга багытталганын жазат.

Постсоветтик доордун тарыхнаамасына анализ берүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

- 20-30-жылдары аргардык тармактагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшү, натыйжалары Борбордук Азиядагы окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынып, авторлор советтик доордогу идеологиялык көрсөтмөнүн таасири астында изилденбей калган, актуалдуу маселелерге жаны тарыхый көз караштa баа берүү аракетин жасашкан.
- Постсоветтик Кыргызстандын тарыхнаамасында жер-суу реформасын изилдөөгө карата атайын илимий эмгек жарыяланбагандыгына карабастан, окумуштуулар Дж.Бактыгулов, Дж.Жунушалиев, Ч.Р.Айнекенова, Е.И.Хелимскийлер тарабынан жер-суу реформасы боюнча баалуу сунуштар, жаңы көз караштар жазылган.
- Агрардык тармактагы отурукташуу процессинин жүрүшү, коллективтештирүү маселелери жаш окумуштуулар С.А.Арстанов[140], Ж.С.Бөтөнөев[141], Ш.А.Дыйканова[144], М.О.Зайцев[146] ж.б. кандидаттык диссертациялык изилдөөлөрүндө камтылган. Жер-суу реформасы өз алдынча каралбаса дагы, жалпы реформанын натыйжалары туурасында эмгектерде баа берилген.
- Советтик жана постсоветтик доордогу жер-суу реформасын изилдөөгө арналаган тарыхнаамалык анализ көрсөткөндөй тарыхнаамада реформаны

П.И.Ухванов «Земельно-водная реформа в Киргизии» (Фрунзе.-1957), Д.М.Будянский «Земльно-водная реформа в южной Киргизии». (Фрунзе,1969), аттуу өз алдынча изилдөөлөр гана жаралган. 50 жылдан ашык убакыттан бери тарыхнаамада 1921-1922 жж, 1927-1928 жж. реформалар окумуштуулар тарабынан илимий изилдөөнүн обьектисине айланган эмес. Демек, жер-суу реформасынын жүрүшүн, натыйжаларын комплекстүү изилдөө тарыхнааманын учурдагы талабы экендигин айгинелеп турат.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, ИЛИМИЙ МЕТОДДОРУ

## 2.1. Маселенин булактык базасы

Кыргызстандагы XX кылымдын башындагы жүргүзүлгөн жер-суу реформасынын тарыхын чагылдырган тарыхый булактар кеңири. Каралып жаткан маселе бир топ тарыхый булактарда чагылдырылган. Ошондуктан аларды бир канча топко бөлүүгө болот:

1) Архивдик материалдар;

2) мыйзам актылары, жер-суу реформасы боюнча кабыл алынган жоболор, отчеттор, статистикалык отчеттор; рапорттор, билдирүүлөр, көрсөтмөлөр, каттар, телеграммалар;

3) мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган материалдар;

Биринчи топтогу архивдик материалдардын негизин Кыргыз Республикасынын борбордук мамлекеттик архиви – (КР БМА), Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер архивиндеги – (БМКСД) жана Россиянын Мамлекеттик коомдук жана социалдык-саясий тарых архивинен алып келинген материалдар түздү. Белгилей кетчү көрүнүш Россиядан алынып келинген документтер «Коллекция документов по пограничным

вопросам Кыргызстана с Узбекстаном архиве в социально-политической истории»
( РГАСПИ-ф.62, оп.2) деген ат менен Республиканын борбордук мамлекеттик архивинде №. 2952 фонд менен катталган (ф.2952, оп.1). Маселен, «Докладная записка т. Сахата Мурадова в СредАзБюро о поездке в Узбекистан и Киргизию (Андижанский округ, Джалал-Абадский и Ошский кантоны) для разбора конфликта по земреформе»аттуу делодон түштүк кантондор боюнча кызыктуу документерди кездештирүүгө болот.

Жалпысынан алганда Кыргыз Республикасынын борбордук мамлекеттик архивинин 2952-фондунун, 1 описинде  жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча кабыл алынган декреттер, токтомдор, отчеттор, стенограммалар, билдирүүлөр орун алган. Алсак, алардын катарына төмөнкүдөй аталыштагы документтерди кошууга болот: “Декрет ЦИК и СНК Кирг. АССР о проведении в 1927-1928 гг. земельной реформы в Ошской и Джалал-Абадской кантонах” (ф.2952,оп.1,д.59.); «Записка ВКП (б) Джалал-Абадского окружкома КАО в Секретариат СредАзБюро ЦК ВКП (б) о подготовке земельной реформы в южной части Кирг. Республики (Айтматов)» (ф.2952,оп.1,д.63; “Протокол совещания по вопросу проведения зем.реформы в Кирг. АССР”(ф.2952, оп.1,д.40.); “Стенограмма расширенного заседания Центральной земельной комиссии правительства Кирг. АССР совместно с активом ВКП (б) Ошского кантона. Речь Уполномоченного ОГПУ в Средней Азии т.Орехова”(ф.2952, оп.1,д.64.) ж.б..; Аталган фонддогу материалдардан реформаны жүргүзүүнүн мамлекеттик саясаты, талаптары, Жалал-Абад, Ош кантонундагы реформага карата даярдык иштер боюнча материалдар чагылдырылган.

Маселен, түштүк региондогу реформанын жүргүзүү өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтар “Декрет ЦИК и СНК Кирг. АССР о проведении в

1927-1928гг. Земельной реформы в Ошской и Джалал-Абадской кантонах" деп аталган 2952-фондунан кызыктуу документтер кездешет. Эске салсак, 1927-жылы 12-ноябрда Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитети жана Эл комиссарлар кеңеши Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө декрет кабыл алган. Декретке жараша мамлекеттик фондго төмөнкү категориядагы жерлерди алуу каралган.

- Сугат жеринин аянты 32 гектардан ашкан бай чарбалардын бардык жерлери, үй жандыктары жана шаймандары;
- аянты 75 гектардан ашкан кайрак жерлер;
- айылда жашабаган өзү же үй-бүлө мүчөлөрүнүн күчү менен жер иштетпеген адамдарга таандык бардык чарбалар;
- кыштакта жашаган, бирок өзү же үй-бүлө мүчөсү тарабынан жер иштетпеген, кошумча соода булагы болгон чарбалардын жерлери;
- революция жана басмачылык кыймылдан кийин СССРдин аймагынан чыгып жана кайрылып келбеген жарандардын жерлери;
- район үчүн белгиленген нормадан ашык алган дыйкандардын жерлери фондго өткөрүлүп берилген [13,ф.2952,оп.1, д.59.];

Реформага байланышкан кызыктуу материалдар Кыргыз Республикасынын борбордук мамлекеттик архивинин 847-фондунун 1-описинен төмөнкүдөй аталыштагы документтерди кездештирүүгө болот:

1. "Отчеты о полевых и камеральных работах Пишпекской поземельно устроительной партии за 1923-1924 годы. Планы работ и сметы расходов по землеустройству на 1924-1925 годы" (ф.847,оп.1,ед.хр.9.); 2. "Отчеты о полевых и камеральных работах проведеннных Пишпеккой окружной поземельно-устроительной партией КАО за 1924-1927 годы. Запроектировано и предьявлено населению земельных наделов в кочевых и полукочевых районах» (ф.847,оп.1,ед.хр.8.); 3. "Материалы о состоянии

земельно-устроительных работ КАО”(ф.847,оп.1,ед.хр.12.) 3. “Отчеты о полевых и камеральных работах проведеннных Пишпеккой окружной поземельно-устроительной партией КАО за 1924-1927 годы. Запроектировано и предьявлено населению земельных наделов в кочевых и полукочевых районах» (ф.847,оп.1,ед.хр.8.); 4. «Постановление земкома ТуркЦика, землеустройства населения, переселение и устройство беженцев по финансому вопросу. Журнальные постановления особой комиссии по землеустройству». (ф.847,оп.1,ед.хр.1.) Жогорудагы архивдик 847 фонддун, 1-описинен калкты жерге орноштуруу, жер тилкелерин дыйкандарга бөлүп берүү, жер комиссиясы тарабынан жүргүзүлгөн ж.б. иштер боюнча тийиштүү материалдар чагылдырылган.

«Кошчу» союзунун ишмердүүлүгү жөнүндө көптөгөн маалыматтар архивдин 721-фондунда (ф.721,оп.1,д.89) жана 20-фондунда (ф.20, оп.1, ед.хр.327), “Устав союза Кошчи. Положение союза Кошчи” деген аталыштагы документтерде «Кошчу» союзунун 1923-жылдардагы Кыргызстандын аймактарындагы ячейкаларынын да болуштуктардагы кантондоруна таандык документтер бар.

Жер-Суу реформасын чагылдырган архивдик документтерди Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер архивинин 10-фондунан (ф.10,оп.1), 721-фондунан, (ф.721, оп.1) төмөнкүдөй аталыштагы делолордогу материалдар колдонулду:

1. «Протоколы заседаний секретариата”; 2. “Доклад Буранинского волостного комитета союза Кошчи Султанбаева. Доклад Буранинского волостного комитета. Доклад Велеводского комитета”; 3. “Протоколы центральной земельной комиссии № 1-7 доклады, информации, сводки, докладные записки и переписка с кантонными земкомиссиями о подготовке земельной работе к земреформе по Киргизской АССР”; 4. “Стенограммы

заседаний центральной земельной комиссии совместно с активом ВКП (б) Ошского и Джалал-Абадского кантонов, доклады, информации сводки и переписка о подготовительной работе к земреформе в Киргизской АССР" ж.б. Аталган архивдик булактардан Борбордук жер комиссиянын токтомдору, Борбордук, кантондук жана болуштук жер комиссиянын стенограммалары, насыяларды алуу боюнча, даярдык-изилдөө иштери жөнүндө сводкалар, жергиликтүү партиянын жана советтик органдардын же жалпы союздук конференциялардын жана дыйкандардын реформаны өткөрүүнү талап кылган резолюциялар сүрөттөлгөн. Диссертациялык эмгектин «Колдонулган адабияттар» бөлүгүндө колдонулган архивдик материалдардын толук тизмеси берилди.

Экинчи топтогу тарыхый булактарга жер-суу реформасы боюнча жарык көргөн жыйнактарды атоого болот. К.К.Каракеевдин редакторлугу алдында «Первые социалистические преобразования в Киргизии» [3] деген аталыштагы жыйнак жарык көргөн. Жыйнакта өлкөнүн өнөр жай, экономика жана агрардык багытына тиешелүү циркуляр, протокол, телеграмма, жоболор мыйзам актылары, отчеттор, рапорттор, билдирүүлөр, көрсөтмөлөр, каттар, телеграммалар орун алган. Аталган жыйнактан жер-суу реформасына тиешелүү материалдарды да табууга болот. Ал эми Кыргызстандын түштүк аймагындагы жер-суу реформасынын жүрүшү «Итоги земельно-водной реформы в южных кантонах Киргизии» [94] -аттуу статистикалык жыйнакта сүрөттөлгөн. Бул жыйнак Кыргыз АССРнин Борбордук аткаруу комитетинин алдында жер реформасы боюнча комиссиясы тарабынан даярдалган. Статистикалык отчетто маалыматтардан сырткары, аймактардын жерди сатуу жана ижарага берүү мамилелери, жерге жайгаштыруу иштери, калктын айыл-чарба шаймандары менен камсыз болуусу, жаңы сугатка айландырылган жерлер сыяктуу маалыматтар камтылган. Алсак, отчетто

көрсөтүлгөндөй түштүк аймак боюнча жер фонду төмөнкү категориялардан турган:

1. Таблица 2.1. Түштүк аймак боюнча жер фондунун категориялары [94,с.26].

| Категориялардын аталышы | Сугат жерлери гектар менен | Кайрак жерлер гектар менен | Бардык жерлер гектар менен | Сугатка өткөрүлгөн бардык жерлер гектар менен |
|---|---|---|---|---|
| Бай-манап, ири соодагерлер, малчылардан алынган жерлер | 10184 | 9978 | 20162 | 15173 |
| Конфискацияланган жерлер | 15279 | 1998 | 17277 | 16273 |
| Жер ээси белгисиз деп берилген жерлер | 12473 | 416 | 12889 | 12681 |
| Вакуфтардан | 3628 | 15 | 3643 | 3635 |
| Мамлекеттик | 3685 | 4345 | 8030 | 5857 |
| ж.б. | 528 | 6079 | 6607 | 3668 |
| Жалпы | 45777 | 22831 | 68608 | 57187 |

Аталган жыйнактарда реформа өткөрүлө турган региондордун социалдык-экономикалык абалына, айыл чарбасынын өнүгүсүүнүн сапаттык көрсөткүчтөрүнө мүнөздөмө берилген.

Жер-суу реформасын сүрөттөгөн булактар тобуна коммунисттик партиянын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн, мамлекеттик ишмерлердин эскерүүлөрүн чагылдырган жыйнактарды кошууга болот. Алсак, РКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун катчысы И.Зеленскийдин [87] партиянын пленумдарында жана съезддеринде окуган докладдары, эскерүүлөрү кызыгууну туудурат. Анын эскерүүсү өз алдынча жыйнакта топтолгон. Анда айыл чарбасында кайра куруулардын өзгөчөлүктөрүн, реформанын ролун, ордун жана маанисин ачып берүүгө аракет жасалган.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында мамлекеттик-саясий ишмер Ж.Абдрахмановдун эскерүүлөрү жыйнак болуп чыккан [57]. Ж.Абдрахманов жер-суу реформасы боюнча обьективдүү пикирлерди калтырып кеткен. Ал советтик тарыхнаамада биринчилерден болуп 1916-жылы көтөрүлүшкө бай-

манаптардын жетекчилик кылуусун прогрессивдүү көрүнүш катары баалаган болчу. Бирок бул пикир учурунда партия өкүлдөрү тарабынан катуу сынга алынган. Алсак, Г.Галузо Ж.Абдрахмановду «жергиликтүү эксплуатордук катмардын кызыкчылыгын коргоочу жана капитализмдин реставратору» [78] деп айыптаган. Сындоолорго байланыштуу Ж.Абдрахманов жогоруда айтылган пикирин өзгөртүүгө мажбур болгон, мындан улам кулак маселесине этияттык менен кайрылган. Реформанын жүрүшүндө негизги бай чарбалар жоюлууга учураганын баса белгилеген. Биринчи (1921-ж.) реформанын жыйынтыгында орус келгиндери жер-сууга болгон үстөмдүк мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган. Ал эми экинчи жер реформасынын натыйжасында кыргыз бай-манаптарга сокку урулганын белгилейт. Алар реформанын жүрүшүндө процесске түздөн-түз катышышкан. И.Зеленский, Ж.Абдрахмановдордун эскерүүсүндөгү келтирген фактыларды баалуу булак катары карооого болот. Анткени, алар реформанын жүрүшүнө түздөн-түз катышкан, реформа мезгилиндеги аргардык тармак боюнча деталдуу талдоо жүргүзүшкөн инсандар катары кароого болот.

Үчүнчү топтогу тарыхый булактарга мезгилдуу басма сөз бетеринде орун алган материалдар кирет. Жер-суу реформасы боюнча иш-чаралар ошол мезгилдеги басма сөз беттеринде байма-бай чагылдырылып турган. Бул “Советская Киргизия”, “Туркестанская Правда” сыяктуу газеталар. Бул басма беттеринде жарыкка чыккан айрым макалалар элдин айыл-чарбадагы күжүрмөн эмгегин баса белгилесе, кээ бирлери жазгы талаа иштерине болгон даярдыктарга карата сындарды айтып жазышкан.

70-жылдын биринчи жарымында жер-суу реформасынын ишке ашышынын 50 жылдыгына карата публицист жана журналистердин илимий-популярдуу макалалары эскерүүлөрү жарык көрө баштаган. Алардын катарына Н.Зубаревдин [90], Д.М.Будянскийдин [74] эскерүү макалаларын

кошууга болот. Алардын негизги мазмуну партиянын жетекчилиги алдында аткарылган бул иш чара кыргыз жана орустардын ортосундагы улуттар аралык ынтымакты чыңдаган, деген позицияда жазылган макалалар болуп саналат. Ошону менен бирге Кыргызстанда социалисттик коомду курууга өбөлгө болгонун баса белгилешкен.

Демек, жыйынтыктап айтканда 1921-1922, 1927-1928-жылдары Кыргызстанда жүргүзүлгөн жер-суу реформасына карата даярдыктар, ишке ашыруу процесстери, натыйжаларын үч топтогу тарыхый булактардан тийиштүү маалыматтарды алууга болот. Тарыхый булактарды колдонууда, булактарда чагылдырылган фактылардын, өзгөчө статистикалык билдирүүлөрдүн аныктыгын тактоо максатында диссертациялык эмгекте, колдогу булактарга тарыхый-салыштырма ыкмасын колдонуу аракети жасалды.

## 2.2. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери жана изилдөө ыкмалары.

Диссертациялык эмгекти жазууда тарых илиминдеги илимий ыкмаларды жана принциптерди колдонууга аракет жасалды. Изилдөөнүн обьектисине, предметине жараша тийиштүү принциптер, тарых илиминдеги изилдөө ыкмалары тандалып алынып, изилдөө процессинде колдонулду.

**Изилдөөнүн обьектиси** XX кылымдын 20-жылдарындагы Кыргызстандагы жер-суу реформасы.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык тармагындагы негизги маселелердин бири-жер маселеси болгондугу белгилүү. Колониалдык доордон бери өкүм сүрүп келе жаткан жерге болгон жеке менчикти жоюу менен бай-манаптардын, орус кулактарынын колундагы ашыкча жер үлүштөрүн кедей дыйкан катмарларына бөлүштүрүү болгон. Кыргызстандагы түзүлгөн тарыхый кырдаалга жараша

жер-суу реформасын эки этап менен ишке ашырып, коллективдүү чарбага биригүүгө шарт түзгөн. Айыл чарбасында тоз, артель, коммуна сыяктуу коллективтик формага багытталган чарбалар түзүлө баштаган. Айыл-чарбасынын материалдык-техникалык базасын чыңдап, коллективтештирүү саясатын ишке ашыруу агрардык тармактагы кечиктирилгис чаралардын бири болгон. Совет бийлиги тарабынан агрардык маселени чечүү боюнча тийиштүү токтомдор, буйруктар кабыл алынып большевиктер партиясынын жергиликтүү уюмдары тарабынан көзөмөлдөнүп, ишке ашырыла баштаган.

Жалпы эле Түркстан АССРнин аймагында Совет бийлигинин жүргүзүп жаткан саясатына каршы жер-жерлерде улуттук маанайдагы уюмдар, партиялар, өз алдынча «автономиялуу» түрк тилдүү мамлекеттерди түзүү аракеттери да болгон. Кыргызстандагы жаралган граждандык согуш жана басмачылык кыймылдын мезгилинде жер-суу реформасын эки этап аркылуу жүргүзүү чечими кабыл алынган.

**Изилдөөнүн предмети катары.** Жер-суу реформасынын жүргүзүлүшү, өзгөчөлүктөрү, социалдык-экономикалык натыйжалары.

Диссертациялык эмгекте эки этап менен жүргүзүлгөн реформанын жүрүшү, өзгөчөлүктөрү, жыйынтыктары иликтенет. Архивдик материалдарга таянуу менен реформаны жүргүзүүдөгү натыйжаларга, кемчиликтерге тарыхый баа берүүгө аракет жасалат.

Постсоветтик доордун тарыхнаамасында тарых илиминин методолгогиясына арналып жазылган А.Дж.Тойнби [129], Л.Февр [133], К.Ясперс [139], И.Д.Ковальченко [97], О.Медушевская [107], И.И.Смоленский [124], И.Д.Парфенов [115], Г.И.Ипполитов [92], А.Г.Степанцев [127] жана башка окумуштуулардын изилдөөлөрү белгилүү. Аталган эмгектерде изилдөөчүлөр тарых илиминин методдору, принциптери боюнча теориялык-методолгогиялык концепцияларды сунушташкан. Ар

кандай тарыхый процесстерди изилдөөдө аталган окумуштуулардын эмгектериндеги сунушталган теориялар, тийиштүү методдор биздин изилдөөбүздө колдонууга негиз болду.

Белгилүү болгондой тарыхый изилдөөлөр тарых илиминдеги төмөнкү үч принципке: тарыхыйлык принциби (принцип историзма); обьективдүүлүк жана себептүүлүк (принцип причинность) принциптерине таянуу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Тарыхыйлык принциби - бардык кубулуштарды, процесстерди өнүгүү катары кароо менен алардын тарыхын изилдөө, предметтердин, кубулуштардын, жаралышынын конкреттүү-тарыхый жагын кароону, ар бир окуянын өз ара биримдигин, байланышын изилдөө талап кылынат.

Жер-суу реформасынын жаралышы жалпы эле Түркстан АССРинин (Орто Азиядагы республикалардын) аймагына таандык болуп, бул региондун XIX кылымдын экинчи жарымындагы тарыхый өнүгүүсүнөн, Россия империясынын Түркстан крайындагы жер саясатынан улам жаралган, тарыхый көрүнүш катары кароого негиз бар. Анткени Россия империясы доорунда жер маселеси чечилген эмес эле. Айрым тарыхый фактыларга токтолуп кетели. Колониалдык доордо Россия империясынан орус келгиндерин Түркстан крайына көчүрүп келүү саясатынын натыйжасында жергиликтүү калктан "ашыкча жер" деген шылтоо менен алардын жерлери тартылып алынганы белгилүү.

Ж.Абдрахмановдун маалыматына таянсак, 1916-жылы Түркстанда 941 орус кыштагы болуп, алар 1900 миң теше жерге ээ экендигин, ал крайдагы бардык иштетилген жердин 57,6 пайызын түзгөндүгүн, ар бир орус оторчусуна 3,17 теше айдоо жер туура келсе, жергиликтүү калкка 0,21 теше жер туура келгендигин белгилеген [56,с.19]. Жерге карата болгон жогорудагы теңсиздик реформаны жүргүзүү зарылдыгын жаратты.

1917-жылдагы Октябрь революциясынын жеңиши бул тарыхтагы конкреттүү - тарыхый окуя. Ал эми жер-суу реформасынын жаралышы революциянын түпкү максаты-жерге карата болгон жеке менчикти жоюу саясатынан улам жаралган тарыхый көрүнүш катары кароого болот. Белгилүү болгондой 20-жылдары Орто Азиянын бардык респубикаларында жер-суу реформасын жүргүзүүнүн тарыхый зарылдыгы жаралган.

Тарых илиминдеги изилдөөнүн негизги принциптери катары обьективдүүлүк принциби колдонулуп келет. Обьективүүлүк принциби ар кандай тарыхый окуяны, кубулушту анын жүрүшүн, натыйжаларын тарыхый фактыларга таянуу менен тандалып алынган илимий иштин обьекти анын предмети боюнча обьективдүү көрүнүштү чагылдырууга милдеттүү. Обьективтүү чагылдырууда эки-үч негизги фактор маанилүү деген ойдобуз - бул – изилдөөчүнүн профессионалдык деңгээли, тарыхый булактардагы маалыматтар жана изилдөө жүргүзүлүп жаткан мезгилдеги коомдук-саясий кырдаал. Г.М.Ипполитов [92] белгилегендей саясий конъюнктуранын таасиринен таптакыр бошонууга мүмкүн эмес. Тарых илими бардык мезгилдерде, бардык элдерде эле бир чынжырга - саясатка байланган.

1920-жылдардын аягында калыптана баштаган административдик-бюрократиялык башкаруу системасы тарых илиминин өнүгүшүнө, илимпоздордун көз караштарына өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Өзгөчө 20-жылдардагы советтик тарых илиминдеги башкы ураандардын бири партиянын жүргүзө баштаган “тап күрөшү”, ”эзүүчү таптарды тап катары жоюу” саясатын актоо болгон. Г.Ипполитов белгилегендей изилдөөчүлөрдүн көз карашына коомдук-саясий кырдаал өз таасирин тийгизбей койгон эмес**.** Алсак, жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча кабыл алынган токтомдордо, буйруктарда жергиликтүү партиялык уюмдардын кемчиликтери чагылдырылган эмес. Мисалы, 1925-жылдын 14- мартындагы ВКП(б).

БКнын Орто Азия бюросунун пленумунда жасаган И.Зеленскийдин [87,3-23] докладынан Орто Азияда жүргүзүлө турган реформанын зарылдыгы белгиленет. Ошол эле учурда көчмөн жана отурукташкан райондордогу жер-суу реформасын ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүнө токтолбостон, Орто Азиянын бардык райондорунда баштоого көрсөтмө берген. Докладдан буйрукчул саясий конъюнктуранын калыптана баштаган мүнөзүн байкоого болот.

Жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча кабыл алынган принциптер, инструкциялар географиялык-табигый өзгөчөлүктөргө карабастан бардык Түркстан АССРине кирген республикалар үчүн бирдей болгон. Демек, тарыхый булактардагы маалыматтарга анализ жүргүзүп, баа берүүдө окуянын чындыгына жетүү, аны обьективдүү чагылдыруу максатында тарыхый булактарды салыштыруу максатка ылайыктуу болот деген ойдобуз. 1920-30- жылдары Кыргызстандагы агрардык реформаны чагылдырган авторлордун дээрлик көпчүлүгү профессионалдык тарыхчылар эмес, алардын көпчүлүгү советтик-партиялык кызматкерлер болушкан. Тарыхый кырдаалга жараша алар, советтик кызмат менен илимий ишти айкалаштырып келишкен. Демек илимий ишти обьективтүү чагылдыруу үчүн жогорудагы обьективдүүлүк принцибинин талаптарына көнүл буруууга туура келди.

Тарыхый объективдүүлүк принцибиндеги таяна турган маанилүү жоболордун бири - бул окуялардын өз ара байланыштарын, мамилелерин бири-биринен ажыратып карабоо. Ар кандай окуянын жаралышынын, өнүгүшүнүн тарыхый себептери бар экендигин эске алуу. Тарыхый окуялар “себеп-натыйжа чынжыры” менен өнүгөт. Башкача айтканда кайсы бир окуя болоор алдындагы абал ошол окуянын өбөлгөсүн түзсө, окуянын жүрүшү натыйжа катары бааланып, ал эми бул натыйжа деп саналган окуя кайрадан өзүнөн кийин келчү окуянын өбөлгөсү да болуп калаары бышык. Бул

таризден алганда жер-суу реформасын жүргүзүүнүн тарыхый зарылдыгы, Кыргызстанда совет бийлиги орногондон кийинки жаралган окуя. Совет бийлиги менен Кыргызстандагы агрардык кайра өзгөртүүлөр бири-бири менен тыгыз байланышта. Социалисттик революциянын түпкү масатына жараша, 1917-жылдын 25-27-октябрында өткөн "Жумушчу жана солдат депутаттарынын II Бүткүл россиялык Советтердин съездинде" кабыл алынган алгачкы документ "Жер жөнүндөгү декрет" [44] болгон. Жерге болгон жеке менчикти жоюу, коомдук байлыкты улутташтыруу, жерсиз дыйкандарга жер бөлүп берүү социалистик революциянын негизги максаты болгон. Демек, бул жерде үч төмөнкү негизги тарыхый көрүнүштөр бири-бири менен тыгыз байланышта болгондугун белгилеп кетүү зарыл: колониалдык доордогу жер саясаты, социалисттик революциянын негизги максаты жана жер-суу реформасын жүргүзүүнүн тарыхый зарылдыгынын жаралышы. Аталган тарыхый процесстерди бири-биринен бөлүп кароогого болбойт.

Объективтүүлүк принциби талап кылган жоболорунун бири бул-тарыхты бир процесс катары кароо талабы. Коомдук өнүгүүнү бир процесс катары кароо менен тарыхый өнүгүүдө дайыма альтернативанын болгондугун белгилеп кетүү керек. Тарыхый өнүгүүдө окуялар, объективдүү, субъективдүү, закон ченемдүү, капыстан, туруктуу, убактылуу, тышкы жана ички факторлордун себептеринен, алардын жыйынтыктарынан улам жаралышы мүмкүн. Эгерде Октябрь социалисттик революциясын XX кылымдын башындагы тарыхтагы улуу социалдык бурулуш катары баалап, анын жаралышы социалдык-экономикалык себептерден улам жаралган закон ченемдүү көрүнүш катары бааласак, жер-суу реформасын революциянын негизги талаптарынан улам пайда болгон тарыхый көрүнүш катары кароого болот. Демек, реформаны жүргүзүү Кыргызстандын XIX кылымдын аягы

XX кылымдын башындагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалынын өбөлгө катары карасак, Октябрь революциясын реформаны ишке ашырууга себепчи болгон тарыхый закон ченемдүү көрүнүш катары баалого болот.

Илимий изилдөөдө тарыхый принциптерден башка тарыхый методдорду колдонуу аркылуу гана изилдөөнү объективдүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Тандалып алынган илимий теманын обьектисине, предметине жараша тарых илиминдеги бир канча илимий методдорду колдонууга болот. Белгилүү окумуштуу И.Д.Ковальченко [97] методология маселесина арналган эмгегинде тарых илиминдеги методдорго төмөнкүлөрдү кошот: тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык.

Изилдөө ишиндеги кеңири колдонулган методдордун бири бул-тарыхый-салыштырмалуулук методу болуп саналат. Жер-суу реформасы 20-жылдардагы Кыргызстандагы коомдук-саясий абалга жараша эки этап менен жүргүзүлгөн. Түндүк жана түштүк аймактардагы жүргүзүлгөн реформанын жүрүшүн, натыйжаларын, өзгөчөлүктөрүн тарыхый-салыштырып кароого болот. Мисалы, биринчи кезекте төмөнкү райондордо реформаны жүргүзүү каралган: Чүй, Талас, Ысык-Көл жана Кочкор аймактарын, Базар-Коргон, жарым жартылай Өзгөн райондорун [90,с.42]. Аталган райондордогу реформанын жүрүшүн тарыхый-салыштыруу аркылуу алардын дыйканчылык, мал чарбачылык тармагындагы айырмачылыктарын, географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктап, салыштырууга болот. Тарыхый салыштырмалуулук методу изилдеп жаткан көрүнүштүн, тарыхый процесстин, кубулуштун маңызын ачып берүүгө, ал кубулушка тиешелүү болгон жалпы жана кайталанган зарыл жана мыйзам ченемдүү, ошол эле убакта бири-биринен

айырмаланган көрүнүштөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. И.Д.Ковальченко [97] «бир типтүү жана көп типтүү, бир кылка шартта жана өнүгүүнүн ар кайсыл деңгээлиндеги объектилерди, кубулуштарды салыштыруу керек»,- деп белгилеген. Аталган методдун жоболорун колдонуу аркылуу атаган райондордогу географиялык айырмачылыктарды салыштырып, реформанын жүрүшүнө обьективтүү баа берүү шарты жаралат.

Тарыхый-салыштырма методун диссертациялык иштин изилденүү денгээлине анализ жүргүзүп жаткан мезгилде колдонууга туура келди. Кыргызстандагы жер-суу реформасын ишке ашырууга 90 жылдан ашык убакыт өттү, бул аралыкта советтик-партиялык кызматкерлерден тарта профессионал тарыхчылар тарабынан реформаны чагылдырган илимий макаладан тартып, өз алдынча изилдөөлөр жарык көргөн (өз алдынча изилдөөлөрдүн дээрлик көпчүлүгү советтик мезгилге таандык, алардын катарына П.И.Ухвановдун [131], Д.М.Будянскийдин [73] эмгектерин гана кошууга болот). Ал эми постсоветтик доордо болсо, бир катар илимий макалалар эле жарык көргөн. Илимий иштин изилденүү дэнгээлине анализ берип жатып, советтик доордогу, постсоветтик доордогу илимий эмгектерди өз ара салыштыруу (советтик доордогу изилдөөлөрдү эки мезгилге бөлүүгө туура келди) зарыл. Анткени кандай гана изилдөө иши болбосун ал эмгекте ар бир доордун коомдук-саясий талабы, идеологиясы өз тасирин тийгизген. Өзгөчө советтик доордо тарых илимине партиянын көзөмөлү үстөмдүк кылып, илимий эмгектердеги жыйынтыктар, концепциялар партиялык идеологиянын талабына жооп бериш керек эле. Демек, окумуштуулардын көз караштарын тарыхый-салыштыруу методун колдонуу аркылуу изилдөөнүн обьектисин, предметин обьективдүү изилдөөгө, жана баа берүүгө жетишүүгө болот.

Жер-суу реформасын жүргүзүү алдында түндүк жана түштүк райондордогу көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын санын, айыл чарбасындагы мүлктөргө карата болгон ээлигин салыштыруу аркылуу, эки аймактагы айырмачылыктарды тактоого болот. Алсак, Кыргызстанда 160 миң дыйкан чарбанын 80 пайызы көчмөн болсо [106,с.65], түндүк аймакта жашаган байлардын, манаптардын колуна бардык жердин 55 пайызы жана малдын 65 пайызы таандык болгон. Ал эми түштүк аймакта болсо, бул көрүнүш төмөнкүдөй болгон: ири жэр ээлеринин колуна суулуу жерлердин 52 пайызы, малдын жана айыл чарба шаймандарынын үчтөн бири (болжол менен 39,8 жана 35,2 пайызы) туура келген [113,с.20]. Көрсөтүлгөн маалыматтар аркылуу түштүк жана түндүк райондор өзүнүн дыйканчылыгы жана мал чарбачылыгы менен айырмалангандыгын көрүүгө болот.

Тарыхый-салыштырма методун колдонуу аркылуу реформанын учурунда кедей-дыйкандардын жерге жана малга болгон ээлигин жана түндүк, түштүк аймактарындагы көчмөн жана жарым көчмөн чарбалар боюнча маалыматтарды салыштырууга мүмкүндүк жаралат. Тарыхый булактарга таянсак, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстандын калкы негизинен айыл чарбасында эмгектенген дыйкан, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардан турган. 1917-жылга карата Пишпек уезди боюнча жергиликтүү отурукташкан калк 1,87 пайызын түзгөн [125,с.23]. Ал эми Ош жана Андижан уездеринде болсо, айыл чарбасынын бардык тургундарынын 78,5 пайызы отурукташкан жана 19,7 пайызы көчмөн чарбадан турушкан. Демек, жогорудагы салыштыруу (аркылуу) Фергана жана Жети-Суу аймактарында жашаган кыргыздардын арасындагы дыйканчылык, мал чарбачылык, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалар боюнча айырмачылыктарды, өгөчөлүктөрдү салыштырып кароого мүмкүндүк берет.

Тарых илиминдеги маанилүү методдордун бири - бул тарыхый-генетикалык метод болуп саналат. Бул метод илимде кеңири колдонулат. Анын мааниси изилденип жаткан тарыхый кыймылдагы реалдуулуктун касиетин, функциясын ырааттуу кезектештирип изилдөөнү талап кылат. Таанып билүү ырааттуу түрдө бир жактуулуктан, өзгөчөлүккө карай, анан жекеден жалпылыка карай өнүгөт. Жер-суу реформасы совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы жалпы эле Орто Азия аймагын камтыган агрардык тармактагы маанилуу өзгөрүүлөрдүн бири болуп саналат. Реформаны ишке ашыруу максатында Совет бийлиги бир катар маанилүү токтомдорду, инструкцияларды, чечимдерди кабыл алган. Алардын ички маани-маңызы генетикалык жактан бири-бирине үндөш, түпкү максаттары бир максатты көздөгөн. Орто Азиядагы агрардык маселени ишке ашыруу боюнча 1920-жылы РКП (б)нын Х съездинде жана Түркстан коммунистик партиясынын V съездинде жана Түркстан АССРинин IX съездинде милдеттер, тапшырмалар так көрсөтүлгөн. Съездден кийинки кабыл алынган токтомдордун, буйруктардын [1] ички маани-манызы генетикалык жактан окшош экендигин байкоого болот.

Изилдөө ишибизде колдонулган методдордун бири бул - тарыхый-типология методу болуп саналат. “Тип” термини байыркы грек тилинен алынган “typos”-“отпечаток” деген маанини түшүндүрөт. Тарыхый-типология методунун максаты обьектинин же кубулуштун жыйындысын ирээтештеп, типтерге бөлүү болуп саналат.

Алсак, реформаны жүргүзүү үчүн даярдык көрүүдө айыл чарба жерлерин сугат жерлерге, кайракы жерлерге бөлүп кароо Кыргызстандын табигый-географиялык шартына туура келген болсо, изилдөө ишин жүргүзүүдө да жерлерди аталган типологияга бөлүштүрүп кароо жалпы логикага туура келет. Реформаны жүргүзүү алдында райондорду

статистикалык-экономикалык жактан изилдөө иштери жүргүзүлүп натыйжада 6 табигый-экономикалык райондорго бөлүштүрүлгөн. Тарыхый-типологиялык методдун талабына жана тарыхый материалдарга таянуу менен Кыргызстандын түштүгүндөгү реформага дуушар болгон дыйканчылык аймактарды пахта, күрүч, эгин айдалган, жер иштетүү-мал чарбасына ылайык жерлер, жер иштетүү жана мал чарбасына ылайык райондор, мал чарбачылык-дыйканчылык менен алектенген райондорго [94] карата өз ара типтерге бөлүп кароо туура болгондугун белгилеп кетмекчибиз. Изилдөө ишинде да жогрудагы 6 табигый-экономикалык райондорго бөлүштүрүү методу колдонулду.

Тарыхый - типологиялык методду колдонуу (аркылуу) 20-жылдардагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүн аныктоого мүмкүндүк берет. Тарыхый булактарда жана ошол мезгилде жарык көргөн эмгектерде белгиленгендей айыл жергесинде негизинен бай, кедей, орто катмардагы калк жашап турган. Мисалы, М.Кивмандын берген маалыматына таянсак, изилдөөчү 1930-жылы Чүй өрөөнүндөгү дыйкандар үч топтон турушуп: кедейлер 38 пайызын, орто дыйкандар 57,5 пайызын, кулактар болсо 4,5 пайызын түзгөндүгүн белгилеген [96,с.37]. Ошол эле учурда, Чүй районундагы көчмөн чарбалар баары эле отурукташууга өтүшкөн деп айтууга болбойт. М.Кивмандын берген маалыматы боюнча, 30-жылдардын башында кедейлердин 2 пайызы, орто дыйкандардын 10 пайызы, жалпысынан район боюнча 5 пайыз чарбалар көчүп жүрүшкөн [96,с.38]. Демек, айыл чарбасындагы калкты социалдык жактан кедей, орто, бай (кулак) катмарга, типтерге бөлүп кароо 20-30-жылдары Кыргызстандын социалдык түзүлүшүн аныктайт. Совет бийлиги бай катмарды тап катары жоюу саясатын жүргүзсө, көпчүлүк массаны түзүшкөн орто катмардагы дыйкандар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, аларды

нейтралдаштыруу, кедейлерге болсо, жер эмгек шаймандарын бөлүп берип, коллективдүү чарбаларга бириктирүү саясатын жүрүгүзүү аркылуу реформаны ишке ашырууну көздөшкөн.

Жыйынтыктап айтканда, илимий изилдөө ишибизде тарых илиминин методологиясына салым киргизген белгилүү окумуштуулардын эмгектерине таянуу аркылуу, илимий теманын обьектисине, предметине жараша белгилүү тарыхый принциптерди, тарых илимин изилдөөдөгү методдорду колдонуп, изилдөөнүн максат, милдеттерине жетүүгө аракет кылдык.

# III БАП КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН БИРИНЧИ ЭТАБЫ

## 3.1. Агрардык маселени чечүүдөгү укуктук-ченемдик негиздери

XX кылымдын 20-жылдарында жер-суу реформасы азыркы Борбордук Азия мамлекеттеринин көпчүлүк аймактарында жүргүзүлгөндүгү белгилүү. Алсак, жер-суу реформасы 1921-22-жылдары Түркстан АССРинде жана Казакстанда, ал эми 1925-29-жылдары улуттук-мамлекеттик бөлүнүүдөн кийин бардык жаңы түзүлгөн республикаларда өткөрүлгөн. 1921-жылы жер-суу реформасы Түркстандын Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Закаспий областтарында жүргүзүлгөн. Өзбекстанда болсо жер-суу реформасы 1925-1929-жылдары 3 этап менен ишке ашырылган. Жер-суу реформасын жүргүзүү үчүн РСФСРдин курамында болгон Түркстан АССРи тарабынан 20-жылдардан тарта укуктук-нормативтик бир катар документтер кабыл алынган. 1921-22-жылдары Түркстан АССРинде (анын ичинде

Кыргызстанда) жана Казакстанда жер-суу реформасын ишке ашыруунун негизги жоболору төмөнкү токтомдордун негизинде аткарылган: 1. 1920-жылдын 20-июндагы БК РКПнын V съезинде көрсөтүлгөн чечимдин, [128, с.19], 1920-жылдын 1-25-сентябрда ТАССРдын Элдик кеңешинин IX съездинде кабыл алынган резолюция. Аталган резолюцияда төмөнкүлөр белгиленген: а) көчүрүп келүү башкармалыгы тарабынан долбоорлонгон жерлер, кыргыз-казактардан өз алдынча тартылып алынган жерлердин нормадан ашыгын барын алуу, бардык орус айылдары менен жергиликтүү калктын ортосунда жер жана суу пайдалануу укуктарын теңдөө; б) жерсиз дыйкандарды жер менен камсыздоо; в) бай-манаптарды бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратуу[128,с.40]. Мындан тышкары 1920-жылдын 20-июндагы БК РКПнын V съездинде «Кошчу» союзун уюштуруу чечими да кабыл алынган. 1920-жылдын 17-ноябрында Түркстан БАКынын жана ТАССРдин Элдик кеңеши «О землепользовании и землеустройстве в Туркестанской республике РСФСР»-аттуу жобо жана 1920-жылдын 15-декабрында кабыл алынган «О землеустройстве кочевников, переселенческих поселков и казачьих станиц» -деген жоболорду иштеп чыккан [109, с.41].

Ал эми 1927-28-жылдары өлкөнүн түштүк аймагында жүргүзүлгөн жер-суу реформасы «Постановление ВЦИК и СНК РСФСР об утверждении положения о земельно-водной реформе в Ошском и Джалал-Абадском кантонах Киргизской АССР» аттуу токтомдун негизинде жүргүзүлө баштаган. Мында РСФСРдин Жер кодексинин жобосуна ылайык, жерди иштеткендердин улутуна жана динине карабастан жерди пайдалануу укугун узартуу жөнүндөгү негизги жобо бекитилген [120,с.64]. Аталган токтомго ылайык, сугат жеринин аянты 32 гектардан ашкан чарбалардын жерлери тартып алынып жаткан. Мындан сырткары алардын мал жандыктары жана

шаймандары, ошондой эле айыл чарба имараттары алынууга тийиш болгон. Жашаган жерине карабастан өзү же үй-бүлө мүчөлөрүнүн күчү менен жер иштетпеген жарандардын жерлери алынган.

Маанилүү документтердин катарына 1927-жылы 12-декабрда кабыл алынган “Декрет ЦИК рабочих, дехканских и красноармейских депутатов и СНК КАССР” аттуу декретти кошууга болот. Декретке ылайык, бардык жерлер алынып, жерге муктаждарга жана жери аз дыйкандарга берүү үчүн мамлекеттик фондго өткөрүп берилиши шарт болгон. Мамлекеттик фондго төмөнкү категориядагы жерлерди алуу каралган. Аянты 75 гектардан ашкан кайрак жер алардын ээлеринин жайгашкан жерине карабастан, дыйканчылык үчүн колдонулган мал жандык жана инвентарлар, бирдей негизде ээликтен ажыратылган [120,с.68] Демек, жогорудагы аталган укуктук-нормативдик документтерде жер-суу реформасын жүргүзүүнүн негизги принциптери иштелип чыгып, практикалык колдонууга сунушталган.

Октябрь революциясы ишке ашканга чейин жер-суу жана жакшы жайыттар ири бай-манаптардын колунда болгону белгилүү. Жергиликтүү калк менен орустар арасында жер-сууну пайдаланууда чоң айырмачылыктар болгон. Түркстандын айыл калкынын 8 пайызын орус келгиндери түзүп, алардын колунда жердин 50 пайызы болгон. Падыша бийлигинин мыйзамы боюнча келгиндерге 90-120 теше жер берилген. Ошол эле учурда бир кыргыз чарбасына орточо эсеп менен 1,66 теше жер туура келген [109,с.40]. Айыл калкынын 5пайызын түзгөн бай-манаптар жердин 55 пайызына, малдын 65 пайызына ээлик кылышкан [68,с.25]. Мындан улам айылдарда социалдык дифференциация күчөгөн деп айтууга болот. 1918-жылдын февраль айында Алматыда өткөн Жети-Суу областтык жер комитетинин II сессиясында орустар Кытайдан кайтып келген кыргыздарды мурунку жерлерине жолотпой жатканы белгиленген [89].

Формалдуу түрдө жайыттар, чөп чабык аянттары бир канча жамааттын, уруулардын жана болуштуктарга катталганы менен чындыгында, алар ири манаптарга таандык болгон [62,68-б]. Бай-манаптардан тышкары орус келгиндери жакшы жерлерди алууга жетишишкен. Келгиндерди жайгаштырууда кыргыздардын сугат жана кайрак жерлери алынган. Жаңы конуштарды суу менен камсыз кылууда кыргыздар менен көпчүлүк учурда макулдашылган эмес. Документ боюнча кыргыздардын жерлери сугат жер катары көрсөтүлгөнү менен чынында кайрак жерлер болгон [135, с.13].

ХХ кылымдын башында коомчулуктун жашоосунда эски калдыктар өкүм сүргөн. Бул калдыктар кыргыздардын саясий жашоосунда артта калуусуна себеп болгон деп айтууга негиз бар. Жер маселеси өзгөчө Жети-Суу областында курч турган. Белгилей кетчү нерсе жергиликтүү аппараттын алсыздыгы, аймактагы партиялык советтик кадрлардын аздыгы жана калк арасындагы сабатсыздык реформаларды жүргүзүүгө тоскоолдук кылган. Калктын көпчүлүгү бай-манаптардан экономикалык жана саясий көз-каранды абалда болгон. Ошол эле учурда калк арасында падышалык саясаттан улам, орустарга болгон ишеним басаңдаган эле. Пландалган иш-чаралар ички контреволюциядан улам да кеңири жайылган эмес. Аталган көйгөйлөрдү чечүүнүн бирден-бир жолу катары реформа каралган.

Социалисттик революция ишке ашкандан кийин, совет өкмөтү биринчи кезекте агрардык маселени чечүүгө аракет жасаган. Коммунисттик партия эски колониалдык калдыктарды жок кылуу, падышалык бийлик тарабынан мамлекеттин менчигине алынган жерлерди жергиликтүү элге кайтарып берүү, орус жана жергиликтүү калктын жер-сууну пайдаланууда укугун теңдөө ишине киришкен. Натыйжада, 1917-жылы 26-октябрда «Жер жөнүндө» декрет кабыл алынып, ага ылайык бардык жерлер мамлекеттин менчиги деп жарыяланган [71,с.178]. Демек, мамлекеттен башка эч кимдин

өз алдынча жерди сатууга, сатып алууга, ижарага берүүгө жана алууга укугу жок болгон.

Бул декрет боюнча совет бийлигинин агрардык саясатынын төмөндөгүдөй негизги багыттары аныкталган. Ага ылайык: жерди пайдалануу мыйзамы боюнча жерди пайдалануунун общиналык, участкалык, шериктештик, аралаш формасы белгиленген; жерге болгон жеке менчикти жоюу, ири жер ээлерин конфискациялоо; «жер аны иштеткендердики» деген эреже боюнча жерди чарбаларга теңдеп бөлүп берүү; чарбаларды жерге жайгаштыруу; натуралай жана акчалай төлөнүүчү салыктарды, ижара акыларын, жана дыйкандардын кредиттик мекемелерге болгон бардык карыздарын жоюу; дыйкандарга өз чарбасын түзүү үчүн материалдык-техникалык, акчалай жардам берүү; айыл чарбасын тейлөө үчүн кооперативдердин жөнөкөй түрлөрүн уюштуруу ж.б. [50]. Жыйынтыктап айтканда, бардык жерлер болуштук жер комитеттеринин жана уездик дыйкан депуттар кеңешинин карамагына өткөн.

Декреттин негизинде Түркстан республикасынын Эл комиссарлар кеңеши 1918-жылы 16-январда көчүрүп келүү уюмдарын жоюу токтомун кабыл алган. Токтомдо «Көчүрүп келүү уюмдарынын иш-аракети айыл калкынын керектөөсүнө жооп бербейт. Аймактарда бардык көчүрүп келүү уюмдары жоюлууга тийиш»-деп белгиленген [131,с.10].

Түркстанда, анын ичинде Кыргызстанда агрардык маселени чечүү үчүн биринчи кезекте жер-суу реформасын жүргүзүү зарыл эле. Реформаны жүргүзүү боюнча теориялык сунуштар жана долбоорлор партиянын съезддеринде талкуууга алынган. Жыйынтыгында, токтомдор кабыл алынган. Алсак, 1920-жылы 22-июнда РКП (б) Борбордук комитетинин саясий бюросунун «РКП (б)нын Түркстандагы негизги милдеттери жөнүндө» деп аталган токтомдо жер-суу маселесин тез арада чечүү каралган. Бул

документте орустар менен жергиликтүү эл ортосундагы жерди пайдаланууну теңдөө, кулактарды көчүрүү жана баш ийдирүү боюнча көрсөтмө берилген [101, с.68].

1920-жылдын сентябрь айында Түркстан коммунистик партиясынын V съезди өткөрүлгөн. Анда биринчи кезекте аткарыла турган иш-чаралардын бири жерди пайдаланууда колониялдык калдыктарды жок кылуу маселеси турган. Ошол эле учурда орус кулактары тарабынан өз алдынча тартып алынган жерлерди кайтаруу боюнча көрсөтмөлөр берилген [131,с.19]. Съездде жер менен биринчи кезекте батрак жана кедейлерди камсыз кылуу баса белгиленген. Дал ушул жылдын сентябрь айында аймактагы агрардык маселени чечүү программасын кабыл алуу үчүн Ташкент шаарында Түркстан АССРнин кеңештеринин IX съезди болуп өткөн. Программа 1920-жылы 17-ноябрда кабыл алынган «О землепользовании и землеустройстве в Туркестанской республике» жана «О землеустройстве кочевников, переселенческих поселков и казачьих станиц»-деген жоболордо деталдаштырылган [144,91-б.].

IX съездде жер боюнча маанилүү маселелер талкууланып, натыйжада төмөнкү пунктар камтылган резолюция жарыяланган. Ага жараша республикадагы бардык жер жана суулар ким колдонгонуна карабастан, мамлекеттин жана элдин байлыгы деп эсептелинген. Жер-сууну сатуу же сатып алуу, күрөөгө коюу, ижарага берүүгө тыюу салынган. Жерди биринчи кезекте чайрикер, мандикерлерге кийинки кезекте жерсиз жана жери аз дыйкандарга, андан кийин артель, коммуналарга бөлүү каралган. Алар жерден сырткары айыл чарба шайманы менен камсыздалышы шарты коюлган. Эмгек нормасынан ашпаган жерлер кайра бөлүштүрүлгөн эмес. Өзгөчө, баалуу маданий чарба ээлеринин мүлктөрү таратылбастан, коллективдик мүнөздөгү чарбага айландыруу каралган. Жер алууну каалаган

жаранга, жерди жеке күчү менен иштеткен шартта берилген (бирөөнү жалдабастан). Ал эми эмгек күчүн жалдоого үй-бүлө мүчөсү эмгекке жарамсыз абалда болсо уруксат берилген. Муну менен бирге пахта, күрүч ж.б. өсүмдүктөрдү эгип-өстүрүү учурунда гана уруксат берилген [3,с.287-288]. Жерге жайгаштыруу ж.б. жер менен байланышкан иштерди аткаруу жер комиссияга жана анын жергиликтүү органдарына жүктөлгөн. Эмгек нормасын аныктоо да комиссияга жана анын жергиликтүү органдарына жүктөлүп, норма ар бир райондун өзгөчөлүгүнө карата аныкталышы шарт болгон.

Түркстан АССРинде кедей-дыйкандар жер көйгөйүн тезинен чечүүнү талап кыла башташкан. Калктын талабын аткаруу максатында РКП(б)нын Борбордук комитети 1920-жылдын июнь айында, жер-суу боюнча төмөнкү пункттарды камтыган чечим кабыл алган. Анда төмөнкү маселелер каралган:

а) империалисттик саясаттын натыйжасында европалык жана жергиликтүү калк арасында калыптанган мамилени жоюу;

б) жергиликтүү калктын коомдук мамилелеринде сакталган патриархалдык-феодалдык калдыктарды жоюу. Бул чечимди ишке ашыруу үчүн борбордук комитет бир канча сунуштарды киргизген. Алар төмөнкүдөй болгон:

1. Көчүрүп келүү башкармасы тарабынан долбоорлонгон же өз алдынча тартып алынган келгиндерден эмгек үлүшүнөн сырткары жерлерин кайра алуу. Алынган жерлерди артелдерге, качкын кыргыз жана дунгандарга бөлүп берүү;

2. жерсиз дыйкандарды жер менен камсыз кылуу;

3. кулактарды бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратуу;

4.Түркстандан Россиялык концентрациялык лагерлерди, полицияны, жандармдарды, спекулянтарды, ири өндүрүш ээлерин чыгаруу;

5.жергиликтүү калк менен орустар ортосундагы өндүрүштүк мамилени теңдөө [81,с.19] ж.б. орчундуу маселелер орун алган.

Жогоруда айтылган РКП(б)нын Борбордук аткаруу комитетинин 1920-жылдын 29-июндагы «Түркстандагы РКП(б)нын негизги милдеттери жөнүндө» чечиминде өз алдынча жана көчүрүп келүү башкармалыгы тарабынан келгиндерге берилген жерлердин эмгек үлүшүнөн ашканын алуу, алынган жерлерди жерсиз жана жери аз дыйкандарга берүү, жергиликтүү жана келгин европалык калк арасында калыптанган мамилени жоюу каралган [153,с.24]. Түркстан республикасындагы БАК 1920-жылдын 4-мартында «Эмгекчи дыйкандарга жерлерди кайтарып берүү жөнүндө» декретин кабыл алган. Декретте кыргыздардан алынган жерлер жана келгиндерге берилген жерлер жергиликтүү шартка жараша белгиленген нормалар менен кедей дыйкандарга, отурукташкан кыргыз жашоочуларына берүү үчүн мамлекеттик фондго түшөрү айтылган [146,с.50]. Ошентип реформанын укуктук жана нормативдик негизин түзгөн документтер жарыяланган.


Агрардык саясатты ишке ашыруу максатында Жети-Суу областында сууну пайдаланууну жөнгө салуу үчүн атайын райондук, уездик жана областтык суу комитеттери түзүлгөн. Обласьт боюнча-95 жер-суу комитети түзүлүп, анын ичинде Пржевальск уездинде-13, Нарында-16, Токмокто-5, Пишпекте-2 комитет иштей баштаган [68,с.27]. Анын курамы болуштук жана райондук дыйкандар съездинде шайланган. Комитеттер карамагындагы район, уезд жана областтагы сугат суусунун колдонушун көзөмөлдөп, сууну колдонуу тартибин көзөмөлдөө, калктын суроо-талабын канааттандыруу боюнча иштерди аткарган. Мындан сырткары алар гидротехникалык ремонттордун аткарылышын да көзөмөлгө алган [4,с.32].

Түркстан АССРинде суу чарбасын жөнгө салуу үчүн комиссариаттын алдында суу чарба башкармылыгы курулган. Башкармалыктын карамагына

республикадагы ирригациялык мекемелер, айыл чарбасын жана мамлекеттик мүлктү башкаруу жана аймактык башкармалыктар кирген. Башкармалык борбордук, жергиликтүү, убактылуу жана атайын мекемелерден турган [2,с.83]. Суу чарба башкармылыгына төмөнкү милдеттер жүктөлгөн: республикадагы ирригациялык иштерди башкаруу; сугат системаларын жана андагы сууну пайдаланууну изилдөө, техникалык жактан жакшыртуу; суу запастарын изилдөө; суу чарбасынын ар кандай маселелерин изилдөө; жаңы сугат тутумдарын куруу боюнча чалгындоо жана курулуш иштерин жүргүзүү; ирригациялык системалардын абалына техникалык көзөмөл жүргүзүү; республиканын ирригациялык картасын түзүү болгон.

Аталган милдеттерди иш жүзүнө ашырууда башкармалыктын төмөнкү бөлүмдөрү иш алып барган [2,с.83].

Схема 3.1. Суу чарбасынын борбордук башкармалыгы.




Суу чарба башкармалыгынын алдында техникалык ирригациялык комитет түзүлүп, ага бир нече милдеттер жүктөлгөн. Алсак, суу чарба башкармалыгынын жалпы иш-планын карап чыгуу; ирригациялык мекемелердин жылдык планын, техникалык долбоорлорун карап чыгуу; Түркстандын суу чарбасына тиешелүү мыйзам долбоорлорун, инструкцияларын карап чыгуу; суу чарбасына тиешелүү бардык маселелерди талдоо ж.б. болгон [2,с.84].

Жогоруда айтылган ирригициялык системаларды куруу, жаңы сугат жерлерин жана суу ресурстарын пайдалануу менен Россия Түркстан пахтасына жана чет элдик экономикалык көз карандысыздыка ээ болууга умтулганын айта кетүү керек.

Кыргызстанда жүргүзүлө турган жер-суу реформасы кыргыз айылдарын, өзбек, орус кыштактарын камтып социалисттик революцияны өнүктүрүүнү көздөгөн. Анын негизги милдети жергиликтүү жана орус калкынын жер-сууну пайдаланууда укугун теңдөө, элдин экономикалык жана саясий теңсиздигин жоюу, жергиликтүү жана орус кулактарын жок кылуу болгонун жогоруда да белгиледик. Жерсиз жана жери аз дыйкандарды жер менен камсыздоо үчүн өз күчү менен иштетпеген жарандардын жерин алуу каралган. Жерди улутташтыруу (социалдаштыруу) боюнча милдеттерди Түркстан АССРнин Жер комиссариаты алдындагы жер реформасы бөлүмү аткарган [1,с.159]. Жерди улутташтыруу (социалдаштыруу) ишин аткаруу жергиликтүү областтык, уездик жана болуштук органдарга жүктөлгөн.

Реформага даярдык иштерин жүргүзүү үчүн аталган бөлүмдөн 3 бөлүм түзүлгөн: 1) агитациялык-уюштуруу, 2) жерди улутташтыруу, 3) жер фонду жана жерге жайгаштыруу бөлүмү иштей баштаган [1,с.160].

Бул бөлүмдөрдүн функциялык милдеттерине кененирээк токтолуп кетүүгө болот. Мисалы; агитациялык-уюштуруу бөлүмү жер реформасы боюнча областтык, уездик жана болуштук органдарды түзгөн. Мындан сырткары үгүт иштерин жүргүзүү, эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Ал эми бөлүмдүн функциялык милдеттерине төмөнкүлөр киргенин белгилейбиз:

- Инструктордук курстарды уюштуруу менен адистерди даярдоо;
- жер реформасынын областтык, уездик жана болуштук органдарын уюштуруу;
- кедейлердин союзун түзүү;
- жер коммуналарын, артелдерди түзүү;
- кедейлердин уюмдарын, артель, коммуналардын жана алардын мүчөлөрүнүн тизмесин түзүү;

- уюштуруу иштери боюнча сметалардын даярдалышына жана аткарылышына көрсөтмө берүү жана көзөмөлдөө [1,с.160].

Жерди социалдаштыруу бөлүмү жерди улутташтыруу маселеси менен алектенген. Бөлүмдүн түздөн-түз милдети: ээсиз чарбаларды туура каттоого алынуусун көзөмөлдөө; республиканын ар кайсы аймактарында жердин түшүмдүүлүгүн жана рентабелдүүлүгүн аныктоо ж.б. болчу. Ал эми Жер фонду жана жерге жайгаштыруу бөлүмү республикадагы бош жана бош эмес жерлерди каттоого алган. Жерге жайгаштыруу иштери боюнча инструкцияларды иштеп чыккан [1,с.160-161].

Аймактарда реформаны ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн 1920-жылдын 18-декабрында РСФСРдин Эл комиссарлар кеңеши Түркстан АССРине айыл-чарба адистерин аскердик кызматка чакырбоо, армияда кызмат кылгандарды (командирден башка) демоблизациялап, реформа жүргүзүлө турган айылдарга жөнөтүү буйругун жөнөткөн [102,с.41-42]. Анткени айыл чарба адистери жетишсиз болгон.

Кыргызстандын түндүк аймагында жер-суу реформасын ишке ашыруунун негизги жоболору ТКПнын V съезди [128,с.19] жана ТАССРдын Элдик кеңешинин IX съездинин [29] чечиминин негизинде иштелип чыккан. Бул чечимдердин негизинде Түркстан БАКты жана ТАССРдин Элдик кеңеши «О землепользовании и землеустройстве в Туркестанской республике»-аттуу жобо (1920-жылы 17-ноябрь) жана «О землеустройстве кочевников, переселенческих поселков и казачьих станиц» (1920-ж. 15-декабрь) -деген жоболорду иштеп чыккан [109,с.41].

Жогоруда айтылган жоболорго жараша жерге орноштуруу иштери 850гө жакын кыштакты ичине алып, 1800 миң теше жерди камтыш керек болчу. Анын 900 миң теше жери жергиликтүү 60 миң үй-бүлөгө (15 теше ар бир үй-бүлөгө) берүү планы каралган. Бул жерлер бай-манаптардын жеринин

эсебинен каралган. Ал эми Түркстан боюнча 10 миң теше жер алынып, 1000 жерсиз дыйкандарга бөлүп берүү каралган [109,с.41]. План боюнча 1 млн. тешеден ашык аянтка 70 миң жерсиз жана жери жетишсиз жергиликтүү дыйкан жана малчыларды орноштуруу белгиленген. Аталган тапшырманы аткаруу үчүн Борбордук аткаруу комитети атайын көрсөтмө иштеп чыккан. Ага ылайык, жер фондуна төмөнкү категориядан жерлерди алуу каралган.

1) Өз алдынча ээленген жерлер. 2) Бай-манаптардын кыштоолору жана хутордук жерлери. 3) Келгиндердин нормадан ашык жерлери. Мындан сырткары соодагер, имамдардан, дайынсыз жоголгондордун жерлери жана мамлекеттик, вакуфтук жерлер фондго алынган.

Түркстан республикалар кеңешинин XII съездинде Түркстандагы жерсиз жана жери аз дыйкандарга мамлекеттик, вакуфтук жана байлардын жерлеринин эсебинен тезинен жер берүү каралган. 1920-жылдын 28-январда Түркстан комиссиянын отурумунда «Вакуфтук жерлер жөнүндө» маселе каралган. Комиссиянын токтомуна жараша комиссариаттын алдында вакуфтук жерлерди башкаруу боюнча атайын бөлүм ачылган. Вакуфтук жерлер чайрикерлерге колдонууга берилип, кирешеси агартуу иштерине жумшоо үчүн фондго түшүп турган. Токтомдун негизинде 1920-жылы 17-ноябрда №353 «Түркстанда жерге орноштуруу жана жерди пайдалануу жөнүндө» жобо иштелип чыккан [135,с.33]. Анда бардык жер-суу кимдин карамагында болбосун, мамлекеттин менчиги деп жазылган. Ал эми вакуфтук жерлер бала-бакча, мектеп ж.б. маданий-агартуу мекемелерин куруу максатында Эл агартуу комиссариатына өткөрүп берилген.

РКП(б)нын Борбордук аткаруу комитети жана ТАССР элдик комиссарлар кеңеши 1920-жылдын 22-декабрында жер-суу реформасы жүргүзүлө турган райондорду белгилеген. Ага жараша Кыргызстандын аймагынан Пишпек, Пржевальск, Талас, Жалал-Абад жана Ош аймактарында

реформа жүргүзүлүүгө тийиш болгон [131,с.20,21]. Жер-суу реформасы жүргүзүлө турган райондорду төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 3.1. Жер-суу реформасы жүргүзүлө турган райондор

| Областтар | | |
|---|---|---|
| Жети-Суу | Сыр-Дарья | Фергана |
| Уездер | | |
| Алма-Ата | Олуя-Ата | Андижан |
| Пишпек | Талас | Жалал-Абад |
| Пржевальск | Чымкент | Ош |
| | Ташкент | |

Кыргызстандын аймагындагы жер-суу реформасы биринчи кезекте мурда падышалык бийликтин саясатынан жабыр тарткан аймактарда ишке ашуусу белгиленген [93,с.26]. Андыктан, 1921-22-жылдардагы реформа Кыргызстандын түндүгүндө Чүй, Талас, Ысык-Көл, Кочкор өрөөнүндө ал эми түштүктө Базар-Коргон жана Жалал-Абад райондорунда жүргүзүлүүгө тийиш болгон.

Реформа жүргүзүлө турган райондор аныкталгандан соң даярдык иштери башталган. 1921-жылдын 22-январда Олуя-Атада Түркстандагы бүткүл кедей дыйкандардын биринчи аймактык съезди болуп өткөн [109,с.41]. Анда жер-суу реформасын жүргүзүү тууралуу маселелер талкууланып, реформаны колдоого чакырышкан. Съезддин жүрүшүндө жер-суу реформасын жүргүзүү бардык улуттагы кедей-дыйкандардын уюшумдуулугунан көз каранды экендиги белгиленген.

Реформага даярдык иштери эки багыт менен аткарылган. Жери жоюла турган жана жер бериле турган чарбалардын тизмеси түзүлгөн. Аны менен катар орто катмардын да тизмелери киргизилген. Тизме дыйкандардын чогулуштарында текшерилип турган. Тизменин соңку вариантын округдук комиссия бекиткен. Бул иштер, албетте, жер-суу комиссиясынын ишин жеңилдеткен [150,с.8]. Түшүндүрүү иштери экинчи багытта жүргүзүлгөн.

Бул этапта дыйкандардын кеңири массасына реформанын максат милдеттин түшүндүрүү, жер үчүн болгон күрөшүүгө массаны тартуу, алардын саясий активдүүлүгүн жогорлатуу, айылдык партиялык жана комсомолдук ячейкаларды даярдоо сыяктуу иштер аткарылган.

БКП(б)нын Түркстандагы коммунисттик партиянын көзөмөлү алдында уюмдар район жана айыл калкы арасында массалык-саясий иш-чараларды өткөргөн. 1920-жылдын ноябрь-декабрь айларында Жети-Суу областынын Пржевальск, Пишпек, Нарын ж.б. уезддеринде кедейлер арасында болуштук чогулуштар өткөрүлгөн. Бул чогулуштарда агрардык саясат кеңири талкууланып, калк арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Ошону менен бирге жер-суу реформасынын максаты жана аны жүргүзүү процесстери толук айтылган.

Реформаны ишке ашыруу алдындагы маанилүү иштердин бири-агитация болгон деп айтууга болот. Реформанын ишке ашуусу агитациядан көз каранды эле. Андыктан агиткомпаниянын пландары иштелип чыккан. Ага жараша агитация компаниясына төмөнкү милдеттер жүктөлгөн:

1. Шаардык активисттерди даярдоо. Активистердин ичинен агитатор кадрларды тандап алуу.

2. Айыл-кыштактык кызматкерлерди даярдоо үчүн курстарды өткөрүү. Курска партиялык, комсомолдук ячейкалардын катчыларын, саясий-агартуу кызматкерлерин чакыруу.

3. Бардык болуштуктарда агитацияларды өткөрүү үчүн саясий-агартуу мекемелеринин алдында кантон кызматкерлери жана жергиликтүү уюмдардын өкүлдөрүнөн агиткомиссия түзүү. Бул болуштук комиссиялар өзүнүн айланасына айылдагы партияга кирбеген активисттерди чогулткан. Бүткүл калкты камтуу үчүн комиссиялар ар бир пунктарда жергиликтүү

уюмдардан подкомиссияларды түзүү [34,ф.10,оп.1,ед.хр.129,л.25.] ж.б. иш-чараларды аткарышкан.

Кыргызстандын бардык райондорунда болуштук жана айылдык ревкомдорун өкүлдөрү чогулуш өткөрүп, жер-суу реформасын өткөрүү боюнча маселени талкуулашкан. Мисалы; 1921-жылдын 15-мартында Пишпек уездиндинин революциялык комитетинин чогулушуна - 34 кыргыз, 46 орус, 54 коммунист, 26 партияга кирбегендер катышкан [131,с.23-24]. Бардык жерлерде кедейлердин массалык митингдери, конференциялар, съезддер жана чогулуштары өткөн. Кыргызстанда биринчи жолу кедейлердин 500 делегатынан турган райондук конференция Токмокто 1920-жылдын декабрь айында өткөрүлгөн [137,с.102].

1920-1921-жылдары Чүй өрөөнүндө 54 митинг болуп өткөн. Митингдерде кыргыз-орус кедейлеринин бай-манаптарга каршы бирдиктүү фронтун бекемдөө, аларга каршы күрөшүү, конфискацияланган мүлктү туура бөлүштүрүү жана отурукташууга өтүү маселелери талкууланган [137,с.102-103]. Пишпек жана Пржевальскийде, март айында Нарында съезддер өткөрүлгөн. Аймактын тургундары бийликтин жер-суу реформасын тезинен жүргүзүүсүн талап кыла баштаган. Архивдик материалдарда чогулуштарда дыйкандардын реформаны колдоо, аны тезинен ишке ашырууну талап кылган протоколдору кездештирүүгө болот. Мисалы, Кара-Кочкор айылынын тургундарынын комиссияга койгон талабына токтолууга болот. Анда, «Биз дыйкан жана батрактар жер комиссиясынан төмөнкүлөрдү талап кылабыз.

1) Мектептерди ачууга иш-чаралар көрүлсүн. 2) Айыл-чарба шаймандарын жетиштүү түрдө берүүсүн талап кылабыз. Жер комиссиясынан тезинен реформаны өткөрүү жана бай-манаптардын жерлерин алып, шаймандарын кедей-батрактарга берүүсүн өтүнөбүз» деп белгиленген. Талапка 33 адам кол

койгон [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.32]. Ушундай маанидеги өтүнүч каттар бир нече айылдан келип түшкөн.

Демек, 1920-жылдын аягы, 1921-жылдын башына чейин аймактарда эл чарбасын калыбына келтирүү жана жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча кеңири түшүндүрүү жана агитация иштери жүргүзүлгөн. Аны менен катар реформа жүргүзүүнүн алдында айылдын социалдык-саясий абалы изилденген.

1921-1922-жылдарда жер-суу реформасын жүргүзүү процессин эки негизги этапка бөлүүгө болот. Биринчи этап, 1921-жылдын январдан-август айына чейинки мезгил. Экинчи этап, 1921-жылдын сентябрынан 1922-жылдын сентябрына чейинки мезгилди камтыган.

Биринчи этапта Борбордук аткаруу комитети Жети-Сууга реформага даярдык иштери үчүн экспедиция жөнөткөн. Иш-чаранын жүрүшүндө уезддерде жерге жайгаштыруу комиссиялары түзүлгөн. Комиссия алдында төмөнкү маселелерди тактап, изилдөө зарылдыгы келип чыккан. Алар төмөнкүлөр:

1. Болуштуктар боюнча жалпы маалыматтар. Мында болуштуктардагы чарбалардын саны, болуштуктардагы калктын улуттук курамы, улуттар арасындагы мамилелер изилденген.

2. Болуштуктардагы коомдук-экономикалык жана коомдук-саясий түзүлүш. Болуштуктардагу партиялык катмар (уюм жана мүчөлөрүнүн саны). Кошчу, комсомол, кооперативдердин саны аныкталган.

3. Жер боюнча маалыматтар. Болуштуктардагы сугат, кайрак жана иштетилген жерлер (болуштук жана айылдардагы бош, иштетүүгө ыңгайсыз, ээсиз, вакуфтук, мамлекеттик жана жаңы сугатка айландырыла турган жерлер) аныкталган. Мындан сырткары чайрикердик жана ижара

мамилелери (ижарага берген, ижарга алган тарап) жерлери жоюла турган ири байларды такташкан.

4. Инвентаризациялоо маселеси; мында калктын жумушчу малга болгон муктаждыгын тактоо [24,ф.2952,оп.,д.41,л.2-4.] ж.б.у.с. маселелер үстүндө комиссия иштеген.

1921-жылы 14-октябрда РКП (б)Борбордук комитети жер-суу реформасын жүргүзүү чечимин чыгарган [147]. 1921-жылы 21-февралда Олуя-Ата уезддик жерге жайгаштыруу комиссиясы жана Фергана облревкому «Жер реформасын жүргүзүү боюнча» жобону кабыл алган [131,с.22]. Жети-Суу жана Фергана областтарына, Олуя-Ата жана Чымкент уезддерине борбордон комиссиялар келген. Бул мезгилде жер иштетүү менен тыгыз байланышта болгон айдоо-себүү компанияларынын инструкциясы иштелип чыккан. Компания айдоо жерлерин эгин менен камсыздоо иштерин аткарышы керек болгон.

Түркстандын Борбордук комитети жер-суу реформасын жүргүзүү алдында областтык, уезддик, болуштуктарда партиялык уюмдарды чыңдоодо көптөгөн иштерди жасаганын айта кетүү керек. ТАССРдын жер боюнча Элдик комиссиясы тарабынан инструкторлорду даярдоо боюнча кыска мөөнөттүү курстар ачылган. Мисалы: 1921-жылы даярдоо курсун 100 жумушчу аяктаган. Алардын негизги бөлүгүн кыргыз, өзбек жана казактар түзгөн. Даярдоо курстарын уюштуруу максатында Жети-Суу областтык комитети Пишпек, Пржевальск жана Нарын уезддерине 110 коммунистти жөнөткөн [131,с.22-23]. Бирок бул сан жетиштүү болгон эмес. Алар муну менен бирге калктын түпкүрүнө реформаны жүргүзүүнүн максатын жана милдеттерин түшүндүрүү иштерин алып барышкан.

Дыйкандардан кол топтоо үчүн кедей дыйкандардын союздары түзүлгөн. Алсак, Пишпекте 18 уюм түзүлүп, ага 4700 адам мүчө болгон.

Пржевальскийде 1037 мүчөдөн турган 19 уюм, Нарында 2800 адамдан турган 10 уюм уюшулган. Аталган 3 уезд боюнча кедей дыйкандардан жалпы 47 уюм түзүлүп, уюмга 6537 адам мүчө болгон [131,с.27]. Албетте, бул уюмдар советтик органдарга чоң таяныч болгонун белгилөөгө болот.

Дыйкандардын уюмдарынан башка Кыргызстанда 40ка жакын жер-суу комитети уюшулган [131,с.12]. Алсак, Пишпек уезддинде: Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Пригородный, Лебединский, Георгий-Курдай, Ильино-Вознесеновский, ж.б. жерлерде комитеттер уюшулган, ошентип реформаны жүргүзүүгө даярдык иштери пландуу түрдө аткарыла баштаган.

**Жыйынтык:**

Агрардык реформаны ишке ашыруу үчүн кабыл алынган токтом-жоболорду жана аткарылган иш-чараларды анализдөө менен төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

- «Жер жөнүндө» декрет кабыл алынып, ага ылайык бардык жерлер мамлекеттин менчиги деп жарыяланган. Тактап айтканда, мамлекеттен башка эч кимдин жерди сатууга, сатып алууга, ижарага берүү жана алууга укугу жок болгон. Бул декрет боюнча совет бийлигинин агрардык саясатынын негизги багыттары аныкталган. Ага ылайык: жерге болгон жеке менчиктер жоюлган. Ири жер ээлеринин жерлери конфискацияланып, жерсиз жана жери аз чарбаларга бөлүп берүү шарттуу түрдө негиз болгон.
- Түркстан АССРнин кеңешинин IX съездинде кабыл алынган резолюцияга жараша жерлер биринчи кезекте чайрикерлерге, мандикерлерге кийинки кезекте жерсиз жана жери аз дыйкандарга, андан кийин артел, коммуналарга бөлүү каралган. Эмгек нормасынан ашпаган жерлер кайра бөлүштүрүлгөн эмес. Жерге жайгаштыруу, бериле турган жердин өлчөмү жер комиссариаты жана анын жергиликтүү органдарына жүктөлгөн. Өлчөм (норма) ар бир райондун өзгөчөлүгүнө карата аныкталган.

- Агрардык саясатты ишке ашыруу максатында Жети-Суу обласстында сууну пайдаланууну жөнгө салуу үчүн атайын райондук, уезддик жана областтык суу комитеттер түзүлгөн.
- Реформага киришүүдө агитациялык жана пропагандалык иштер маанилүү ролду ойногон.

## 3.2. Реформанын жүрүшү, жер үлүштөрүн бөлүштүрүү жана анын нормалары

Жер-суу реформасын жүргүзүүдө жерсиз, жери аз дыйкандарга берилүүчү жердин өлчөмүн аныктоо маанилүү болгон. Алгач коомчулуктун жерди ижарага берүүсүнө тыюу салынган. Ижара келишимдери жер кодексинин 28-беренесинин жоболоруна ылайык аткарылган. Жерди бөлүп берүүдөн мурун калктын жерди өзүнүн күчү менен иштеткени, жерди иштетүүгө бирөөнү жалдабанга, жерди ижарага бербегени такталган [18,ф.2952,оп.1,д.67,л.131].

Кедей деп эсептелген топко жер берүүдө 3 негизги абалга токтолушкан: Биринчиден, үй-бүлө курамы жана алардын керектөөсү. Экинчиден, жумушчу күчтөрүнүн болушу, чарбанын эмгек жарамдуулугу каралган. Үчүнчүдөн, чарбанын шайман менен камсыз болушуна маани беришкен [148,с.11]. Нормалар дыйкандардын болуштук съездинде райондордун аймактык өзгөчөлүгүнө, жер фондуна, отурукташуу деңгээлине жараша аныкталган.

Реформанын негизинде калкка, улутуна карабастан орточо 7-8 теше айдоо жери, эң көп 2 жумушчу мал (ат, өгүз) берүү каралган. Айыл чарба шаймандарынын орточо өлчөмү да белгиленген. Анда ар бир чарбага 1 соко, 5 орок, 3 темир бешилик, 3 чалгы, 3 кетмен каралган. Ал эми тырмооч, сапыргыч, оргуч машина жана эгин басуучу машина сыяктуу оор

шаймандарды коллективдүү колдонуу каралган. Жумушчу малды бөлүштүрүүнүн орточо нормасы көчмөндөр үчүн 5-6 бодо мал, отурукташып жашагандарга бир жанга бир мал бөлүнгөн [145.,94-б]. Жерге жайгашкандарды шаймандар менен камсыз кылуу үчүн бай деп эсептелген катмардан айыл чарба шаймандары алынган. Ошону менен бирге алар мамлекеттин эсебинен шаймандар менен камсыздалган. Айыл чарба шаймандары менен камсыз болуусу 35 пайыз кетмен күрөк менен 20-25 пайыз сокого (омач) карата аныкталган.

Ошол эле учурда коомдук мекемелерди куруу үчүн жер бөлүп берилген. Тактап айтаканда, БАК жана Түркстан республикасынын аткаруу комиссиянын токтому менен төмөнкү мекемелерге мамлекеттин эсебинен жер үлүшү түздөн-түз бөлүп берүү каралган.

1) Айыл кыштактарда курулуучу балдар үйү, интернат, балдар коммуналары, мектеп үчүн 1-10 тешеге чейинки жер үлүшү, пахта эгилүүчү райондордо мектеп үчүн берилген үлүштүн нормасы эки эсеге аз болгон. Эгин эгилүүчү райондордо 3-6 теше, пахта эгилген райондордо 2-3 тешеге чейин жер үлүшү каралган.

2) Атайын айыл чарба мектептери жана педагогикалык окуу жайлар үчүн жер участокторун бөлүп берүү төмөнкүдөй деңгээлде жүргүзүлгөн:

а) айыл чарба мектептери үчүн 1-2 тешеге чейинки жер;

б) педагогикалык окуу жайлар үчүн 1-10 тешеге чейинки жер каралган. Айыл кыштактагы мектеп, балдар үйү, интернаттарга берилүүчү жерлерге уезддик жер бөлүмдөрү, атайын айыл чарба мектептери, техникум жана педагогикалык окуу жайлар үчүн областтык жер бөлүмү жооптуу болгон. Элдик жер комиссиясы жогорку окуу жайлар үчүн жер үлүшүн берүүдө жооптуу болгон [27,ф.847,оп.1,ед.хр.3,л.7.].

Иш-чаралардын аткарылышы көзөмөлдө турган. Мисалы партиянын 19-апрелдеги №7/352 циркулярдык телеграммасында реформаны ишке ашырууда мамлекеттик, ошондой эле жергиликтүү калктын кызыкчылыгын эске алуу зарылдыгы, тигил же бул маселени чечүүдө маселени терең изилдөө керектиги эскерилген. Бирок айрым маселелерге өтө маани берилген эмес. Бул тууралуу кийинки бөлүмдө сөз болмокчу.

Жерге орноштуруу иши 0,5 млн теше аянтты камтыган. Чоктал, Күнгөй-Аксуу, Күрменти, Турген, Жети-Өгүз жана Барскоон болуштуктарында башталган. Андан кийин Пригородный, Лебединовка, Георгиевский, Беловодский, Сокулук, Токмок, Караконуз жана Быстрореченский волостторунда уланган [70,с.26].

1921-жылдын январь айынын аягында Талас өрөөнүндө жана Кара-Балта болуштугунда реформаны иш жүзүнө ашыруу башталган. Февральда Жалал-Абадда, мартта Пржевальск, Пишпек жана Нарын уезддеринде башталган. Реформа Борбордук комитеттин токтому менен түзүлгөн атайын топтордун көзөмөлүндө жүргүзүлгөн. Жер-жерлерде ишти көзөмөлдөө үчүн партиянын уезддик-шаардык өкүлдөрүнүн комитетинин топтору дайындалган. Мисалга алсак, Пишпек уездинде 4 топ иштеп анын биринчиси Ак-Сууда жана Сокулук болуштугунда, экинчиси Пригородный жана Лебединовкада, үчүнчүсү Георгиевский Чүй, төртүнчүсү Токмок, Каракунуз, Быстрореченский болуштугунда иштеген. Бул топтордо 100дөн ашык адам иш алып барган. Алардын милдеттери калкка нормага жараша жерлерди бөлүштүрүү, жер бөлүштүрүүдө чыккан көйгөйлөрдү чечүү болгон. Жер реформасы жүрүп жаткан аймактарда үрөн себүү боюнча комитеттер жана жер комиссиялары байлардын чарбаларындагы иштетилүүчү малдын жана жабдык-шаймандардын эсебин алышкан.

Реформанын максатын жана жүргүзүү шарттарын элдин калың катмарына жеткирүүдө басма сөз маанилүү роль ойногонун айта кетүү зарыл. Пишпек уездинде 1921-жылы 15-марттан 24-апрелге чейин 13939 нуска кыргыз жана орус тилинде газета, 2284 брошюра, 597 нуска плакат таратылган [131,с.34].

Реформаны жүргүзүү жер үлүштөрүн, суу булактарын, мал- жанды жана айыл чарба шаймандарын каттоого алуу менен башталган. Айыл кыштактарда пландык жана картографиялык материалдар топтолгон. Республика боюнча агрономдук ж.б. изилдөөлөрдүн программалары иштелип чыккан. Мында изилдөөчүлөр биринчиден калктын жерин (кайрак, сугат жана аралашкан) түрүн пайдалануусун аныктаган. Мындан тышкары төмөнкү инструкциялар сунушталган:

1. чарбанын багытын: мал чарба, жер иштетүү же аралаш;
2. жерди пайдалануунун формасын: жамааттык, аралашкан ж.б.;
3. жерди ижарага берүү жана алуу мамилесин;
4. жердин түшүмдүүлүгүн, жердин наркы жана сугат нормасын;
5. калктын шаймандар менен камсыз болуусун;
6. жумуш күчүнө болгон баалар жана суроо-талапты аныктоо ж.б. иштерди аткарышкан [20,ф.847,оп.1ед.хр.12,л.15.]. Мына ушундай инструкциялар башка кызматкерлер үчүн да иштелип чыккан.

Элдик комиссарлар кеңеши реформа боюнча иш алып баргандарга төмөнкү эрежелерди аткарууга чакырган. Эрежелер 3 пунктан туруп, биринчи пункт боюнча областтык, уезддик аткаруу комитети жана областтык, уездик жер бөлүмдөрүнүн башчылары, жобого баш ийүүгө, иштин акырына чейин катышууга милдеттүү болгон. Экинчи пункт боюнча айыл чарбада чайрикерлердин күчүн колдонууга, толук тыюу салынгандыгын чайрикер, мардикерлердин эмгегин коргой турган мыйзам

долбоорун ишке ашыруу керек болгон. Кийинки пунктта Элдик комиссарлар кеңешинин буйругун аткарбаган, же жер реформасын пландуу жүргүзүүнү кечеңдеткен жана калк арасында туура эмес маалымат тараткан кызматкерлер катуу жазага тартылары айтылат [26,ф.847оп.1,ед.хр.1,л.20.].

Белгилей кетчү нерсе, жерге жайгаштыруу комитетинин мүчөлөрүнүн дээрлик 100 пайызы орус улутунан болушкан. Бул маселени архивдик материалдар тастыктап турат. Мисалы; Пишпек уездинде жерге жайгаштыруу комитетинин курамын жалаң гана орустар түзгөн [22,ф.847,оп.1,ед.хр.9,л.7.].

Жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнүн пассивдүүлүгүнүн себеби сабатсыздык маселесине барып такалат. Республикада жер маселесин чечүү үчүн эки багыт менен иш алып барылган.

1. Ири жер ээлеринин жерин кыскартуу жана иштетилбеген жерлерди алуу.
2. Жерлердин аянтын кеңейтүү жана бул ишке калкты тартуу.

Биринчи багыт боюнча иш-чаралар масштабдуу жүргөн. Реформанын алгачкы этабында падышалыктын агрардык-колониялык саясатынын кесепеттерин жана карама-каршылыктарды жоюу, бай-манаптардын мүлкүн жоюу иштери аткарылган. Реформанын жүрүшүндө өз алдынчы ээленген 1587 (6400 адам ) жер тартып алынган. [140., 37-б.]. Пржевальск уездинде 2274 теше жер чиркөөгө, 100 миң теше жер падышалык өкмөткө тиешелүү жер мамлекеттин карамагына өткөрүлүп, ал Кытайдан кайткан 200 келгинге берилген. 1921-жылы Түп жана Преображенский болуштугунда байлардын мүлкү конфискацияланып, бир бөлүгү кедейлерге таратылып берилген.

Нарында бардык орус чарбалары бир кыштакка жайгаштырылып, 15 миң теше жер бошотулган. Мындан сырткары, аларга кайтарымсыз 200 рубль баш калкалоо жайы үчүн, 150 рубль тамак-аш менен камсыздоо үчүн

берилген [60,с.37]. Тилекке каршы Прежевальск уездинен башка жерлерде жер бөлүштүрүү иши бирдей планда жүргөн эмес.

Реформанын жүрүшүндө бай-манаптардын чарбалары жоюлган. Соодагер жана диний өкүлдөрдүн нормадан ашык жерлери алынган. Ээси белгисиз деп саналган жерлер толугу менен жер фондуна өткөрүлүп берилген.

Өлкөдө байлардын чарбасын конфискациялоо, орус кулактарынын мүлкүн экспроприациялоодон да татаал иш болгон. Анткени, бул жерде уруулук калдыктар дале болсо өкүм сүргөн. Мындан сырткары, жер менен бирге мал да конфискацияланган. Ал мезгилде эксплуататор деп аталган адам бир эле учурда чиновник жана кулак болгон. Ал эми дыйканчылык менен алектенген аймактарда эксплуатациялык чарбалардын бул түрлөрүнүн ортосундагы айырмачылык жумушчу күчүн жалдагандар (кулак), жерлерин ижарага бергендер (орточо байлар) болгон [85,с.116].

Бай-манаптарды жоюунун башкы максаты алардын мүлкүн конфискациялоо болчу. Натыйжада, Кыргыз өкмөтү «Кыргызстандын аймагынан айылдарды советтештирүүгө тоскоол болгон жергиликтүү байларды чыгаруу жөнүндө» токтомун чыгарган. «Калкты бай-манаптардын таасиринен бошотуу, тезинен экономиканы көтөрүү, эмгекчилерди маданий жактан өнүктүрүүгө керектүү шартты түзүү үчүн жана айылдарды советтештирүүгө тоскоол болгон» деген айып менен Нарын, Каракол, Талас жана Ош округдарындагы жергиликтүү байларды аймактан чыгарышкан [85,с.116]. Натыйжада жер фондуна төмөнкү категориянын жерлери келип түшкөн.

Таблица 3.2. 1921-1922-жылдары конфискацияланып алынган жерлер [136,с.47]

| № | Категориялар | Алынган жерлердин саны гектар менен | Калкка берилген жалпы фонддун % менен |
|---|---|---|---|
| 1 | Бай чарбалардан жана кулактарды жоюудан кийин түшкөн жерлер | 15358 | 7,9 |
| 2 | Орус кыштактарынан алынган ашыкча жерлер | 21692 | 11,2 |
| 3 | 1916-жылдан кийин өз-алдынча курулган кыштактардан алынган жерлер | 127816 | 65,9 |
| 4 | Арык-суунун башындагы кыштак, хуторлордон алынган жерлер | 19307 | 15,0 |
| | Жалпы алынган жерлер | 194173 | 100 |

Таблицада берилгендей, жер фондуна түшкөн жердин 3/2 бөлүгүн 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөшкө чейинки кыргыздарга тийешелүү жерлер түзгөн. Белгилүү болгондой, реформанын бирден-бир максаты кыргыздарга таандык жерлерди кайтарып берүү болгон. Орус кыштактарынан алынган ашыкча жерлер жана кыштак, хуторлорду жоюудан түшкөн жерлер жер фондунун негизги бөлүгүн түзгөн.

Чарбасын жана мал жандыгын сактап калууга аракет кылгандар каршы чыгып, жерлерин берүүдөн баш тартышкан. Арык системаларын талкалап, экспроприацияланган шаймандарды кайра тартып алууга чейин барышкан. Калк арасында туура эмес маалыматтарды таратууга да жетишкен. Мисалы; Эсенгул болуштугунда манаптар «Кошчу» союзунун өкүлүн ур-токмокко

алышкан. Ушундай эле көрүнүш Катаган волосттунда болуп, анда кооперативчилерди аксакалдардан кабарсыз иш алып барганы үчүн ага күч колдонушкан [126,с.189]. Колунда бар байлар салык төлөбөө үчүн башка уезддге көчүп кеткен учурлар да кездешкен [135]. Алар Москвага жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө наараазы экендигин билдирип, реформанын жыйынтыгын кабыл албоону өтүнүшкөн. Демек, ушул маселеге байланыштуу 1922-жылы 31-августта Борбордук комитет Түркстан калкына кайрылуу жасап анда, «жер реформасы борбордук комитеттин макулдугу менен болгонун, аткарылган иштерге эч кандай өзгөрүү кирбей турганын, алынган мүлк жана жерлер артка кайтарылбай турганы»- билдирилген. Бул билдирүү борбордук бийликтен жөлөк күткөн кулактарга сокку болгон. Андыктан реформанын биринчи этабы реформага каршы күчтөр менен күрөшүү менен коштолуп, өткөөл методдор менен өткөрүлгөн.

1921-жылы 16-февралда Борбордук комитеттин алдында жазгы айдоо-себүүнү уюштуруу жана аны өткөрүү боюнча убактылуу комиссия түзүлгөн. Мындай комиссиялар кийинчерээк областтарда жана уезддерде да пайда болгон. Эгин айдоо компанияларын чыңдоо үчүн коммунисттер мобилизацияланган. Уезд-шаар делегаттарынын 10 пайызы мобилизацияланган. Айыл чарба шаймандарын жасоого жана оңдоп түзөөгө да, көңүл бурулган. Айыл чарба шаймандарын жасоо жана устаканаларды ачуу үчүн мамлекет тарабынан жардам берилген. Алсак, 1921-жылы Пишпек уездди боюнча 1 машина берүү станциясы, 51 устакана иштеп, 3 миңден ашык шайман оңдолуп чыккан. Караколдо 1 машина берүү станциясы, 46 устакана иштеп, 6 миң айыл чарба шайманы оңдолуп түзөлгөн. Ал эми Нарын уезддинде 1700 айыл чарба шайманы оңдолгон [138,с.114]. Пишпек, Пржевальск, Жалал-Абад, Олуя-Атадагы партиялык уюмдар айыл чарба

шаймандарын жана транспортторду оңдоп түзөө үчүн жер-жерлерге усталарды жөнөтүп турушкан.

Пишпек жана Пржевальск уезддериндеги кедей дыйкандарга 380 пуд үрөн берилген. Токмоктогу кыргыздарга 380 соко жана жумушчу малдар (ат, өгүз) таратылган. 1922-жылы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө материалдык жардамдар да көрсөтүлгөн. Кедейлер менен бай чарбалардын ортосундагы түзүлгөн келишимдер жокко чыгарылган.

Түркстан АССРине 1921-жылы 1200 соко, 25 мала, 13 үрөн сепкич машина, 112 тырмооч, 280 чөп чабуучу машина, 5 миңге жакын эгин оруучу комбайн ж.б. берилген. Бул 1920-жылга караганда 21,5 пайызга жогору болгон. Жерге жайгаштырылгандар 5 жылга салыктан бошотулган. Аларга шайман алуу же чарба үчүн курулуштарды куруу үчүн узак мөөнөттүү насыялар каралган. Калкты айыл чарба шаймандары менен камсыз кылуу максатында Пишпекте областтык айыл чарба кампасы ачылган [147,с.14]. Мындан сырткары жер иштетүүгө керектелүүчү жандыктардын сарайлары уюштурулган. Калктын эгинди себүү жана жыйноосу үчүн машина пункттары түзүлгөн. Пишпектеги пунктта 150 соко 54 эгин жыйноочу комбайн керектелген. Бирок, ага карабай калк айыл чарба шаймандары менен толук камсыздалган деп айтууга болбойт. Белгилей кетчү нерсе, бардык уезддерде конфискацияланган айыл чарба шаймандарды бөлүштүрүү үчүн атайын комиссия түзүлүп, ал советтик жана партиялык уюмдар тарабынан көзөмөлгө алынган.

Реформаны жүргүзүүнүн экинчи мезгили 1921-жылдын сентябрынан 1922-жылдын сентябрына чейинки мезгилди камтыйт. Бул мезгилде:

1) Биринчи этапта реформанын саясий жана экономикалык жактан жетишилген натыйжаларды бекитүү;

2) Биринчи этапта жетишилбеген кулак жана байлардын чарбаларын жоюу жана жергиликтүү жана орус калкынын жер-сууну пайдаланууда укугун теңдөө;

3) Мал чарбачылык жана дыйканчылык менен алектенген райондордо пландуу түрдө жерге отурукташтыруу иштерин аткаруу каралган.

1921-жылдын экинчи жарымында пландуу түрдө жерге орноштуруу иштери аткарыла баштаган. РКП (б) Борбордук комитетинин 1921-жылдын 14-октябрдагы токтомунда реформанын негизинде келгин жана жергиликтүү элдин жер жана сууну пайдаланууда укугун теңдөө белгилеНген. Бул максатта ушул эле жылдын август айында жер иши боюнча федералдык комитет түзүлгөн. Комитет борбордук жана жергиликтүү органдар менен тыгыз кызматташып, айыл чарбадагы өндүрүш күчтөрүн өнүктүрүү, жерге орноштуруу, мелиоративдик, агрономиялык жана техникалык иштерди аткаруу менен алектенген [137,с.289].

1923-жылдан, 1924-жылдын 1-октябрына чейинки жер бөлүштүрүлгөн райондор жана жер үлүштөрү жөнүндө маалымат төмөнкү таблицада берилди [22,ф.847,оп.1,ед.хр.9,л.16.].

Таблица 3.3. Жер бөлүштүрүлгөн райондор жана жер үлүштөрү жөнүндө маалымат[22,ф.847,оп.1,ед.хр.9,л.16.].

| Област, уезд, район, болуштуктардын аталышы | Үлуштүн саны | Үлуш бирдиги | Калктын жалпы саны | Жердин аянты | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ыңгайлуу | Сугатка ылайык | Ыңгайсыз | Жалпы | |
| 1924-жылы | | | | | | | | |
| Лебединовка | 1 | 3134 | 1252 | 2766 | 1758 | 100 | 2866 | Дунган-дарды орнош-туруу |
| Лебединовка | 27 | 5366 | 13272 | 69265 | 15437 | 8569 | 77834 | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 7 | 18 | 91174 | 19879 | 8366 | 1259 | 21138 | үчүн запас участок-р |
| Сокулук | 21<br>7 | 3155<br>1441 | 11146<br>6344 | 50633<br>17915 | 15049<br>6646 | 4023<br>1126 | 54656<br>19041 | |
| 1923-жылдагы иштер | | | | | | | | |
| Беловодский | 21<br>7 | 2995<br>2301 | 9545<br>12918 | 45558<br>28834 | 9200<br>10181 | 3072<br>2835 | 48630<br>31669 | |
| Пригородный | 7<br>1 | 2104<br>739 | 9273<br>2653 | 32680<br>10024 | 9759<br>3962 | 2389<br>640 | 35069<br>10664 | |
| Токмок | 11<br>4 | 3043<br>1177 | 8925<br>4764 | 48557<br>12769 | 7529<br>6403 | 2389<br>640 | 51189<br>10664 | |
| Быстроречен-кий | 11<br>5 | 2821<br>1161 | 9401<br>5005 | 46022<br>17442 | 9783<br>4139 | 15108<br>4903 | 61130<br>22345 | |
| Жалпы | 50<br>17 | 10963<br>5378 | 37144<br>25340 | 172817<br>69069 | 36271<br>24885 | 23201<br>9131 | 196018<br>78200 | |

Таблица 3.4. Көчмөн жана жарым көчмөндөргө жер үлүштөрүн долборлоо жана берүү [23,ф.847,оп.1,ед.хр.8,л.4.].

| Област, уезд, район, болуштуктардын аталышы | Үлуштүн саны | Чарбанын саны | Кактын жалпы саны | Жердин аянты | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Ынгайлуу | Анын ичинде сугат | Ынгайсыз | Жалпы |
| Каракунуз бол. б. Жениш | 13 | 1718 | 7224 | 24109,9 | 6029 | 5026 | 29135 |
| Георгивский бол. б.Чумичев | 3<br>1 | 689<br>459 | 2244<br>2029 | 24133<br>8520 | 2701<br>950 | 9426<br>1845 | 33559<br>10365 |
| Токмок бол. б.Тынай | 8 | 1755 | 6231 | 23812.15 | 12241 | 4338,10 | 28150 |
| Быстроречен-кий бол. | 2<br>2 | 619<br>390 | 2577<br>1988 | 4633,08<br>4308,58 | 413085<br>1781,98 | 421,15<br>70,12 | 5054,63<br>4378,71 |
| Пригородный бол. | 2 | 71 | 253 | 9569 | 200 | 51 | 9620 |
| Жалпы | | | | | | | |
| Жергиликтүү калк | 28 | 4852 | 18529 | 86256,23 | 25301,85 | 192662,29 | 105518,88 |
| Европалык калк | 3 | 889 | 4017 | 1282858 | 2731,98 | 1915,12 | 147443,70 |

Таблица 3.5. Пишпек уезди боюнча долбоорлонгон үлүштөр [22,ф.847,оп.1.ед.хр.9,л.10.].

| Кимге | Үлүштүн саны | Үлүштүк бирдик | Калктын саны | Ынгайлуу жерлер |
|---|---|---|---|---|
| Долбоор даярдалган | | | | |
| Жергиликтүү калкка | 35 | 3948 | 24877 | 176025 |
| Европалыктарга | 7 | 2067 | | |
| Жалпы | 42 | 6015 | 24877 | 176025 |
| Жер комитети тарабынан бекитилип калкка берилген | | | | |
| Жергиликтүү калкка | 49 | 8834 | 25670 | 122664 |
| Европалыктарга | 14 | 3314 | 13518 | 37794 |
| Жалпы | 63 | 12148 | 39188 | 160458 |
| Жер комитети тарабынан бекитилип калкка берилген (1923-ж.) | | | | |
| Жергиликтүү калкка | 50 | 10963 | 37144 | 172817 |
| Европалыктарга | 17 | 5378 | 25340 | 69069 |
| Жалпы | 67 | 16344 | 62484 | 241886 |
| Жер комитети тарабынан өткөрүлгөн жана бекитилген жалпы долбоорлор | | | | |
| Жергиликтүү калкка | 99 | 19797 | 62814 | 295481 |
| Европалыктарга | 31 | 8692 | 38858 | 106863 |
| **Жалпы** | **130** | **28489** | **101672** | **402344** |


Пржевальск уезди боюнча гидротехникалык иштер жүргүзүлгөн. Райондордогу суу булактары изилденип, арык жана майда булактардын кубаттулугу аныкталган. Мисалы: Тоң районундагы Көк-Сай, Корумду, Тосор, Тоң, Ак-Сай, Жер-Үй, Коңур-Өлөң, Ак-Терек ж.б. Барскоон болуштугу боюнча Чычкан, Ак-Терек, Кичи-Жаргылчак, Чоң-Жаргылчак, Барскоон, Тамга ж.б. Жети-Өгүз болуштугу боюнча Каракол, Челпек, Ырдык

арык системалары изилденген [21,ф.847,оп.1.ед.хр.6,л.7-8.]. Калктын сууну орточо пайдалануусу аныкталган. Жалпысынан, Тоң болуштугу боюнча 12 долбоор, Барскоон 8, Жети-Өгүз болуштугу боюнча 3 долбоор түзүлгөн. Каракол боюнча гидротехникалык иштерге 535 рубль 98 тыйын жумшалган [21,ф.847,оп.1.ед.хр.6,л.9].

1921-жылдын, 11-майда ТАССРдын Эл коммиссарлар кеңеши ирригациялык иштерди мелиоразациялоо жөнүндөгү декретти бекиткен. Натыйжада көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан калктын ортосунда сууну пайдалануу жөнгө салынган. Бардык област, уезд жана райондордо суу чарбасы боюнча органдар түзүлүп, ирригациялык курулуштар жүргөн. Кыска убакыттын ичинде Пишпек уездинде Краснореченс жана Самосонов каналы курулуп, натыйжада 1500 теше жаңы жерлер сугарылган. Пржевальск уездинде 1154,63 км. арык тазаланган, 22 км. жаңы арык жана 228 көпүрө курулган.

Кыргызстанда 1920-жылдан тарта сугат аянттары көбөйө баштаган. Сугат аянттарынын өсүү динамикасын төмөнкү диаграммадан көрүүгө болот [75,с.8].

Диаграмма 3.1. Сугат аянттарынын өсүү динамикасы [75,с.8].



Сугат аймактарын кеңейтүүдө дыйкандар өзгөчө салым кошушкан. Мисалы 1922-жылдын аягы 1923-жылдын башында Кыргызстанда 105 миң гектар арыктар тазаланып, регуляторлор оңдолуп, каналдардын жээктери бекемделген. Жалпысынан алганда, Түркстан аймагы боюнча дыйкандар 3869185 рубль суммадагы жумушту аткарышкан [144.,90-б.].

Жер-суу реформасын ишке ашыруудагы жаңы кадамдар 1922-жылдын 1-августунда чыккан «Суу жөнүндөгү» мыйзамда чагылдырылган. Мындай мазмундагы укуктук документерге «Основной закон о трудовом землепользовании в Туркестане» аттуу аталыштагы мыйзамды да кошууга болот. Булардын негизинде белгилүү деңгээлде жер-сууну пайдалануунун туруктуулугу камсыз кылынып, чарба жүргүзүүнүн түрдүү формаларынын ишке ашуу мейкиндиги кеңейген [144.,103-б.]. «Суу мыйзамында» дыйкандардын сууну пайдаланууда укуктары жана милдеттери бекитилип, суу салыгы, суунун пайдалануу принциби боюнча калкты кооперациялоо сыяктуу суу саясатынын негизги учурлары каралган.

1923-1924-жылдары жер реформасына ТАССРдын Жер эл комиссары жооптуу болгон. 1924-жылдын декабрынан баштап, жерге орноштуруу ишин Аткаруу комитетинин атайын жер комиссиясы (особкомзем) алып барган. Партиялык жетекчилик жерге орноштуруу ишине өзгөчө көңүл бөлгөн. Биринчи кыргыз областтык партиялык конференцияда (1925-ж. март) «Жерге орноштуруу маанилүү саясий фактор, бул иш парткомдун гана көзөмөлүндө өтүшү керектиги айтылган» [70,с.32]. 1923-1924-жылдары жайгаштыруу ишинин бир кыйла кеңейгенин байкоого болот. Каракол уездинде 1923-жылы нормага жараша жерлер бөлүнгөн, чек ара белгилери коюлган. 1925-жылы Каракол-Нарын округу боюнча 109 долбоор түзүлгөн [70,с.31]. Пишпек

уездинде (1923-жылдын апрелден октябрга чейин) 130 үлүш бекитилген [70,с.32].

Таблица 3.6. Каракол уездиндеги калктын реформага чейин жана реформадан кийинки жер үлүштөрү [21,ф.847,оп.1,ед.хр.6] .

| Чарба ээлери | Чарбалык катышы | Реформага чейин | | | Реформадан кийин | | | Жерге орноштургандан кийин | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жер үлүшү | | | Жер үлүшү | | | Жер үлүшү | | |
| | | Сугат | Сугат эмес | Жалпы ынгайлуу жерлер | Сугат | Сугат эмес | Жалпы ынгайлуу жерлер | Сугат | Сугат эмес | Жалпы ынгайлуу жерлер |
| Тон болуштугу | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 94 | 62.1 | 97 | 91 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Орустар | 5.9 | 19.2 | 0,4 | 3.5 | Көчүрүлгөн | | | | | |
| Жер фонду | - | 18.7 | 2.2 | 4.9 | Жоюлган | | | | | |
| Барскоон болуштугу | | | | | | | | | | |
| Кыргыздар | 89 | 22 | 87 | 67 | 93 | 94 | 94 | 96 | 97 | 96 |
| Орустар | 9.7 | 59 | 11 | 24 | Көчүрүлгөн | | | | | |
| Татарлар | 3.3 | 19 | 2 | 9 | 7 | 6 | 6 | 4 | 3 | 3/2 |
| Жети-Өгүз болуштугу | | | | | | | | | | |
| Сарт-калмактар | 98 | 17 | 62 | 52 | 29 | 79 | 61 | 41 | 64 | 57 |
| Дунгандар | - | - | - | - | 71 | 21 | 39 | 44 | 19 | 27 |
| Уйгурлар | - | - | - | - | | | | 13 | 8 | 10 |
| Орустар | 22 | 83 | 38 | 48 | Көчүрүлгөн | | | | | |
| Мам. фонд | - | - | - | - | - | - | - | 2 | 9 | 6 |

Реформанын натыйжасында райондордо жер үлүштөрүн бөлүү долбоорлору түзүлгөн. Участоктор бекитилген, жаңы жерлер изилденген. Каракол уездинде жерге орноштуруу иштери Чоктал, Күнгөй Ак-Суу, Курментин, Турген, Жети-Өгүз жана Барскоон болуштуктарында 0,5 млн. теше камтыган. Пишпекте Пригородный, Лебединовка, Георгиевский, Беловодский, Сокулук, Токмок, Караконузда улантылган. 1922-жылы өз алдынча салынган Иваницкое, Барскоон ж.б. кыштактар бошотулган. Каракол-Нарын округдарында жамаат ичинде жерди пайдалануу калыбына

келтирилген. Реформа Кыргызстандагы жер-сууга болгон катмардык мамилени өзгөртүүдөгү маанилүү этаптардын бири болгон. Жыйынтыгында бай-манаптардан ашыкча жерлер, мал-жандык, айыл чарба шаймандары ж.б. алынган. Бай катмар мурунку экономикалык жана саясий жактан активдүүлүгүн жоготкон.

Реформа учурундагы жер алган дыйкандар тууралуу кыргыз акыны Ж.Бөкөнбаевдин «Жер алган кедейлерге» аттуу ырында чагылдырылган.

Мынакей келди төңкөрүш
кедейлерге арнап жер бөлүш!
Бул ишке мынтип жол ачкан
Улуу Октябрь көңтөрүш.
Кедей келди заманың,
колуңа тийип амалың.
Бай-манап калса жашынып,
айдатып барып камагын [48].

Ыр саптарында берилгендей бай-манаптардын жашырган мүлкүн ачыкка чыгарууга үндөгөн.

Жергиликтүү партиялык уюмдарга жер-суу реформасынын негизги иштерин 1921-жылдын жаз айларына чейин бүтүрүү милдети коюлган. Пржевальск уездинде реформаны жүргүзүү иштери 1921-жылдын 5-апрелинде аяктаган. Жыйынтыгында, кедей кыргыздарга 40 миң теше жер пайдаланууга берилген. Натыйжада, 20 кыштак пайда болуп анда 3461 чарба болгон. Пишпек уездинин Токмок, Сокулук, Пригородный, Беловодский, Караконуз, Лебединовка, Георгиевский болуштуктарынан 2088 теше жер жана 195 хутор алынган. Ага 30 кыргыз айылдары курулган. Пишпек уезди боюнча 54558 теше жер кедей дыйкандарга берилген. Талас өрөөнүндө жана Кара-Балта болуштуктарынан 8061 теше жер алынган [131,с.31-32] Ошону

менен бирге бай катмарлардан ашыкча деп эсептелген айыл чарба шайманы жана жумушчу мал алынган. [131,с.31-32].

Жер-суу реформасы боюнча мыйзамдар дыйкандардын алган жерине жана мүлкүнө кол тийбестигин камсыздаган. Дыйкандар алган жерин толук кандуу иштетүүсү үчүн материалдык-техникалык база менен камсыз болушу керек эле. Бул үчүн дыйкандар жумушчу мал, айыл чарба шайманы, үрөн менен камсыздалган. Алсак, Пишпек уездинде 1921-жылы жазгы жерди айдоо убагында аларга 80 миң пуд[3] үрөн, 249 ат, 80 жумушчу өгүз, 26 төө, 99 соко ж.б. шаймандар таратылган. Пржевальск уездинде 1200 соко, 1 миңден ашык мала, 816 ат, 1 миң өгүз ж.б. кайтарымсыз берилген. [131,с.46]. Көчүп жүргөндөр акырындык менен отурукташууга өтүшкөн. 1921-жылы Пишпек уездинде 1475 чарба отурукташууга өтүшсө, 1923-жылы 16457 чарба отурукташкан [131,с.44]. Ошол эле учурда Нарын уездинде жер алган дыйкандар отурукташкан жашоого өтүшкөн эмес. Анткени мамлекет дыйкандарды чарбага тиешелүү шаймандар жана жумушчу мал менен толук камсыздай алган эмес [131, с. 32].

Ошентип, 1921-жылдагы реформанын жүрүшүндө падышачылыктын көчүрүп келүү саясатынын мурасына сокку урулуп, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташуу процессине шарт түзө баштаган. Кедей-дыйкандар жер менен камсыз болгон. Айыл чарбада жаңы мамилелер калыптанган. Жети-Суу областында 2544 үй-бүлөдөн 40 шаарча, 20 хутор, 195 эч ким пайдаланбаган жерлер бошотулган. Алардан 265 сугат жери жана 62714 теше кайрак жерлер алынган [69,с.29].

Алсак, жерге орноштуруу процессинин жүрүшүндө 1921-жылдын 29-апрелине карата Каракол уезди боюнча өз алдынча көчүп келишип 25 мин теше жерди ээлеген 16 орус кыштактары, бакчалары, 3000 үй шыйпандары

---

[3] Пуд- 16,3кг жэ 16 кг барабар келген салмак өлчөм

(навестери), ж.б. курулуштар бошотулуп, кыргыз дыйкандарга берилген. Бошотулган жерлерге 1674 батрактар, кедей көчмөн кыргыздар көчүрүлгөн. Пишпек уездинде болсо, 16 өз алдынча пайда болгон кыштак, 13 хутор, 195 эч ким пайдаланбаган жерлер бошотулуп, кыргыз дыйкандарга берилген. Ал жерлерге батрактар жана Кытайдан келген 1965 качкын көчүрүлгөн. Мындан сырткары аларга көчүрүлгөндөрдүн ( Кыргызстандын аймагынан сырткары, сүргүн катары) ашыкча мүлкү катары алынган :46 жылкы, 290 уй, 116 өгүз, 1260 кой, 53 соко, 32 тырмооч,71 косилка, айыл шаймандары берилген. Баары болуп кыргыз дыйкандарына мурунку 69 өз алдынча көчүп келишкен орус кыштактары, 20га жакын хуторлор, жана 195 эч ким пайдаланбаган жер тилкелери өткөрүлүп берилген. [57,с.33].

Жер-суу реформасынын жүрүшү менен колхоздор пайда боло баштаган. 1922-жылга карата Пишпек жана Пржевальск уезддеринде 11 коммуна, 33 кооперативдик жер иштетүү өнөктөштүгү (анын ичинен 5 кыргыз), 10 совхоз уюшулган [70,с.27]. Пржевальск уездинде орустардын пайдалануусунда айдоо жердин 80 пайызы болсо, бул көрсөткүч 1924-жылы 34,4 пайызды түзгөн. Ал эми Пишпек уезддинде 1916-жылына карата 40 пайыз орус калкынын колунда айдоо жеринин 57 пайызы болсо, 1926-жылы бул көрсөткүч 41,8 пайызга азайган [57,с.241].

Ири жеңилдиктердин натыйжасында мамлекеттик айыл чарба кампаларынын иши жүрө баштаган. 1924-жылы Туркгоссель складдын Пишпек, Пржевальск, Жалал-Абад бөлүмдөрү дыйкандарга 536 соко, 253 мала, 13 мин кол чалгы, 3600 пуд темир сатышкан [144.,89-б]. Айдоо аянттары ордуна келтирилип кеңейген. Алсак Пишпек, Пржевальск жана Нарын уезддеринде 1922-жылы айдоо жерлеринин аянты 134376 дан 141287 тешеге кеңейген. 1923-жылы айдоо аянты 178727 тешеге жетип, бул 1920-жылга салыштырганда 33 пайызга көп болгон. Мал жандыктын да саны

көбөйгөн. 1920-жылы бардык малдын түрүнүн саны 1712103 болсо, 1923-жылы 2 миллиондон ашкан. Шайман жана эгүү уруктарынын жетишсиздиги, бай-манаптардын бут тосуулары ж.б. кыйынчылыктарга карабастан, биринчи иш- чара ийгиликтүү аяктаган. Пишпек уезддинде план боюнча 175 миң теше жерге эгин себүү болсо, ал 177 миң теше жерге себүү менен аткарылган. Караколдо план боюнча 74 миң болсо, ал 87 миң теше жерге ашык аткарылган. Түндүк Кыргызстан боюнча 1921-жылы жазгы эгин себүү 100 пайыз аткарылган. Айдоо жерлери 1920-жылга салыштырганда 64 пайызга көбөйгөн. 1921-жылы кыргыздардын айдоо жерлеринин үлүшү 50 пайызды түзгөн [138,с.119-120].

Жер фондуна хутор жана байлардын эсебинен 198602 теше жер алынган. Мындан сырткары фондго мамлекеттик бош айдоо жерлер жана жайыттар берилген. Жер жайыттары 3461 кыргызга берилген. Демек, 1921-1922-жылдардагы жер-суу реформасы Кыргызстандын 20-жылдарынын башындагы социалдык абалына жана экономикасына чоң таасир тийгизген. Ижара мамилелери жана чакан өндүрүштүн ролу төмөндөгөн. Реформа Кыргызстандын өрөөндүү райондорунда жүргүзүлгөнү менен ал көчмөн жана жарым көчмөндөр арасында чоң жаңылык жараткан. Көчмөндөрдүн отурукташкан жашоого өтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, отурукташуу процесси күчөгөн [136,с.4].

Жыйынтыктап айтканда, реформа элдик чарбаны калыбына келтирүү үчүн жасалган маанилүү иш-чаралардын бири болуп калган. Жогоруда аткарылган иш-чаралар татаал процесстер менен коштолгон. Жер маселеси белгилүү деңгээлде чечилсе, айрым айылдарда саясий абал курчуган. Таптык мамиледе репрессиялык мажбурлоолор орун алган. Жер бөлүштүрүү учурунда европалык калк тарабынан нараазычылыктар жаралбай койгон эмес. Орус дыйкандары өздөрүнө караганда кыргыздарга көбүрөөк жер

үлүшү берилгендигин айтып чыгышкан. Алардын ою боюнча кыргыздар жер иштетпей эле жер-сууну сатканына даттанышкан [123,с.133].

Реформа жүргүзүүдө бир топ кемчиликтер да кетирилген. Ал кемчиликтерге кеңири токтоолуга болот. Анткени советтик авторлор реформанын кемчиликтерине көп кайрылышкан эмес. Реформа учурунда комиссиялар жерге жайгаштыруу долбоорлорун жергиликтүү эл менен макулдашпай, формалдуу ишке ашырган. Реформанын директивасы боюнча жергиликтүү байлардын чарбасы орус кулактары гана жоюулууга тийиш болсо, иш жүзүндө кулак, бай-манаптардан тышкары орто катмардын чарбасы да жоюлган учурлар кездешкен [149,с.15]. Орус кыштактарында нормадан ашкан мүлк так эсепке алынган эмес. Ашык жерлер көз болжол менен белгиленген учурлар кездешкен. Плансыз алынган жерлердин натыйжасында жайыттардын аянты кескин түрдө азайып кеткен .

Сууну пайдалануу маселеси толук чечилбей, натыйжада айылдар арасында чыр-чатактар чыккан. Жер тилкелерин жоюу иштери жетишерлик аткарылган эмес. Райондогу жер берилген чарбалардын так каттоого алынбай калган учурлары болгон. Айрым кыргыздар жайгашкан райондордогу калк өз укугун толук билбегендиктен, байлар бөлүнгөн жерлерди кайрадан тартып алуу фактылары катталган. Реформа таптык тирешүү болуп турган айылдардагы саясий кырдаалды кескин курчутуп жиберген.

Орто катмарды реформага тартуу иштери алгач начар жүргөн. Бул тууралуу Борбордук комиссиянын отурумдарында да кеңири баяндалган. Анда комиссиянын орто катмардын өкүлдөрүсүз эле иш алып барышканы айтылат. Жер реформасы аларга кандай таасир тийгизээри түшүндүрүлгөн эмес. Алар өздөрүн жер берилүүчү же жерин алдыруучу топко карарын билишкен эмес [37,ф.2952,оп.1,д.64,л.3.]. Алгач алар бай катмарга ыкташкан.

Качан гана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, алар жоготууга учурабасы айтылгандан тарта кедейлерди колдогону белгилүү.

Жоюлган айылдан дыйкандар башка орус кыштактарына которулган. Анда кыштактагы жерлердин аянты эске алынган эмес. Кыштак тургундарынын өздөрүнүн жер тилкеси жок дыйкандар болгон. Ал эми орус дыйкандарын шаймансыз жаңы жерлерге сүрүү, эгин аянттарынын азаюсуна алып келген. Аталган кемчиликтерди 1927-1928-жылдары түштүк аймагынан көрүүгө болот. 1921-1922-жылдары реформа өлкөнүн түштүк аймагында татаал шарттарда жүргүзүлгөн. Реформа орустар жашаган аймактарды камтыган [90,с.22 ]. Жалал-Абад районуна караштуу Көгарт жана Андижан уездиндеги Чангент болуштугунан 115 кулак жана 50 бай деп эсептелген чарба чыгарылып, анын ордуна 210 кедей чарба жайгаштырылган. Базар-Коргон районунда 500 жерсиз кыргыздар жер менен камсыз болгон [131,с.33]. 1921-жылы район боюнча жер фондуна 46,7 миң теше жер алынган [136,с.286]. Ал эми Өзгөн болуштугунда жана Ош уездинде реформаны ишке ашыруу басмачылык кыймылдарга байланыштуу токтотулган [131,с.33]. Жер реформасы техникалык кызматкерлердин катышуусуз эле шашылыш түрдө өткөрүлгөн. Орус, украин кыштактарынан алынган ашыкча жерлер жергиликтүү элге өлчөөсүз эле таратылып берилген. Ал эми жерлери алынган славян тектүү калктар кийинки 1927-жылга чейин жерге орношпой калган [19, ф.2952,оп.1, д.71, л.158.].

Реформанын аякташы менен РКП (б) БКнын Орто Азиядагы бюросунун пленуму 18-июлда кабыл алган токтомдо: Жети-Суудa жүргүзүлгөн реформа аткаруу комитетинин макулдугу менен аткарылып, максаты жер сууну пайдаланууда жергиликтүү калк менен келгин орустардын укугун теңдөө болгон. Мындан улам жасалган иштер өзгөрүлбөстүгү белгиленген. Реформа кыска убакыттын ичинде

жүргүзүлгөндүктөн, кетирилген кемчиликтер, келип түшкөн даттанууларды жана көйгөйлөрдү кыска убакыттын ичинде чечилишин комитет көзөмөлдөөрүн белгилеген. Муну менен бирге жер реформасы бүткөндүгү жана түрдүү тартып алууларды, айдап чыгууларды токтотуу жөнүндө айтылган. Толугу менен реформа ТүркБАКтын 1922-жылдын 5-сентябрында кабыл алынган «Түркстан республикасында жерди пайдалануу жөнүндөгү негизги мыйзамдын» ишке ашышы менен токтогон.

1921-1922-жылдагы жүргүзүлгөн реформаны тариздөө менен төмөндөгүдөй жыйынтыктарды берүүгө болот.

**Жыйынтык:**

- Падышалык бийлик тарабынан алынган жерлер кыргыздарга кайтарылып берилген.
- Кедей жана орто дыйкандар накталай жана акчалай төлөнүүчү салыктардан бошотулган. Алардын кредиттик уюмдарга, сүткор-банкирлерге болгон карыздары жоюлган.
- 1920-жылдын башындагы жер-суу реформасы жер жана суу маселеси боюнча орус жана кыргыз дыйкандарынын ортосундагы колониялык мезгилден калган тенсиздикти жоюуга багытталган. Ал үчүн орус дыйкандарынан ашыкча жерлери алынып, мал өтүүчү жерлерге жана суунун башына жайгашкан орус кыштактары жана хуторлор жоюлган.
- Реформанын биринчи этабында өлкөнүн түштүк аймагында реформа орустар жашаган гана аймактарды камтып, техникалык кызматкерлердин катышуусуз эле шашылыш түрдө өткөрүлгөн. Реформанын андан ары уланышына калктын бай катмарынын каршылыгы менен бирге басмачылык кыймыл жол берген эмес.

- Жерсиз жана жери аз дыйкандарга жайыттан башка айдоо жерлери да бөлүнүп, аларга мамлекет тарабынан акчалай жардам, айыл чарба шаймандары, үрөн ж. б. бериле баштаган.
- Реформа учурунда айрым мүчүлүштүктөр кетирилген. Комиссиялар жерге жайгаштыруу долбоорлорун жергиликтүү эл менен макулдашпай формалдуу ишке ашырган. Реформанын директивасы боюнча жергиликтүү байлардын чарбасы орус кулактары гана жоюлууга тийиш болсо, иш жүзүндө кулак, бай-манаптардан тышкары орто катмардын чарбасы да жоюлган учурлар кездешкен.
- Мамлекет жер алган дыйкандарды чарбага тиешелүү шаймандар жана жумушчу мал менен толук камсыздай алган эмес.
- Жерлерди бөлүп берүү көчмөн кыргыздардын отурукташуусуна түрткү болгон.

### 3.3. Жер-суу реформасын жүргүзүүдөгү «Кошчу» союзунун ролу

Бийлик тарабынан пландалган реформалар жергиликтүү калк тарабынан кээ бирде колдоого алынса, кээ бир учурда терс көрүнүштөрдү, карама-каршылыкты пайда кылган. Мындан улам калк менен совет бийлигинин ортосундагы көпүрө катары иш алып барган бир канча коомдук уюмдар түзүлгөн. Алардын айрымдары масштабдуу жана ийгиликтүү иштерди жасаганга жетишкен. Бирикмелердин түзүлүшү менен кедей-кембагалдардын калың катмары жогоруда айтылган реформалардын жүрүшүнө жардам берүүгө умтулушкан. Мына ошондой уюмдардын бири “Кошчу» болуп эсептелинет. «Кошчу» союзу коммунисттик партиянын жана совет бийлигинин жер-жерлерде бай-манаптар менен күрөшүүдө, партиянын айыл чарбаны калыбына келтирүүдө, дыйкандарга жер иштетүүдө коомдук жардамдарды уюштуруу үчүн артелдерди түзүү саясатын жүргүзүүдө таяныч

катары түзүлгөн. Ал гана эмес «Кошчу» союзу Кыргызстандын аймагында атуулдук согуш мезгилинде Совет өкмөтүнүн башкаруусунун чыңдалышына жана бийлик аппаратынын тазаланышына да жардам берген [43,с.80].

Түркстан АССРнин бардык областтарындагы жерсиз жана жери аз дыйкандар союзунун уставы иштелип, бекитилген, анын негизинде кыргыз жана казак дыйкандарынын Жети-Суу союзу уюшулган. Бул союз кийин «Кошчу» деген жаңы ат менен атала баштаган [135,с.34]. Түркстан Коммунисттик партиясынын V съездинин токтомуна жараша уюмдун жаңы жобосу иштелип чыккан. Жободо уюмдун түзүлүшүнүн максаты, анын ролу жана мааниси жазылган. Мындан сырткары уюмдун шаардык профсоюздар менен боло турган мамилелери да аныкталган.

Түркстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин көрсөтмөсү боюнча 1921-жылдын январь айында уюмга шайлоо боюнча дыйкандардын конференциясын өткөрүү үчүн даярдыктар көрүлө баштаган. Ушул эле жылдын февраль айында Борбордук комитет жер-жерлерге уюмду уюштуруу боюнча инструкция тараткан. Партиянын обкомунун алдында коомчулукка массалык-агитациялык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча программаны иштеп чыгуу үчүн комиссия түзүлгөн.

1921-жылдын, 2-декабрында Ташкент шаарында Борбордук аткаруу комитети «Кошчу» уюмунун милдеттери боюнча атайын декрет чыгарган. 1922-жылдын 21-январында уюмдун жобосу кабыл алынган. Жободо «Кошчу» айыл чарбаны кайра калыбына келтирүү жана өнүктүрүү, уюмдун мүчөлөрүнүн экономикалык укугун жана кызыкчылыгын коргоого, эмгек кооперациясы жана өндүрүш куралдары аркылуу бирикмелерди түзүүгө милдеттүү болушкан. Белгилей кетчү нерсе, уюмдун мүчөлөрүнүн бардык юридикалык укуктар каралган. Мисалы, алар келишим түзө алган. Өзүнө тигил же бул милдеттерди жана мүлк алуу укугуна ээ болгон. Уюмдун

өкүлдөрү айылдык кеңештерди жана чарбалык-кооперативдик уюмдарды антисоветтик элементтерден тазалоо ишине катыша алган. Шайлоо учурунда шайлоочулардын тизмесин түзгөн. Уюмдун кедей мүчөлөрү мамлекеттик жана жергиликтүү салыктардан бошотулган. Ошондой эле айыл чарба шаймандарын, насыяларды алууда жеңилдиктерден пайдалана алышкан.

Кийинки мезгилде союзга бай-манаптардан алынган мал жандыктын жана айыл чарба шаймандардын бир бөлүгү берилгенин көрүүгө болот. Алсак, Токмоктогу «Кыргыз кедейлери» деп аталган уюмга 113 соко, 225 мала, 95 ат, 464 өгүз, 13 араба, 3459 пуд арпа, 859 пуд сулу, 782 пуд буудай берилген [135,с.36]. Бул жеңилдиктер дыйкандардын уюмдун курамына кирүүсүнө түрткү болгон деп айтууга болот.

Коюлган тапшырмаларды ишке ашыруу көп сандагы адам ресурсун талап кылган. Мындан улам уюмдун курамын толуктоо максатында 1921-жылдын 13-20-апрелине чейин «кедей-кембагалдардын жумалыгы» өткөрүлгөн. Мисалы, Лебединовка болуштугунда «кедей-кембагалдардын жумалыгында» 13 митинг болуп өткөн. Анда коомчулукту реформага активдүү катышууга үндөшкөн.


Айыл-кыштактарда уюмга мандикер, багбан, чайрикерлер жана орто катмардын өкүлдөрү алына баштаган. Уюмга мүчөлүккө соодагерлер, коммерциялык ортомчу жана дин өкүлдөрү ж.б. кабыл алынган эмес. Жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу үчүн жалпы жыйын өткөрүлүп турганы белгилүү. Уюмдан четтетүү да ушундай процесс менен өткөрүлгөн.

«Кошчу» союзунун аймактык съездинин биринчи чакырылышында Түркстан боюнча 98026 мүчө бар деп эсептелинсе, бул сан 1923-жылы 261256 чейин өскөн. 261256 адамдын ичинен жерсиз же жери аз 166701 батрак-мандикер, 40125 чайрикер жана 54430 орто катмар болгон [81,с.28].

Уюмдун мүчөлөрүнүн саны күн санап арткан. Пишпекте 1922-жылдын апрель айында союздун мүчөсү 13 миңге жеткен. Ал эми майда 15 миң адамга жеткен. Союзга мүчө болуу үчүн жарандардан арыздар келип түшүп турган. Бир айда 2 ирет жыйын өткөрүп турушкан. 1922-жылдын январында түндүк аймактыгы союздун мүчөсүнүн саны 30 миң адамга жеткен.

1922-жылында Сыр-Дарыя областтында 90 миң, Жети-Суу областтында 80 миңге жакын, Ферганада 25 миңге жакын мүчөсү болгон. Жалпы ТАССР боюнча 260 миңге жеткен [109,с.44]. Жети-Суу областтында уюмдун 15 пайызы орустар болгон [109,с.42]. Уюм аялдардын кат-сабаттын ачып, маданий иш-чараларга тартышкан. 1925-жылдын 1-июлуна карата уюмда аялдардын саны 1048ге жеткен. Жалал-Абадда «Кошчунун» аялдар клубу ачылган. Дал ушундай клуб Таласта да ачылган. Уюмга 16-65 жаштагы аялдар мүчө боло алган. Аларга жеңилдик берилип, кирүү взносун гана төлөшкөн.

[117,с.39]. Диаграмма 3.2. «Кошчу» союзу улуттук курамы.





Уюмдун кыймылын бириктирүү үчүн жер-жерлерде комитеттер түзүлгөн. Баштапкы жылдары Түркстан республикалары боюнча 602 комитет болсо, бул сан 1923-жылы 1911ге чейин өскөн. Алардын ичинен областтык комитет-


6, уезддик-24, болуштук жана райондук-445, айылдык-1426 комитет болгон [81,с.28].


Кошчу союзу өзүнүн уюмдук түзүлүшү боюнча айылдык, болуштук, уездик, областтык, жана крайлык комитеттерден турган.

Схема 3.2. «Кошчу» союзунун уюштуруу схемасы [81,с.66]




3. Союздун областтык комитети [81,с.66]






Уюмдун алдында татаал милдеттер коюлган. Алар чарбаны калыбына келтирүү, кедейлерге экономикалык жардам көрсөтүү, жер-суу реформасын ишке ашырууда дыйкандарды жерге жайгаштыруу, аларды айыл чарба шаймандары, унаа менен камсыз кылуу жана үгүт иштерин жүргүзүү, бай-манаптарга каршы күрөшүү болгон. Демек, союздун милдети көп тарапты камтыган. 1922-жылдын башында бардык аймактарда уюмдун съезддери өткөрүлүп, уюмдун жаңы милдеттери талкууланып, ушул жылы кедейлерге түшүм жыйноодо, конфискацияланган мүлктү таратып берүүдө уюмдун мүчөлөрү активдүү жардам беришкенин белгилейт [143,с.178]. Мындан сырткары, аталган уюм айыл чарба шаймандарын, трактор жана башка техника бөлүү иштерин аткарышкан [44,с.106].

Ар бир уезддеги уюмга жетекчи шайланган. Албетте, ал «Кошчу» уставы менен гана ишке ашырылган. Айына 2 ирет чогулуш өткөрүлүп турган. Мындан тышкары өткөрүлгөн ар бир иш-чаранын отчету Борбордук комитетке жиберилген. 1921-1922-жылы Каракол уезди боюнча Преображенский, Семиз-Бел, Николаевский, Михайловский, Марииновский, Липинский, Богатыровский айылдарында уюшулган. Мындан сырткары уюмдун төмөнкү ячейкалары түзүлгөн.

- Токмок ячейкасы 1921-жылдын май айында түзүлгөн. Бул Пишпек уездинин бир бөлүгүн ээлеп турган. Токмок ячейкасында Кошчу союзунун

мүчөлөрүнүн арасында орус жана уйгур улутундагы адамдар көп болгон. Бир айда 2  ирет жыйын өткөрүп турушкан.

- Бурана  ячейкасы 1921-жылы 25-майда пайда болгон. Ал Пишпек уезддинде катталып, Кошчунун эң активдүү уячаларынын бири болгон. Архивдик маалыматтарда бул уячада бай-манаптардын тыңчылары көп болгондуктан «кошчу» союзунун кайра түзүү мезгилинде 1927-жылдын февраль айында уячаны жоюуга туура келген.
- Беловодск ячейкасы Пишпек уездинин ичинде 1924-жылы 1-январда түзүлгөн. Башкаларга салыштырмалуу маданият иштеринде активдүү катышкан жана Пишпек уезддиндеги мектептерди түзгөн мүчөлөр дал ушул уячанын башчысы болуп шайланышкан. Бул жерде уюмдун мүчөлөрү салыштырмалуу маданият иштеринде активдүү катышкан. Пишпек уезддиндеги мектептерди түзгөндөр дал ушулар болушкан [14,ф.721,оп.1,ед.хр.6].

Жерди кайра бөлүп берүүдө уюм чоң жардамчы болгон. Анын жардамы менен «Кызыл чайхана» жана библиотекалар ачылган. Уюм жер реформасына гана эмес, сабатсыздыкты жоюуга чоң салым кошкон. Ошол эле учурда уюмдун болуштук, уезддик жана областтык съезддери өтүп, айыл чарбаны калыбына келтирүү, дыйкандардын абалын жакшыртуу ж.б. көйгөйлөр каралган. Реформанын жүрүшүндө бай-манаптар менен күрөшүүдө алдыңкы орунда «Кошчу» уюму турган.  Токмок уезддинде уюмдун мүчөлөрү тарабынан кулактардын мүлкү конфискацияланып, алынган айдоо жерлери кедей кыргыз-казактарга берилген. Мындан сырткары 113 соко, 325 мала, 95 ат, 464 өгүз, 5,5т. буудай, 14т. сулу, 12,6т. арпа жана айыл чарба шаймандары таратылган [81,с.20]. Ошондой эле жумушчу мал жана айыл чарба шаймандары таратылган. Жети-Суу областында кулактардан алынган жерлер 7000 үй-бүлө казак-кыргыздарга

берилген. 1920-1921-жылдары уюмдун түздөн-түз катышуусу менен фонддун эсебине түшкөн 254 миң гектар 12826 батрака берилгенин белгилейт [81,с.21].

1922-жылы жазгы жана күзгү талаа иштеринде уюм дыйкандарга конфискацияланган үрөн, шайман бөлүп берүүдө жардам беришкен. Пишпек уезддинде реформа убагында союзга 1500 соко, 135 орок, 500 өгүз, 500 ат, 290 төө, 145 кой берилип, кийин ал кедейлерге таратылып берилгенин белгилейт [135,с.37].

Реформа учурунда бай кулактардан алынган жерлерге айыл чарба артелдери уюштурулган. Жалал-Абад болуштугун 46 артел уюштурулган. «Дыйкандардын үйлөрүнө» өзгөчө көңүл бурулган. Ошону менен бирге алардын саны да өскөн. Мисалы: 1925-жылы Пишпекте 2 үй ачылган. Алардагы иш барган сайын пландаштырыла баштаган. Эл агартуу, кооперация, агропропаганда, саясий суроолор боюнча лекциялар окулган. Мындан сырткары, юридикалык кеңештер берилген. Фрунзедеги бөлүмүндө бир айдын ичинде айыл чарба боюнча 150, укук боюнча 20 ж.б. маалымдама беришкен [117,с.37]. «Кошчу» союзу митингдерде, чогулуштарда сууну пайдаланууну жакшыртуу, элдин билим алуусу тууралуу маселелерди көтөрүп чыккан.

«Кошчу» союзунун жасаган ар бир кадамы мезгилдүү басылмаларда чагылдырылып турган. Ал эми архивдик материалдардан союздун ишмердүүлүгү жөнүндө съезддердин токтомдору, акт, резолюция, айлык жана жылдык отчеттору жана пландары сыяктуу документтерди кеңири жолуктурууга болот. Ал материалдарга таянуу менен союздун ишмердүүлүгүн 2 этапка бөлүп кароого болот. Биринчи этабы 1921-1926-жылга чейинки мезгилди камтыйт. Ал эми экинчи этабы 1927-1929-жылдары (союздун кайрадан түзүлүшүнөн кийинки мезгил, реорганизация).

Алгачкы мезгилинде съезддге катышкандардын баары «Кошчу» сюзунун мүчөлөрү болуп калышкан. Атайын түзүлгөн комиссия кыдырып, расмий түрдө уюмдун мүчөлөрүн каттоого алышкан. Андыктан союздун алгачкы жылдарындагы уюмга мүчө болгондор эч кандай сыноолордон өтпөстөн эле дайындалып калган [33,ф.722,оп.1ед.хр.11,л.35.]. 1926-1927-жылдары атайын кандидаттар сынактан өткөрүлүп, уюм тарабынан коюлган талаптарга ылайыкталып кабыл алынган. Бул иш-чара үчүн атайын бир канча пунктан турган жобо кабыл алынган. 1920-21-жылдардагы ачарчылык айыл чарба тармагына терс таасирин тийгизген. «Кошчу» союзу коюлган тапшырмаларды так аткарууга, дан өсүмдүктөрүн көбөйтүү сыяктуу маселелердин үстүнөн иш алып барган [40,с.76].

Ал эми 1925-1930-жылга чейин коммунисттик партиянын жетекчилиги алдында басмачылар менен күрөшүүгө, маданий революцияны жана жер-суу реформасын жүргүзүүдө, дыйкандарды кооперативдештирүү, айыл чарбасын жана экономикалык абалды жогорулатууда салым кошушкан. Өзгөчө 1925-1930-жылдары жергиликтүү кеңешти чыңдоодо уюм активдүү роль ойногон. Пишпекте жергиликтүү кеңештин жалпы 1196 мүчөсү болсо, анын 302си Кошчудан болгон. Пржевальскийде 845 мүчөнүн ичинен 305и, Сокулук болуштугунда депутаттардын 70 пайызын Кошчунун мүчөлөрү түзгөн [118,с.78]. Жогоруда көрсөтүлгөндөй жергиликтүү органдар жеткиликтүү тажрыйбага ээ болушкан эмес. Айрымдар бюрократизмге жол берген, ишке жоопкерчиликсиз мамиле кылгандары да болгон. Ал эми жогорку органдар айылдардагы абалдан кабардар болушкан эмес. Булардын себеби жогорку тап басмачылык кыймыл, антисоветтик кайрылууларга көңүл бурганында. Совет бийлигин чыңдоо кыштак-айылдарда социалисттик чарбалык жана саясий курулушту куруу үчүн класстык тазалоону баштаган [81,с.34].

«Кошчу» союзу бай-манаптар менен күрөшүүдө чоң роль ойногон [42,с.52]. Бай- манаптар союзду жок кылуу үчүн союз башчыларын өзүнө тартууга да аракет кылышкан. Уруулар арасында каршылашууга чейин алып келишкен. Уюмга өз мүлкүн коргоп калуу максатында киргендер болгон. Чечимдерди өз кызыкчылыгы үчүн колдонгондор кездешпей койгон эмес. Союз жана бай катмар арасында кагылышуулар кеңири болгон. Буга далил катары 1925-жылы Тоң болуштугунда «Кошчу» союзунун бай-манаптар менен болгон кагылышуусун мисал катары алууга болот. Бул эки тараптуу кагылышууда Кошчунун 13 мүчөсү кайтыш болгон [22, ф.847, оп.1,ед.хр. 9, л.14.].

Ошол эле учурда иш-чара учурунда уюмдун кемчиликтери болгон. Бул тууралында "Туркестанская правда" газетасынын 1923-жылдын февраль айындагы санында Кошчунун жазгы талаа иштерине болгон даярдыгы төмөндөгүдөй жазылат: "... биздин аймакта айыл-чарбанын артта калгандыгын баарыбыз билебиз. Мына 4 жылдан бери Кошчунун бул маселени жоюу үчүн кылган аракеттери да болду. Бул жылга чейинки иштер көрсөткөндөй, Түркстан, анын ичинде Кыргызстандын аймагында жазга даярдык өтө төмөн. Өзгөчө 1920-21-жылдардагы ачарчылык 2 айыл-чарба тармагына терс таасирин тийгизди. Бул жылдын жазы айдоо, себүү иштерине өтө кылдаттык менен киришип, түшүмдүүлүктү, өндүрүмдүүлүктү арттыруубуз зарыл. Кошчунун көздөгөн максаттары дайыма ишке ашпай жатат. Кээ бир мезгилде алдына койгон тапшырмаларды так аткаралбай, зыян келтирип жатат. Кошчулар түшүмдүн артышы дан өсүмдүктөрүнүн көбөйүшү дал ушул маселелердин үстүндө алдына коюлган иштерди так аткарса, талыкпай эмгектенишсе, эң жогорку көрсөткүчтөргө жетишмекпиз..." [40,с.76]. Аталган кемчиликтер бай-манаптардын таасиринен толук арылбагандыктан келип чыккан. Бул жагдай уюмдун

мүмкүнчүлүктөрүн чектеген. Кошчунун мүчөлөрү, байларга каршы күрөштө мүмкүнчүлүктөрүнүн аз болгондугу үчүн иштерин толук аткара алышкан эмес. Кээ бир учурларда алар манаптардын максатын колдоп, аларга жардам беришкен. Ошол эле учурда уюмдун курамында сабатсыз адамдар да болбой койгон эмес. Айрым архивдик булактарда уюмдун мүчөлөрүнүн 95 пайызы сабатсыз болгону жазылат [31,ф.10,оп.1,ед.хр.143,л.26.].

Мындан улам уюмдун курамын бай катмардан же эски калдыктардан тазалоо иши башталган. Бай-манап деп эсептелип, уюмдун мүчөлөрүнүн 17 пайызы четтетилген [118,с.78]. Процесстен кийин бардык республикалар боюнча 261256 адамдан 76006 адам чыгарылып, бул 29,1 пайызды түзгөн. Натыйжада, уюмдун катарында 185250 адам калган. Уюмга жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу башталып, 25669 жаңы мүчө кошулган. 1924-жылы Түркстан боюнча уюмга 210919 адам мүчө болуп катталган [80,с.31]. 1923-24-жылдары тазалоодон кийин Нарын уезддинде уюмдун 50 пайыз курамы чыгарылган. Пишпек уездинде 17 пайызы калган [143,с.179]. 1926-жылдын жаз айында кайра уюштуруу башталган. Натыйжада уюмда 36225 мүчө калган. Социалдык абалы боюнча реорганизация болгонго чейинки катмар эле калган. 1929-жылдын 15-25-январда болгон БКП (б) бешинчи областтык конференциясында уюмду тезинен реорганизция кылуу каралган. Натыйжада кошчунун ордуна «Жарды-жалчы» уюму түзүлгөн.

**Жыйынтык:**

1920-1930-жылдар аралыгында Кыргызстанда жүргүзүлгөн реформаларын ишке ашуусун «Кошчу» уюмусуз элестетүү мүмкүн эмес. Уюм кыргыз элинин социалдык маселелеринин бири болгон таптык түзүлүштүн өзөгүн солгундатууда, жер-суу реформасын жүргүзүүгө көмөкчү болгон. Уюм жер-суу реформасын ишке ашырууда, айыл чарбаны калыбына келтирүү, салык жыйноо, дыйкандарды айыл чарба шаймандары менен

камсыздоо иштерин камсыз кылган. «Кошчу» союзу жер-суу реформасынын ишке ашышына гана эмес, коомдун маданий жактан өнүгүүсүнө да салым кошконун белгилөөгө болот. Ошол эле учурда «Кошчу» союзу жогоруда келтирилген иштерди аткаруу менен катар эле өздүк курамын таптык жат элементтерин тазалоо ишиш да алып барган. Натыйжада, 1929-жылы «Кошчу» союзунун ордуна «Жарды-жалчы» уюму түзүлгөн.

# IV БАП. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН ЭКИНЧИ ЭТАБЫ

## 4.1. Реформаны камтыган райондорду аныктоо, жайгаштыруу маселеси

1927-жылы кыргыз чарбаларынын саны 145114кө жетип, анын 62 пайызынын жашоо образы көчмөн жана жарым көчмөн болгон. 6,8 пайызды түзгөн бай-манаптардын колунда ири мүйүздүү малдын 17,2 пайызы, жылкынын 35 пайызы, төөнүн 49 пайызы, майда малдын 82 пайызы болгон [69,с.41]. Ошентип республикадагы малдын жарымынан көбү байлардын колунда болгон. Мындай концентрация жана жайыттардын байлардын колунда болушу, батрактардын эмгек күчүн колдонууга алып келген. Совет бийлигинин орногонуна 9 жыл болгонуна карабастан, Кыргызстандын түштүк аймагында жер участокторун мыйзамсыз түрдө сатуу улана берген.

Демек, айта кетчү нерсе республиканын түштүк аймагында сугат жерлери мураска берилип келген, 0,5ден 2 гектарга чейин майда жер участоктор көп болгон. Жер ээси бир эле райондо эмес, бир канча райондон жер алууга жетишкен. Мындай фактылар өзгөчө Ош областында көп кездешкен. Кайрак жерлерге келсек, практика жүзүндө бул жерлер да мураска берилген. Ал малды жаюуга гана керектелип, өзгөчө кызыгуу туудурган эмес. Мындан тышкары, жерди пайдалануунун жамааттык түрү

болгон. Бирок жерди бөлүү укугу уруу башчысынын колунда болгону белгилүү.

Айыл чарбасын өнүктүрүүдө суунун өзгөчө мааниге ээ экени талашсыз. Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстанда суу бай-манаптардын колунда болгон. Суу да, атадан балага мураска берилген фактылар кездешкен. Муну шарият мыйзамдарына туура келет деп ынандырышкан. Мисалы, Ош областынын Ичкилик болуштугунда кедейлер 1-4 саатка чейин жерин сугарса, байлар үчүн убакыт чектелген эмес [37,ф.2952,оп.1,д.64]. Караван кыштагында бай катмарлар жүздөгөн танап жерлерге жана сууларга ээлик кылып, сугат үчүн сууларды сатышкан. Албетте суuга жетпеген дыйкандар керектүү түшүм ала алган эмес.

1925-жылы 14-мартта Орто Азия РКП(б) БКнын бюросунда Орто Азиядагы жер-суу мамилелери талкууланган. Анда берилген маалыматтардын ичинен И.Зеленскийдин билдирүүсүнө токтолууга болот. Анда «... Суулар уруулар арасында бөлүнгөн. Мындай бөлүштүрүү кээ бир уруулар үчүн акыйкатсыз болгон. Анткени суу адам санына жараша бөлүнгөн. Кээ бир урууларда адамдын саны көп, айрымдарында аз. Жашоочулардын саны аз сандагыларга айрым учурда көп суу берилсе, көп сандагы уруулар үчүн суу жетишсиз болгон. Ошондуктан бирине суу керектөөсүнөн ашык берилсе, айрымдарына суу жеткен эмес. Эң кызыгы балдарына эртерээк жер-суу тилкесин алуу үчүн бай катмар балдарын эрте үйлөнткөн фактылар да кездешет. Ошентип байлар жер-суунун көп бөлүгүнө ээ болуп калышкан» [87,с.5].

Кыргызстандын түштүгүндө агрардык реформаны жүргүзүү узак мөөнөткө кечиктирилишинин себептеринин бири катары, массанын даярсыздыгы, айылдагы катмардык бөлүнүүнү айтууга болот. Административдик кызматтарда бай катмардын өкүлдөрү иштешкен.

Көпчүлүк дыйкандар бай-манаптардан көз каранды абалда болуп, аларды колдоого муктаж болушкан. Ал эми 1921-1922-жылы жүргүзүлгөн реформа учурунда европалык кулактардын чарбалары жоюлуп, жергиликтүү кыргыз жана өзбектердин чарбасына тийишкен эмес. Көчүрүп келүү башкармалыгы тарабынан курулган орус жана украин кыштактарын жоюу боюнча эч кандай иш жасалган эмес. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында Жалал-Абад округунда Ийри-Суунун боюндагы жашаган украина жана орус кыштактары басмачылар тарабынан талкаланып, тургундар калк жыш жайгашкан райондорго качышкан. Реформа жүргөн мезгилде, башкача айтканда, 1921-1922-жылдары европалык калкты Ийри-Суу өрөөнүнө кайтаруу каралган эмес. Аларды башка орус кыштактарына кошуу чечимин кабыл алышкан.

1921-1922-жылдары Ош жана Жалал-Абад округдарында 40 орус жана украин кыштактары 144 хутор жоюлган. 17 кыштактан кулактар чыгарылып, 46229 теше жер алынган [19,ф.2952,оп.1,д.71,л.157.]. Бирок 1921-1922-жылдагы жер реформасы техникалык кызматкерлердин катышуусуз эле шашылыш түрдө өткөрүлгөн. Алынган жерлер жергиликтүү жана келгин калк арасында тең бөлүнгөн эмес. Жогоруда айтылган Ийри-Суу өңдүү өрөөндөрүндө бош миңдеген гектер жерлер иштетилбей калган [19, ф.2952, оп.1, д. 71, л.158.].

Ушул маселелерден улам аймакта агрардык маселени кечиктирбестен чечүү зарыл эле. Бир тараптан калктын жер-сууну пайдалануусунда бирдей укукту камсыздабастан, совет бийлигин бекемдөө мүмкүн эмес болчу. Фергана, анын ичинде Ош жана Жалал-Абад округдарында жерге жайгаштыруу иштерин тезинен жүргүзүү керектигин убакыт көрсөткөн. Бул иш-чаралар саясий-революциялык (кедей-дыйкандарды биринчи орунга коюу) ошол эле учурда экономикалык (айыл-кыштактарга көңүл бөлүү) фактор болуп, аны ишке ашыруу өтө кылдаттыкты талап кылган.

Өзбекстандагы жер-суу реформасынын жыйынтыгынан кабардар болгон өкмөт, Ош жана Жалал-Абад округунда жер-суу реформасын жүргүзүүгө чечкиндүү кадам таштаган. Бул иш үчүн борбордон каражат алуу сунуштарын жөнөтө баштаган. 1924-жылдын, 25-июнда БАКтын президиумунда Фергана обласотында жер реформасын жүргүзүү боюнча токтом кабыл алынган. Бирок басмачылык кыймылдар иш-чараларды аткарууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Реформаны ишке ашыруу үчүн иштер 1927-жылга чейин созулган.

1924-жылы улуттук чек араларды бөлүштүрүү убагында округдук райондор түзүлүп, Кыргыз автономиялуу обласотында 4 округ түзүлгөн. Ош округуна Кокон уезддинен 2, Фергана уезддинен 5 жана Ош уезддинен 12 болуштук кирген. Жалал-Абаддын курамына Андижан уездинен 10 болуштук, Наманган уездинен 10 болуштук кирген [19,ф.2952,оп.1,д.71,л.154.].

Ош кантонунда 1927-жылдын 16-июлда ВКП(б) обкомдун 2-пленумунда реформаны жүргүзүү жөнүндө атайын докладдар окулуп, комиссия түзүлгөн. Реформа жүргүзүү үчүн болжолдуу пландар иштелип чыккан. Архивдик документтерден реформаны жүргүзүү боюнча иштелген пландарды көрүүгө болот. Мисалы, жер реформасын жүргүзүүгө даярдык иштерге (каттоо-статистикалык) 2 ай мөөнөт берилген. Реформага жооптуулар катары:

а) *Борбордук аппарат.* Борбордук комиссия 9 мүчөдөн, анда 2 техникалык кызматкер: юрист-экономист, катчыдан турат. Аларга эки айга 806 рубль 72 тыйын айлык берилмек.

б) *Кантондук аппарат.* 2 кантондук комиссия курамында 9 адам. Алдында 6 техникалык кызматкер. Анын ичинде 5 инструктор. Аларга эки айга 3619 рубль 88 тыйын суммасында акча коротулмак.

в) *Болуштук аппарат.* 20 болуштук комиссияда 3 мүчө, анын алдында 5 техникалык кызматкер. Анын ичинде 4 статист. 20 комиссияга эки айга 13100 рубль суммадагы айлык чыгат. Жалпы борбордук, кантондук жана болуштук комиссияга эки айга 17526 рубль 60 тыйын. Анын ичинен - жергиликтүү комиссия 1пайызы 175 рубль 27 тыйын, социалдык камсыздандырууга 10 пайызы 1752 рубль 66 тыйын кармалса, жыйынтыгы 19454 рубль 53 тыйын болот [34,ф.10,оп.1,ед.хр.129,л.191.]. Реформага даярдык иштерине план боюнча 199 адам тартылып, анын ичинде 144 техникалык кызматкер иш алып бармак. Жерге жайгаштыруу сметасы түзүлүп, ал төмөнкүдөй бөлүнгөн.

Таблица 4.1. Жерге жайгаштыруу сметасы [34,ф.10,оп.1,ед.хр.129,л.192-193.].

| Аталышы | Смета менен каралган, мам.планга кабыл алынган | Кыргыз АССР Эл ком.кеңешинин смета кепилдиги алдында алынган | Алынгандардын ичинен | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Түштүк кантонго которулган | Көрсөтүлгөн документтерге жана Фрунзеде коротулган | Калдык |
| Реформа боюнча иш чараларга | 184380 | 54438 | 37000 | 6564 р.75т. | 10873р. 25 т. |

Калкка 1927-1928-жылына узак мөөнөттү кайтарымсыз жардам берүү каралган. Бул жардам эки негизги кедей жана жарды (мүлкү жетишсиз) үй-бүлөлөр үчүн жалпы 2150000 рубль каралган.

Таблица 4.2. Кедейлерге жана мүлкү жетишсиздерге акча каражатынын бөлүштүрүлүшү [29,ф.847,оп.1,ед.хр.15,л.192-195.].

| № | Топтор | Мал жандыктарга, айыл-чарба шаймандарына | Үрөнгө | Жалпы сумма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кедейлер | 870000 руб. | 30000 руб. | 900000 руб. |
| 2 | Мүлкү жетишсиздерге | 1200000 руб. | 50000 руб. | 1250000 руб. |
| | Жалпы | 2070000 руб. | 80000 руб. | 2150000 руб. |

Жер-суу реформасын жүргүзүү үчүн төмөнкү иш-чараларды аткаруу пландалган.

1. Территориядагы бардык жерлерди каттоого алуу. Бул категориядагы жерлерге: мамлекеттик жерлер, жер ээлигинен ажырата тургандардардын жери, вакуфтар, дайынсыз жоголгон жана ээсиз калган (выморочный) жарандардын чарбалары, кайра сугатка айландырылган жерлер жана калктын колдонуусунда болгон жерлер каттоого алынган. Жер-суу реформасы боюнча иш-чаралар Ош жана Жалал-Абад кантондору боюнча 497175 гектар жерди камтып, төмөнкү болуштуктар каралган.

Таблица 4.3. Ош жана Жалал-Абад кантондорунда боюнча чарбалардын саны жана сугат-кайрак жерлердин аянты [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130].

| № | Болуштуктардын аталышы | Чарбалардын саны | Сугат-кайрак жерлердин аянты |
|---|---|---|---|
| Ош | | | |
| 1. | Яссы | 2246 | 4801-13114 |
| 2. | Өзгөн | 2272 | 9078-137 |
| 3. | Ак-Жар | 1790 | 4480-11579 |
| 4. | Куршаб | 3504 | 6198-26381 |
| 5. | Кашгар-Кыштак | 3083 | 14401-9523 |
| 6. | Ош шаары | 6221 | 12139-345 |
| 7. | Ак-Буура | 2573 | 9688-34075 |
| 8. | Араван | 3338 | 10341-11499 |
| 9. | Ичкилик | 2934 | 12477-28122 |
| 10. | Найман | 1200 | 6613-13832 |
| 11. | Жоокесек-Бостон | 800 | 1248-31610 |
| Бардыгы: | | 29961 | 93464 сугат, 183407 кайрак |
| Жалал-Абад | | | |
| 1. | Чанкент | 1877 | 4347-15960 |
| 2. | Жалал-Абад | 3851 | 10569-8205 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Базар-Коргон | 3691 | 9562-23823 |
| 4. | Көгарт | 4412 | 3969-16922 |
| 5. | Масы | 1908 | 8860-7050 |
| 6. | Ноокен | 1608 | 8130-4646 |
| 7. | Аим | 4578 | 10183-11281 |
| 8. | Баястан | 1219 | 15135-674 |
| 9. | Багыш | 1412 | 7154-11738 |
| Бардыгы: | | 24562 | 77909 сугат, 100299 кайрак |
| Жалпы: | | 53523 | 171374 сугат-283707 кайрак |
| | | | 455081 теше (десятина) жер 497175 гектарга барабар |

Таблицада берилгендей, Ош кантону боюнча иш-чара 93464 га сугат, 183407 га кайрак жерди. Жалал-Абад кантону боюнча 9 болуштукту камтып, бул 77909 га сугат, 100299 га кайрак жерлер ичине кирген.

Реформаны ишке ашыруу боюнча инструкциялар ВКП (б) Областтык комиссиянын Аткаруу комитетинин бюролорунда кеңири талкууланган. Алсак 1926-жылы 3-августтагы комитеттин отурумунун № 44 протоколуна көңүл буруугa болот. Анда жерге жайгаштыруунун негизги максаты уруулук көз-карандылыкты жоюп, берилген жерлерге толук ээлик кылууну камсыздоо негизги милдет экени белгиленген. Биринчи кезекте аймактагы дыйканчылык жана мал чарбасы менен алектенгендерди категорияга бөлбөй зарыл болгон жерге жайгаштыруу. Бардык коллектив жана коммуналар биринчи кезекте жерге жайгаштырылыш керектиги макулдашылган [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.5.]. Мындан сырткары жерге жайгаштыруу токтомун түзүүдө, дыйкандар коллективдүү чарбага өтүүнү кааласа, мамлекеттин эсебинен жайгаштыруу каралган. Жерге жайгаштыруу иштеринде Облкомиссияга кедей катмарга жеңилдик берүү маселесин иштеп чыгуу тапшырылган [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.5.]. Жерлерди туура бөлүштүрүү үчүн

Ош, Жалал-Абаддагы бардык отурукташкан райондорунда экономикалык-статистикалык изилдөө жүргүзүү пландаган [19,ф.2952,оп.1,д.71,л.165.].

Иш-чаранын жүрүшүндө реформанын укуктук жоболору аныкталган. Агрардык жана жерди бөлүп берүү боюнча долбоорлор иштелип чыккан. Маанилүү долбоорлордун бири Кыргыз АССРинин Борбордук аткаруу комитети жана Эл комиссарлар кеңеши тарабынан 1927-жылы 12-ноябрда Ош жана Жалал-Абад кантондорнда жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө кабыл алган декрети [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.117.]  болуп саналат.

Түштүк аймактагы реформа дал ушул декреттин негизинде аткарылганына байланыштуу жобонун долбооруна кененирээк токтолуп кетүү керек. Анда 1927-1928-жылы жер-суу реформасы жүргүзүлө турган болуштуктар белгиленген. Оштогу 8 болуштук: Араван-Бура, Куршаб, Өзгөн, Ноокат-Турук, Ичкилик, Кулжин, Исфайрам. Жалал-Абадда: Майкент, Базар-Коргон, Көгарт, Чанач аймактары кирген.

Декретке ылайык бардык жерлер алынып, жерге муктаждарга жана жери аз дыйкандарга берүү үчүн мамлекеттик фондго өткөрүп берилиши шарт болгон. Мамлекеттик фондго төмөнкү категориядагы жерлерди алуу каралган.

Сугат жеринин аянты 32 гектардан ашкан чарбалардын жерлери алынган. Мындан сырткары алардын мал жандыктары жана шаймандары, ошондой эле айыл чарба имараттары алынууга тийиш болгон. Аянты 75 гектардан ашкан кайрак жер алардын ээлеринин жайгашкан жерине карабастан, дыйканчылык үчүн колдонулган мал жандык жана инвентарлар, бирдей негизде ээликтен ажыратылган [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.117]. Мамлекеттик фондго айылда жашабаган өзү же үй-бүлө мүчөлөрүнүн күчү менен жер иштетпеген жарандардын жерлери алынган. Ошондой эле фонд кыштакта жашаган, бирок өзү же үй-бүлө мүчөсү тарабынан жер иштетпеген,

кошумча соода булагы болгон чарбалардын жерлери менен кошумчаланган. Мындан сырткары революция жана басмачылык кыймылдан кийин өлкөнүн аймагынан чыгып жана кайрылып келбеген жарандардын жерлери фондго берилген [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.117.]. Район үчүн белгиленген нормадан ашык чарбалардын жерлери да фондго өткөрүлүп берилген. Жогоруда белгилеп өткөндөй нормалар райондун өзгөчөлүгүнө жараша аныкталган. Декретке жараша айдоо-себүү иштери туруктуу жүргүзүлбөгөн аймактарда жер реформасы жүргүзүлгөн эмес.

Жерсиз жана жери аз дыйкандарга жер берүү үчүн жогорудагы беренеден сырткары фондго Наркомземдин жана анын жергиликтүү органдарынын карамагындагы мамлекеттик жерлер, качкын, белгисиз жоголгон жарандардын чарбалары, мамлекеттин каражаты жумшалган жаңы сугат жерлери, ижарга берилген же чайрикерлер иштетилген совхоздор алынган [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.117.].

Жободо элдик комиссарлар кеңешине, жер реформасынын алкагында чарбалардын керектүү жарак-жабдыктар жана жумушчу мал менен (ат, эшек, өгүз ж.б.у.с.) камсыздоо боюнча шарттарды жана иш тартибин түзүү сунушталган. Жогоруда белгиленгендей, нормалар Кыргыз АССРнин Эл комиссарлар кеңеши тарабынан аныкталып, Борбордук Аткаруу комитети тарабынан бекитилген [30,ф.2952,оп.1,д.40,л.3.]:

- болжолдуу түрдө сугат жерлердин 5-6 га калтыруу нормасын бекитүү;
- кайрак жерлерди кошуп берүү же алуунун нормасын эсептөөдө арендалык жерлерди кайтарып алууда бекитилген белгилүү бир районго бөлүнүп берилген дың жерлердин коэффициенттерин эсепке алуу;

- мамлекеттин жер байлыктары жана жаңы айдоо аянттары үчүн сугат жерлерин бөлүп берүүнүн нормасын, айыл-чарбалык аймактык бөлүштүрүүгө ылайык 3-4 га деп бекитүү;
- чарбага тиешелүү жерлерди иштеткен чайрикерлер боюнча, чайрикердин үлүштүк жери аталган аймакка бөлүнгөн үлүштүк жердин нормасына ылайык келе тургандай болушу;
- айдоо-себүү иштери туруктуу жүргөн жерлерде бөлүштүрүүнүн нормасын аныктоодо бөлүштүрүү, нормаларын түзүүдөгү принциптерге таянуу сунуштары берилген [30,ф.2952,оп.1,д.40,л.3-4.]. Вакуфтук жерлер алынган эмес. Мында мечиттин карамагындагы жерлер алынбагандыгынын себеби партия органдарынын гумандуулугунан эмес, элдин каршы чыгуу коркунучунан улам болгон.

Демек, ошол эле учурда өзү же үй-бүлө мүчөсү тарабынан иштетилбесе деле район үчүн бекитилген нормага жараша төмөнкү категориядагы чарбалардын жерлери сакталып калган (жерине тийген эмес).

а) Согуштун инвалиддери жана кызматта турган кызыл армиячылардын чарбалары;

б) жери, жумуш күчү же  шайманы жок, аз камсыз болгон чарбалар;

в) шайлоону өткөрүп жаткан адамдардын чарбалары;

г) мамлекеттик, кооперативдик жана жеке ишканаларга кызматка кирген дыйкан, кол өнөрчүлөрдүн чарбалары;

д) эмгекке жарамсыз мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик ишкана мекемелерде кызмат кылгандардын, мугалимдердин, майда соодагерлердин, төмөнкү диний өкүлдөрдүн жерлери алынган эмес [95,с.65].

1924-жылы улуттук бөлүнүүдөн кийин Өзбекстан ССРи менен Кыргыз АССРинин чектешкен аймактарында үйү турган жер (усадьбалык жери) Өзбекстандын аймагында болуп, ал эми жер үлүшү Кыргызстандын

аймагында калып калган учурлар кездешкен. Ушул учурда алар Өзбекстандан жер үлүшүн албаса, анда кыргыз тарап үлүш берген.


Жер фондуна топтолгон жерлерди, жери жок, же аз аянттагы жери бар, дыйкандарга баарына бирдей жеткиликтүү кылып бөлүштүрүү негизги милдет эле. Аталган жобонун 3-беренесинин тартибинде жер үлүштөрү биринчи кезекте чайрикер жана батрактарга берилген. Кийинки кезекте райондун жери аз жарандары алган. Андан кийинки кезекте өз күчү менен иштетүүнү каалаган жерсиз жарандар турган. Ал эми конфискацияланган айыл чарба шаймандары жобонун 1-беренесине ылайык, чайрикер жана батрактарга жана шаймансыз чарбаларга бекитилген нормага жараша таратылып берилүүгө тийиш болгон. Жери жок, жергиликтүү калктан болбогон дыйкандар, анын ичинде дыйкан чарбаларында жалданып иштеген орустарга - кыргыз дыйкандары менен тең катарда жаңы айдоо жерлеринин эсебинен үлүш берүү каралган. Жер үлүштөрүн бөлүүдө кедей катмардан болуусуна көңүл бөлүнгөн [27,ф.847,оп.1,ед.хр.3,л.29.].

Таблица 4.4. Жергиликтүү жана келгин калк эске алынган категориялар [27,ф.847,оп.1,ед.хр.3,л.29.].

| Жергиликтүү жана келгин калк үчүн | Келгин калк үчүн |
|---|---|
| Өз алдынча чарба жүргүзгөн батрак же коомдук жана советтик кызматтарда иштөөсү; | Ар бир айылда келгин калк, өз алдынча чарба жүргүзгөн же батрак же коомдук жана советтик кызматтарда иштесе. Эмгекчи катмарда турса; |
| белгилүү бир жерде жашап, чарба күткөн жер үлүшүн алууну каалаган жаран; | келгиндер же качкын эмгекчилер 1924-жылдын 1-декабрына чейин учурда катталган жеринде жашаса, өз алдынча чарбага ээ болсо; |
| | Түркстанда мурун жашап, 1916-1923-жылдары аймактан чыгып кетип, кайра кайрылып келген болсо, 1924-жылдын 21-декабрына чейин батрак катмарында болушу; |

Аталган декреттин жана анын инструкциялары 1-декабрда жарыяланып, 5-декабрдан тарта аны аткаруу башталган. Түштүк жергесиндеги реформаны жүргүзгөн органдар төмөнкүлөр болуп эсептелинген.

Схема 4.1. Түштүк жергесиндеги реформаны жүргүзгөн органдар [95,с. 66].




Борбордук комиссия Кыргыз АССРнин Борбордук аткаруу комитетинин алдында уюшулган. Кантондук комиссия Ош жана Жалал-Абад кантондук аткаруу комитетинин алдында, болуштук комиссия болуштук аткаруу комитетинин алдында түзүлгөн [95,с.66]. Жыйынтыктап айтканда 2 кантондук, 15 болуштук комиссия түзүлгөн. Аталган комиссиялар жер-суу реформасын жүргүзүүдө эбегейсиз чоң роль ойногон. Андыктан комиссиянын укуктук-нормативдик негиздерине токтолууга болот.

1927-жылдын ноябрь айында Кыргыз АССРнин Борбордук аткаруу комитетинин юбилейлик сессиясында жана РСФСР элдик комиссиянын 1927–жылдын июлда кабыл алган декреттин негизинде Борбордук комиссия реформаны жүргүзүүдөгү бардык иштерди башкарууга укук алган [18,ф.2952,оп.1,д.67,л.16-17.]. Ошентип түштүк аймактагы бийликтин ыйгарымдуу өкүлдөрүнө айланган. Борбордук комиссияга агитация иштерин жүргүзүү, дыйкандарды шайман менен камсыз кылуу, маалыматтык бюро жана оформления иштерин аткаруу жүктөлгөн. Ал эми Борбордук комиссиянын негизги милдеттерине токтоло кетсек. Аталган комиссия:

- жер-суу реформасын жүргүзө турган кантондук комиссияларды уюштуруу;
- кантондор боюнча жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча пландарды иштеп чыгуу жана бекитүү;
- реформа менен байланышкан иш-чараларды алып баруу, көзөмөлдөө, башкаруу;
- жаңы сугат жерлериндеги иштерге байкоо, жер-иштетүү формасын бекитүү, бул жерлердеги жерге орноштуруу долбоорлорун бекитүү;
- жазгы айдап-себүү компанияларын пландоо, тартипти орнотуу, фондго түшкөн мамлекеттик жана вакуфтук жерлерди жалпы колдонууга бөлүштүрүү;
- мал жандыктарын жана айыл чарба шаймандарын даярдоону уюштуруу жана бөлүп берүү. Мал жандыктарына айыл чарба шаймандарын бөлүү нормаларын макулдашуу, шайман жана дан эгин бериле турган чарба категорияларын бекитүү;
- реформаны жүргүзүүдө коңшу Өзбекстан Республикасы жана кантондор арасында чыккан маселелерди чечүү. Болуштуктар арасындагы чыккан келишпестиктер боюнча кантондук комиссиянын токтомун бекитүү. Жер-суу реформасын жүргүзүүдө кантондук комиссиянын токтомдоруна болгон арыздарды карап чыгуу;
- реформаны жүргүзүүгө берилген насыяларды бөлүштүрүү, жер берилген дыйкандарды каржылоо боюнча мекемелердин башчысын бекитүү;
- реформаны жүргүзүүдөгү бардык иштерди каттоо, эмгекчи массага реформанын жүрүшүндөгү жетишилген жыйынтыктар боюнча маалымат берүү [18,ф.2952,оп.1,д.67,л.16-17.].

Борбордук комиссия өзүнүн токтомдорун тиешелүү кантон жана болуштук комиссиялар аркылуу ишке ашырган. Борбордук комиссия

тарабынан берилген буйруктарды аткаруу, жергиликтүү комиссиялар үчүн милдеттүү болуп саналган. Ошол эле учурда борбордук комиссия жергиликтүү комиссиянын буйруктарын, токтомдорун токтотуп же кабыл албай коюу укугуна ээ болгон.

Кыргыз АССРнин БАКынын 1927-жылдын, 10-13-ноябрдагы экинчи сессиясынын токтому менен Борбордук жер комиссиясына төмөнкү курам бекитилген: Д.Садаев (төрага), И.Вайнер (орун басар), В.П.Шубриков, Редкозубов, А.Е.Поливанов, Левин, С.Чонбашев, О.К.Ноздровская, Ибрагимов, Алмазов, Я.Гальперштейн, Ботбаев ж.б. Ош кантондук жер комиссиянын төрагасына Э.Эсенаманов. Ал эми Жалал-Абадга Т.Айтматов көрсөтүлгөн [73,с.84].

Кантондук комиссия Ош жана Жалал-Абад кантондук аткаруу комитетинин алдында уюшулган. Жер-суу реформасын ишке ашырууда маанилүү ролду ойногон бийлик бутактарынын бири болгон. Андыктан комиссияга коюлган милдеттерге кеңири токтолуп кетүүгө болот. Алар: чек арага жакын жайгашкан аймактардагы чек-ара, жер-суу талаштарын чечүү, болуштук комиссиянын чыгарган жоболоруна келип түшкөн даттанууларды карап чыгуу, болуштук комиссиянын жер үлүшүн жана айыл чарба шаймандарын бөлүп берүү боюнча токтомдорун бекитүү, жерге орноштуруу долбоорлорун көзөмөлдөө, БЖКга жерлерге орноштуруу боюнча пландарды сунуштоо, жер реформасын жүргүзүү боюнча отчетторду түзүү, насыяларды туура бөлүштүрүүнү көзөмөлдөө. БЖКга каржы жана материалдык отчетторду оперативдүү берип туруу иштерин аткарышкан [18,ф.2952,оп.1,д.67,л.18.]. Кантондук комиссиянын токтомдоруна каршы арызданууларды борбордук комиссия караган.

Кийинки болуштук комиссия - Ош жана Жалал-Абаддагы болуштук жана кантондордо жер реформасын жүргүзүү максатында түзүлгөн.

Болуштук комиссия түздөн-түз кантондук комиссияга баш ийип анын көзөмөлү алдында иш алып барган. Ал гана эмес комиссиянын курамы кантон комиссиясы тарабынан шайланган. Комиссия төмөнкү иштерди аткарган. Жер фондунун эсебине түшкөн жерлерди, конфискацияланган айыл чарба шаймандарын таратуу, жер фондунан аз өлчөмдө жер алган чайрикерлерге кайрадан жер берүү, отурукташтыруу үчүн кошумча пландарды түзүү, жер реформасына машина жана мелиоративдик, айыл чарбалык насыя кооперацияларга жардамдашууга айылда топторду уюштурган [18,ф.2952,оп.1,д.67,л.18.]. Болуштук комиссия аталган милдеттерди аткаруу үчүн төмөнкүдөй укуктарга ээ болгон [38,ф10,оп.1,ед.хр.130,л.141-148.];

- жер реформасы боюнча декреттин негизинде чарбалардан шайман, курулуш жана жерлерди алуу боюнча токтомдорду чыгаруу жана бул иштерди аткаруу;
- жер алууга укук алгандарга конфискацияланган шайман, жер жана курулуштарды бөлүп берүү боюнча токтомдорду чыгаруу жана бул иштерди аткаруу;
- жеке жана кызыктар тараптарга токтомдорду жарыялоо;
- нормадан ашкан жер ээлерин, ага жалданып иштеген чайрикерлерди жана арендаторлорду табуу үчүн кошумча чараларды колдонуу;
- күч менен жасалган келишимдерди жокко чыгаруу;
- жер реформасы боюнча декреттин негизинде мамлекеттин жана вакуфтук жерлердин арендаторлордон алуу жана аны колдонууга берүү жөнүндө токтомдорду чыгаруу;
- айдоо аянттарын, эгин, шайман, курулуштарды, калкка таратууга чейин айыл кеңештерине кайтарууга өткөрүп берүү;

- реформанын жүрүшүндө жер аянттары өзгөрүүгө учураган чарбаларга белгиленген формада токтомдордун көчүрмөсүн берүү;
- реформанын ишке ашырууда айыл ичинде чыккан келишпестиктерди кантондук жер комиссиясынын токтомдоруна жараша чечүү;
- аткарган иш-чаралар жана каржыланган чыгашалар жөнүндө отчетторду кантондук комиссияга жөнөтүү ж.б. у.с. иштерди аткарган [38,ф10,оп.1,ед.хр.130,л.141-148.]. Жыйынтыктап айтканда, болуштук комиссия болуштуктардагы жер маселесине тиешелүү бардык көйгөйлөрдү чечкенге аракет кылган.

Жер комиссиянын мүчөлөрү 15 болуштукка бирден Өзгөн, Көгарт, Араван сыяктуу чоң болуштуктарга 2ден бөлүнгөн. Болуштук комиссия аппараты: 3 болуштук комиссия мүчөсү, катчы, 5 статистик, 3 жер ченөөчү, 2 агитатор, аялдардын арасынан 1 жана комсомол жаштардын арасынан 1 уюштуруучудан турган. Комиссиядан сырткары жер-жерлерде партия мүчөлөрү иш алып барган. Мисалы, 1927-жылдын 15-октябрына карата түштүк аймактагы партия ячейкаларынын саны боюнча төмөнкү таблицаны берүүгө болот.

Таблица 4. 5. Түштүк аймактагы партия ячейкаларынын саны [24,ф.2952,оп.1,д.41,л.8.].

| № | Болуштуктардын аталышы | Айылдардын саны | Ячейкалардын саны | Мүчө жана кандидаттардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош | 10 | 6 | 258 |
| 2 | Араван-Бура | 14 | 8 | 252 |
| 3 | Өзгөн | 14 | 10 | 300 |
| 4 | Кулжин | 5 | 3 | 86 |
| 5 | Куршаб | 11 | 5 | 127 |
| 6 | Ноокат-Турук | 8 | 1 | 47 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Ичкилик | 9 | 2 | 43 |
| 8 | Исфайрам | 7 | 1 | 47 |
| | Жалпы | 78 | 36 | 1160 |

Жерди бөлүү жана жайгаштыруу иштерине катышкан кызматкерлердин көпчүлүгү орус улутунан болгон. Бул тууралуу архивдик документтерден көрүүгө болот.

Таблица 4.6. 1926-жылдын 1-августуна карата Ош округунда жерге жайгаштыруу кызматкерлерининин саны [29,ф.847,оп.1,ед.хр.15,л.135].

| № | Кызматкерлер | Аткарган кызматы |
|---|---|---|
| 1. | Расулев Р. | Жер партиянын башкармасы |
| 2. | Сивец Н.А. | Ага өндүрүш кызматкери |
| 3. | Артемьев А.И. | Техникалык кызматкер |
| 4. | Кралин М.Г. | Тех. бөлүмдүн башчысы |
| 5. | Лысенко Д.Ф. | Жер өлчөөчү |
| 6. | Скоровогатько В. С. | Жер өлчөөчү |

Демек, реформага киришүүдөн мурун реформа жүргүзүлө турган райондор аныкталып, реформага жооптуулар дайындалган. Алардын иштөө инструкциялары иштелип чыккан.

**Жыйынтык.**

Кыргызстандын түштүк аймагында жүргүзүлгөн жер-суу реформасы аймактагы жерлерге ээлик кылган бай-манаптарга каршы күрөшүү, жер-сууга болгон менчикти жоюу, дыйкандардын арасында коммунисттик партиянын позициясын жайылтуу жана совет бийлигин бекемдөөгө багытталган.

Эл комиссарлар кеңеши тарабынан 1927-жылы 12-ноябрда Ош жана Жалал-Абад кантондорунда жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө декрет кабыл алынган. Декретке ылайык бардык жерлер алынып, жерге муктаждарга жана жери аз дыйкандарга берүү үчүн мамлекеттик фондго өткөрүп берилиши шарттуу түрдө зарыл болгон. Мамлекеттик фондго сугат

жеринин аянты 32 гектардан, кайрак жердин аянты 75 гектардан ашкан чарбалардын жерлери алынууга тийиш болгон.

Ош жана Жалал-Абад кантондорунда реформаны ишке ашыруу үчүн атайын Борбордук, кантондук жана болуштук комиссия түзүлүп, иштөө инструкциялары бекитилген.

### 4.2. Реформаны жүргүзүүгө даярдык иштер

Ош жана Жалал-Абад кантондорунда жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча декрет кабыл алынгандан кийин, 1927-жылы июль айынан тарта реформага даярдык иштери башталган. Аталган иш-чара калктын жер мамилелерин аныктоого багытталган. Даярдык иштеринин алкагында реформа жүргүзүлө турган райондор статистикалык-экономикалык багыттан изилденген. Мындан тышкары, сугат жерлер аспаптык сүрөткө тартылып (инструментальная съемка), айылдардагы коомдук уюмдар жана советтик администрацияны бекемдөө жана агитация иштери аткарылган.

Реформаны жүргүзүү алдында жасалган маанилүү иштердин бири райондорду статистикалык-экономикалык багыттан изилдөө болгон. Статистикалык-экономикалык изилдөөлөр Ош кантонуна караштуу: Ноокат-Турук, Исфайрам, Куршаб, Ичкилик, Кулдин, Өзгөн, Ош, Араван-Буура болуштуктарында. Жалал-Абад кантонуна караштуу: Көгарт, Базар-Коргон, Чанач жана Майкент болуштуктарында жүргүзүлгөн [94,с.6]. Статистикалык-экономикалык изилдөө үчүн территориялар 6 табигый-чарбалык районго бөлүнгөн. Жалпысынан алганда, статистикалык-экономикалык изилдөө 148 гектар аянтта жайгашкан 75991 чарбаны камтыган [148,с.11].

1) Пахта айдалган району, 2) күрүч айдалган райондор (күрүч аянты 25 пайызга чейин), 3) эгин айдалган райондор, 4) жер иштетүү, мал чарбасына ылайык жерлер, бирок жер иштетүүгө жакынырак райондор, 5) жер иштетүү жана мал чарбасына ылайык райондор, 6) мал чарбачылык-дыйканчылык

менен алектенген райондор [94,с.6]. Реформаны калктын көпчүлүгү дыйканчылык менен алектенген 4 райондо жүргүзүү чечими чыгарылган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө 4 райондо жер үлүшүнө жана мүлкүнө жараша социалдык топту кедей, орто, бай деп, 3 катмарга бөлүшкөн. Аны төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 4.7. социалдык топтордун катмарларга бөлүштүрүлүшү [94,с. 6].

| Райондор | Сугат жерлер боюнча чарбалардын тобу | Чарбалар | Эмгекке жарамдуулар | Жерлер | | | Шаймандар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Сугатка ыңгайлуу бардык жерлер | айдоо жери | | Мал жандык | Эмгек шайман |
| | | | | | Баары | анын ичинде сугат | | |
| I | I-III кедей | 43,9 | 40,4 | 5,6 | 25,7 | 25,6 | 14,7 | 13,7 |
| | IV-V орто | 39,4 | 39,4 | 40,9 | 41,6 | 41,8 | 46,8 | 53,0 |
| | VI-XI бай | 16,7 | 20,2 | 53,5 | 32,7 | 32,7 | 38,5 | 33,3 |
| II | I-III кедей | 48,6 | 46 | 8,5 | 28,2 | 28,1 | 19 | 16,3 |
| | IV-V орто | 34,6 | 35 | 39,3 | 38,9 | 38,6 | 41,2 | 48,5 |
| | VI-XI бай | 16,8 | 19 | 52,2 | 32,9 | 33,3 | 39,8 | 35,2 |
| III | I-III кедей | 39,2 | 38,4 | - | 38,5 | 12,7 | 28,1 | 26,9 |
| | IV-V орто | 53,8 | 52,4 | 58,1 | 53,6 | 57,7 | 57,2 | 61,9 |
| | VI-XI бай | 7 | 9,2 | 41,9 | 7,9 | 29,6 | 14,7 | 11,2 |
| IV | I-III кедей | 55 | 52,5 | 8,2 | 41,6 | 25,4 | 43,1 | 42 |
| | IV-V орто | 31,7 | 32,5 | 34,8 | 32,6 | 39,9 | 34,8 | 38 |
| | VI-XI бай | 13,3 | 15 | 57,0 | 22,8 | 34,7 | 22,1 | 20 |

Статистикалык-экономикалык изилдөөнүн жыйынтыгында орто катмар жана байлар жер үлүшүнө гана эмес, чарбага тиешелүү көп сандагы шаймандарга ээ экени ачыкка чыккан. Мисалы; орто катмар сугат жердин I райондо 41,8 пайызына, II райондо 38,6 пайызына, III райондо 57,7 пайызына, IV райондо 39,9 пайызына ээ болгон. Бул көрүнүш байларга да тиешелүү болгон. Ал эми кедейлер сугат жердин I райондо 25,6 пайызына, II райондо 28,1 пайызына, III райондо 12,7 пайызына, IV райондо 25,4 пайызына гана ээлик кылышкан.

Таблицада берилгендей, айыл чарба шаймандарынын басымдуу бөлүгү да бай жана орто катмардын колунда болгон. I райондо шаймандардын 53 пайызы, II райондо 48,5 пайызы, III райондо 61,9 пайызы, IV райондо 38 пайызы орто катмардын колунда болгон. Мындан улам калктын төмөнкү катмары байлардан жер жана шаймандарды ижарага алууга аргасыз болгон.

Аталган аймактарда калктын жерди ижарага алуу же берүү мамилелери да изилденген. Ош областты боюнча сугат жерлерди ижарага алгандардын саны 8657 жетип, бул 18 пайызды түзгөн. Ал эми ижарага берген чарбалардын саны 4594, же 10,2 пайызды түзгөн. Жалпысынан 13589 гектар сугат жери ижарага алынган. Жалал-Абад областтында сугат жерлерди ижарага алган чарбалардын саны 7048 же 25,5 пайызды түзгөн. Ижарага бергендердин саны 5536 жетип, бул 19,4 пайызды түзгөн. Бул кеңири мааламатты төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 4.8 Ош кантонундагы жерди ижарага бергендердин саны [94,с.10,11].

| Чарбанын тобу | Ош кантону | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сугат жеринин ижарасы | | | | Сугат жерин ижарага берүү | | | |
| | Ижара алган чар банын саны | пайыз | Гектар арендалган | Бардык иштетилген сугат жерлери % | Жерин ижара берген чарбанын саны | пайыз | Арендага берилген | Бардык иштетилген сугат жерлери |
| 1 | 1678 | 55,4 | 2530 | - | - | - | - | - |
| 2 | 1360 | 31,0 | 2405 | - | 7 | 0,5 | 19 | - |
| 3 | 2169 | 29,4 | 3977 | 120,9 | 223 | 2,9 | 78 | 2,3 |
| 4 | 2126 | 14,1 | 3178 | 18,7 | 1233 | 8,2 | 1554 | 9,0 |
| 5 | 694 | 6,2 | 1057 | 43 | 1340 | 11,0 | 3218 | 13,8 |
| 6 | 238 | 8,0 | 243 | 2,8 | 660 | 21,4 | 1457 | 16,8 |
| 7 | 203 | 13,2 | 98 | 2,3 | 447 | 21,4 | 1030 | 24,5 |
| 8 | 146 | 7,9 | 80 | 1,2 | 567 | 28,9 | 2148 | 33,1 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 14 | 5,8 | 9 | 0,5 | 101 | 30,8 | 689 | 40,4 |
| 10 | 2 | 6,4 | 12 | 1,9 | 16 | 42,4 | 238 | 38,0 |
| жалпы | 8657 | 18,0 | 13589 | 20,8 | 4594 | 10,2 | 10431 | 159 |

Таблицада чарбалардын тобу деп берилген 10 чарбага кеңири токтоло турган болсок, бул топтор төмөнкүдөй категориядан турган;

1-топтогулар жерсиз дыйкандар;

2-топтогулар 1 гана короо жерге ээ;

3-топтогулар 1 га чейин жерге ээ;

4- топтогулар 1,1-3 га чейинки жерге ээ;

5- топтогулар 3,1-6 га чейинки жерге ээ;

6-топтогулар 6,1-8 га чейин жерге ээ;

7-топтогулар 8,1-10 га чейин жерге ээ;

8–топтогулар 10,1-20 га чейин жерге ээ;

9–топтогулар 20,1-40 га чейин жерге ээ;

10–топтогулар 40,1 гектардан жогору жерге ээ чарбалар кирген [94,с.11].

Таблица 4.9. Жалал-Абад кантонундагы жерди ижарага бергендердин саны [94,с.11].

| Чарбанын тобу | Жалал-Абад кантону | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сугат жеринин ижарасы | | | | Сугат жерин ижарага берүү | | | |
| | Ижара алган чар банын саны | пайыз | Гектар арендалган | Бардык иштетилген сугат жерлери % | Жерин ижара берген чарбанын саны | пайыз | Арендага берилген | Бардык иштетилген сугат жерлери |
| 1 | 2011 | 61,6 | 3371 | - | 82 | 2,5 | 110 | - |
| 2 | 1085 | 53,5 | 2312 | - | 37 | 1,8 | 50 | - |
| 3 | 1028 | 32,4 | 2080 | 137,9 | 193 | 6,1 | 178 | 11,8 |
| 4 | 1136 | 15,4 | 2329 | 24 | 1027 | 13,9 | 1484 | 15,2 |
| 5 | 732 | 11,5 | 1044 | 7,3 | 1751 | 27,5 | 3318 | 23,4 |
| 6 | 185 | 10,2 | 255 | 4,5 | 677 | 37,4 | 1566 | 27,8 |
| 7 | 54 | 28,2 | 247 | 6,0 | 638 | 33,2 | 1092 | 26,7 |
| 8 | 275 | 18,9 | 241 | 3,5 | 769 | 52,9 | 2202 | 32,1 |
| 9 | 24 | 11,3 | 47 | 2,5 | 141 | 66,8 | 599 | 32,3 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | - | - | - | - | 41 | 87,2 | 220 | 41,2 |
| жалпы | 7048 | 25,5 | 11925 | 26,9 | 5356 | 19,4 | 10819 | 24,4 |

Бул берилген статистикалык көрсөткүчтөрдөн жалпысынан төмөнкүдөй жыйынтык келип чыгат. Эки область боюнча жерин ижарага берген чарбалардын саны 9950гө жеткен. Ал эми жерди ижара алган чарбалардын жалпы саны 15705ти түзүп, 5755 чарбага көп болгон. Ошто 13589 га, Жалал-Абад областында 11925га жер ижарага алынган. Жалпысынан 25514га жер ижарага берилген.

Таблица 4.10. Социалдык топтордун ижарага берүү жана ижарага алуу көрсөткүчү [94,с.13].

| Райондор | Социалдык топтор | Жерди ижара алгандар % | Жерди ижарга бергендер % |
|---|---|---|---|
| I | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 42,6<br>18,1<br>10,2 | 2,9<br>23,7<br>55,6 |
| II | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 29,7<br>10,0<br>5,1 | 2,2<br>12,4<br>42,6 |
| III | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 54,8<br>20,7<br>9,6 | 14,4<br>30,6<br>41,4 |
| IV | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 25,0<br>9,5<br>5,9 | 3,0<br>11,2<br>37,2 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 4 райондо тең жерди бай катмарлар ижарага берген. Ал эми ижарага алган катмарларды кедейлер түзгөн. Жерди ижарага алгандардын пайызы боюнча алдыңкы орунда III райондогу кедейлер 54,8 пайыз, жана I райондогу кедейлер 42,6 пайыз турган. Ал эми жерин ижарага бергендер байлар болуп саналып, бул 55,6 пайызды түзгөн.

Жерди бөлүп берүү нормасы статистикалык-экономикалык изилдөө (жерди өз күчү менен иштеткен чарбалар, жумушчу күчүнүн санына жараша) жана инструменталдык өлчөө методу менен аныкталган. Мындай изилдөөлөр түштүк жергесиндеги жер мамилелери менен толук таанышууга жол ачкан.

Жогоруда белгиленгендей, 4 айыл чарба районунда жумушчу күчүн жалдагандар же жумушчу күчүн бергендерди төмөнкү социалдык топторго бөлүшкөн.

Таблица 4.11. Жумушчу күчүн жалдагандар же жумушчу күчүн бергендердин социалдык топторго бөлүнүшү [73,с. 22].

| Райондор | Социалдык топтор | Жумушчу жалдагандардын % | Жумушчу күчүн бергендердин % |
|---|---|---|---|
| I | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 0,1<br>4,0<br>5,0 | 20.7<br>2,8<br>1,0 |
| II | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 0,3<br>0,9<br>5,7 | 23,2<br>0,8<br>0,1 |
| III | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 5,8<br>2,7<br>3,5 | 23,2<br>2,5<br>2,5 |
| IV | 1. Кедейлер<br>2. Орто катмар<br>3. Колунда барлар | 0,5<br>2,5<br>3,6 | 15,7<br>4,7<br>2,0 |

Мында жумушчу күчүн жалдагандар негизинен орто жана бай катмарлар болгон. Мисалы, II райондо жумушчу жалдагандардын 5,7 пайызын байлар түзгөн. Ал эми жалданып иштеген кедейлердин эң көп пайызы III районго туура келип, бул 23,2 пайызды түзгөн.

Статистикалык-экономикалык изилдөөлөрдүн маңызы жерсиз жана жери аз калктын жерге жана шаймандарга канчалык денгээлде муктаж экенин аныктоо болгон. Мындан тышкары жер фонддуна бериле турган мамлекеттик жана вакуфтук жерлерди, ирригациялык иштер үчүн жер аянттары белгиленген [73,с.33].

Статистикалык-экономикалык изилдөөлөр менен биргеликте агитациялык иштер да кошо жүргөн. Жерге орноштуруучулар жерди ченөө иштерин алып барса, статисттер сурамжылоо иштерин аткарышкан. Натыйжада, чарбалардын экономикалык көрсөткүчү аныкталган. Мындан

кийинки иштер жерди бөлүү нормаларын аныктоону талап кылган. Жер үлүштөрүн бөлүштүрүү жана калтыруу ченемдери айыл чарба райондору боюнча төмөндөгүдөй өлчөмдө белгиленген.

Таблица 4.12. Жер үлүштөрүн бөлүштүрүү жана калтыруу ченемдери [140.,42-б.].

| райондор | бөлүштүрүү ченемдери | калтыруу ченемдери |
|---|---|---|
| I | 2,5 гектар (15 танап) | 5 гектар (30 танап) |
| II | 2,5 гектар (15 танап) | 5 гектар (30 танап) |
| III | 3 гектар (18 танап) | 5 гектар (30 танап) |
| IV | 2,5 гектар (15 танап) | 5 гектар (30 танап) |

Мындан сырткары, Араван-Буура болуштугунун Кашкар-Кыштакта калтыруу ченеми 6 гектар (36 танап) жана Жалал-Абад кантонунун Чанач болуштугуна калтыруу ченеми 7 гектар (42 танап) болуп бекитилген [140.,42-б.].

Реформага даярдык иштерин жүргүзүүдөгү маанилүү иштердин бири райондордогу жерлерди аспаптык сүрөткө тартуу (инструментальная съемка) болгон деп айтууга болот. Бул багытта иштетүүгө ыңгайлуу же ыңгайсыз жерлердин, мамлекеттик жана вакуфтук жерлердин аянтын, анын суу менен камсыз болуу деңгээли изилденген. Мындан сырткары пахта айдалган райондордо план боюнча 1/50000 масштабында аспаптык сүрөткө тартуу (инструментальная съемка) иштери аткарылган [94,с.57]. Реформаны жүргүзүүдө аткарылган сүрөткө тартуу иштеринин жыйынтыгы төмөнкү таблицада берилди.

Таблица 4.13. Аткарылган сүрөткө тартуу иштеринин жыйынтыгы [38].

| | Планга ылайык аткарылууга тийиш | Атка рууч | 23–августка карата аткарылган |
|---|---|---|---|

| Болуштуктун аталышы | сугат | кайрак | | Участок тун саны | Контур дун саны | гектар сугат жер | гектар кайрак жер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош кантону | | | | | | | |
| Ош | 14058 | 5738 | 10 | 2610 | 4677 | 4464 | 75 |
| Араван-Буура | 38810 | 22093 | 22 | 3074 | 5176 | 690 | 219 |
| Өзгөн | 17896 | - | 7 | 377 | 558 | 623 | 46 |
| Куршаб | 10055 | - | - | - | - | - | - |
| Жалпы<br>пайыз | 80314<br>100% | 27831<br>100% | 39<br>- | 6061<br>- | 10406<br>- | 11988<br>14,9% | 340<br>1,2% |
| Жалал-Абад кантону | | | | | | | |
| Жалал-Абад | 19124 | 13556 | 11 | 4490 | 6630 | 8384 | 13161 |
| Көгарт | 8504 | - | 2 | 1612 | 2563 | 2836 | 27822 |
| Базар-Коргон | 20331 | 30045 | 11 | 4118 | 5668 | 8127 | 11349 |
| Майкент | 8152 | 3237 | 5 | 608 | 690 | 1805 | 3 |
| Жалпы<br>пайыз | 56111<br>100% | 46838<br>100% | 29<br>- | 10828<br>- | 15551<br>- | 21152<br>37,7% | 52335<br>100% |
| Эки кантон боюнча | 136425 | 74669 | 68 | 16889 | 25957 | 33140 | 52675 |

1927-жылы сентябрь айынын орто ченинде аспаптык жана статистикалык-экономикалык изилдөөлөр аяктаган. Кийинки этап агитациялык иштерди жүргүзүү болчу.

1927-жылы 22-августта Борбордук комиссиянын алдында Борбордук агитация комиссиясы түзүлгөн. Анын курамына партия өкүлдөрү, «Кошчу» союзу ж.б. кирген. Ош  жана Жалал-Абадда кантондук, жер-жерлерде болуштук агитация комиссиялары түзүлгөн. Агитациялык-түшүндүрүү иштери калк арасында агрардык реформаны жүзөгө ашырууда маанилүү роль ойногон.

Айылдарда, орус кыштактарында кедейлердин жыйыны өткөрүлө баштаган. Реформанын жобосун, маңызын чагылдырган макалалар республикалык «Кызыл-Кыргызстан» жана «Советская Киргизия» газеталарында жарыяланган. Реформанын мазмуну чагылдырылган 500

миңге жакын баракча, плакат, лозунг жана газеталар басылып чыккан [65,с.48]. Ош жана Жалал-Абад кантондорунда жергиликтүү активисттерди даярдоо үчүн жумалык курстар уюштурулган. Курстун угуучулары айылдык кеңештин, партия ячейкаларынын катчылары жана комсомолдор болгон. Ал эми курска катышкандардын социалдык катмары боюнча 50 пайызын батрактар түзгөн [73,с.35]. Ар бир волостко уюштуруу жана агитациялык көмөкчүлөр бекитилген. Ош жана Жалал-Абад кантону боюнча көмөктөшүү тобуна 2 миңден ашуун адам кирген [74,с.24].

Аймакка Фрунзе, Талас жана Пржевальскийден партиянын кызматкерлери, статист, жер өлчөөчү жана агитаторлор жиберилип турган. Ташкент шаарынан да статисттер келген. Алардын басымдуу бөлүгү жер реформасы боюнча каттоо-статистика иштери боюнча тажрыйбалуу адистер болушкан. Даярдык иштерине партияга кирбеген батрак, кедей жана орто катмар активдүү катышып, даярдык иштерине жана реформаны өткөрүүгө чоң салым кошушкан. Мындан сырткары, реформанын жүрүшүндө активист аялдар жана көмөкчү топтор тартылып, реформаны жүргүзүүгө өз салымдарын кошушкан. Ар бир кыштакта комиссияга эң аз 6, эң көп 10 мүчө кирген. Комиссиянын курамына чайрикерлер, батрак, орто катмар, жерсиз жана жери аз дыйкандар алынган. Ал эми орто катмардан эң аз 2 мүчө кирген [18,ф.2952,оп.1,д.67,л.45.].

Айыл-кыштактарда көмөкчү топтордун 80пайызын батрактар түзүшкөн. Ноокат-Турук болуштугунун 7 кыштагында реформага көмөктөшүү тобуна 356 адам шайланып, анын 65 пайызын батрак, 19 пайызын чайрикер, 10 пайызын орто катмар, 10 пайызын аялдар түзгөн [65,с.47]. Айта кетчү нерсе, көмөкчү топтор советтик, партиялык, комсомолдук топтордон дагы активдүү иштерди аткарышкан. Көмөкчү топтордон тышкары дыйкандардын уюмдары түзүлгөн. 1918-жылы 11-майда

Андижанда «Жерсиз дыйкандарынын уюму» түзүлгөн. Ал Жалал-Абад жана Базар-Коргон болуштуктарына да таасирин тийгизип турган. «Чайрикер жана жумушчулардын уюмунуна» Булак-Башы болуштугунан 2520 адам, Өзгөндөн 900дөн ашык, Гүлчөдөн 360 адам мүчө болгон [103,с.44].

Уюштуруу көмөкчүлөрү партиялык, советтик жана коомдук уюмдарды бекемдөө иштери менен алектенген. Агитациялык көмөкчүлөр реформага байланышкан ар кандай иш-чараларга топторду даярдаган. Ошто агиткомпания убагында 269 чогулуш өткөрүлүп, ага 56424 адам катышкан [73,с.86]. Фергана областында жазгы эгин айдоо башталганга чейин айдоо себүү компанияларынын 8-съезди, дыйкандардын 5-конференциясы, 1400 чогулуш жана митинг өткөрүлгөн. 36250 баракча, 1243 брошюра, 4203 плакат, 173 чакыруу таратылган [138,с.114]. Реформа жөнүндө декрет тезис, докладдар баяндалган «Жер реформа»-деген атайын газета чыгарылган.

Чарба менен алектенбегендерге жумушчу малдарын жана шаймандарын пункттарга берүү милдети коюлган. Калк арасында ишембилик жана жекшембилик өткөрүлүп, анда арыктарды тазалоо, шаймандарды оңдоо, талаага эгин себүү иштери аткарылган.

Дал ушундай эле иштер Жалал-Абад кантонунда да өткөрүлгөн. 1927-жылдын 1-декабрына карата Куршаб болуштугунда 9 жыйналыш болуп, 1625 адам чогулган. Алар айылдарда маданий жана чарбалык өзгөрүүлөр үчүн күрөшүүдө кедей жана орто катмардын авангарды болгон деп айтууга болот. Реформага даярдануу боюнча партиялык жана комсомолдук ячейкалар алгылыктуу иш-аракеттерди жүргүзүшкөн. Жүздөгөн агитатор-коммунисттер, комсомолдор, Кызыл-Кыя жана Көк-Жаңгак кеңешинин шахтерлору, мугалим, аграном, зоотехник, врачтар, Ташкент жана Фрунзедеги окуу жайлардын студенттери түштүк аймактагы айыл-

кыштактарда агитация иштеринде эбегейсиз чоң салым кошушкан. Реформага даярдануу мезгилинде маданий-агартуу жана массалык агитациялык иштердин борбору окуу залдары, клуб, кызыл чайханалар, кызыл үйлөр болгон. Республикалык газеталарда дыйкандардын активдүүлүгүн кеңири чагылдырган макалалар чыгып турган. Бардык болуштуктарда болуштук конференциялар өткөрүлгөн. Чогулуштардан кийин кедейлер байлардын мүлктөрүн ачык көрсөтө баштаган [16,ф.2952,оп.1,д.63,л.160.].

Жүргүзүлгөн агитациялардын натыйжасында жер-жерлерде дыйкандар бийликтен реформаны тезирээк өткөрүүнү талап кыла башташкан. Бийлик органдарына резолюциялар келип түшкөн. Байлардан жерлерди алып, иштете турган тараптарга берүүнү талап кылган билдирүүлөр жөнөтүлгөн. Кедей батрактардын Ошто кабыл алган резолюциясында «Октябрь революциясы бай-манаптардын бийлигин кулатканын, акыркы жылдары жумушчу жана дыйкандардын абалы жакшырып жатканы белгиленген [65,с.55]. Дал ушундай демонстрациялардын бири Түп-Коргондо өтүп, анда реформаны талап кылган лозунг, плакаттар менен чыгышкан [45].

Дыйкандардын талаптары тууралуу материалдар архивдик документтерде кеңири кездешет. Алардын мазмуну совет бийлигинен реформага тезинен киришүү, курулуш, жер жана айыл чарба шаймандары менен камсыз кылуу, байлардан жерлерди тартып алуу, аларды өз күчү менен иштеткендерге берүүнү талап кылышкан. Ал эми дыйкандар тарабынан советтик органдарга байларды, соодагерлерди ачыкка чыгаруу. Алар менен күрөшүү. Кедейлерге жер бөлүүгө көмөктөшүүгө даяр экени жазылат [34,ф.10,оп.1,ед.хр.129,л.108.]. Мисалы, Өзгөн болуштугуна караштуу Секелек айылында 1927-жылы 1-августта кедей-батрактардын чогулушу болуп өткөн. Чогулушта жер комиссиясынан жер, жер иштетүүгө

керектелүүчү шаймандарды, айылдарда мектептерди курууну өтүнүшкөн. Алар тарабынан каттоодон жашырылган жерлерди ачык көрсөтүүгө даяр экенин билдиришкен [39,ф.10,оп.1,ед.хр.212,л.30.].

Жер-жерлерде өткөрүлгөн жыйындарда калк жер-суу боюнча көйгөйлөрүн билдиришип, айыл чарба шаймандарын алууга кызыктар экенин айтышкан. Реформа жөнүндө сөз болгон ар бир айыл-кыштакта көмөктөшүү топтору шайланган. Бул топтор жер комиссиясына жана отрядтарга байлардын мүлкүн ачыкка чыгарууда эбегейсиз жардам беришкен. Көмөкчү топ Ош кантонунан 1222ге жакын кишинин башын бириктирип, курамында 428 батрак, 315 кедей дыйкан, 131 чайрикер, 189 орто катмардагы чарбалар, 54 жумушчу, 12 кызматкер, 7 кол өнөрчү болгон [73,с.39].

Түшүндүрүү иштерин аялдар арасында да жүргүзүшкөн. Атайын чогулуштар өткөрүлүп, жерге муктаж болгон кедей аялдардын санын тактоо иши аткарылган. Ичкилик болуштуктарында эле 1927-жылдын 24-августтан 6-сентябрга чейин 9 митинг жана чогулуш болуп, аларга 920 чайрикер, 422 орто дыйкан, 137 түрдүү кесип өкүлү катышкан. 113 кембагал, 171 батрак, 19 орто дыйкан катышкан 8 отурум болуп өткөн. Ноокат-Турук болуштугунун Эски-Ноокат айылында чогулушта 800 адам чогулган [73,с.45-46]. Жалал-Абад кантонунда 5-10- августта болгон 7 чогулушка 900 адам катышкан [73,с.48]. Ош кантонунда 1927-жылдын 17-ноябрдан 11-декабрга чейинки аралыкта 269 чогулуш өткөрүлүп, ага 56424 адам катышкан [74,с.25].

Бирок жүргүзүлгөн агитацияларга карабастан, масса реформа өткөрүүгө толук макулдугун берген деп айтууга болбойт. Совет бийлиги формалдуу гана өкүм сүргөн кыштактар да болгон. Ал жакта бийлик өкүлдөрүнөн салык кызматкери жана милиция гана болгон. Борбордон басылган газеталар калкка толук жеткен эмес. Агрардык реформага скептикалык көз караште болгондор да аз эмес болгонун айта кетүү керек. Ал

гана эмес бай катмарды жактаган, алардын мүлкүн жашырууга аракет кылган фактылар болгон. Мындай фактылар өзгөчө Көгарт, Майкент жана Сузак болуштуктарында көп кездешкен. Буга бир канча себептерди атап өтүүгө болот:

Биринчиден, жеринен, мүлкүнөн ажырап калуудан корккон байлар карапайым калкка саясатка ишеним көрсөтпөөгө чакырган. Алар процесс башталгандан тарта эле, реформага каршылыгын ачык көрсөтө баштаган. Жазгы жумуш учурунда Кашка-Терек айылынын тургундары Түркбаев, Баймураб, Якуб жана Кенжекулов өңдүү бардарлар реформа учурунда алган жерлер эки жылдан кийин кайра кайтарылып алынарына ишендирешкен [46].

Реформага карата көрсөтүлгөн каршылыктарды жумшак жана катаал (мягкая и жесткая сила) деп экиге бөлүүгө болот. Жумшак каршылыкка туура эмес маалыматтарды жана провокациялык ушак-айыңдарды таратуу, айылдык кеңешти колго алып, өз пайдасына колдонуу ж.б. жолдор менен аткарылган иштерди киргизүүгө болот. Эгер байлардын колунда 100 танап жер болсо, 24 танап жерин мамлекетке берип, калган бөлүгүн жашыруун түрдө жакындарына бөлүп берген учурлар көп болгон [16,ф.2952,оп.1,д.63,л.116.]. Ал эми реформага каршылыктын катаал формасы батрактарды ур-токмокко алуулар менен коштолгон. Өзгөн, Араван жана Кашкар-Кыштак болуштуктарында кедейлерди ур-токмокко алган учурлар кездешкен. Мындай аракеттерди токтотуу үчүн бийлик органдары опузалоочу токтомдорду кабыл алышкан. Мисалы, Фергана облисполкому «реформанын жүрүшүндөгү түрдүү бузуп жаруулар үчүн күнөөлүүлөрдүн бардык мүлкү, жери конфискацияланат» деген чечим чыгарган.

Экинчиден, айрым дыйкандар реформанын ишке ашуусунан күмөн санаган. Бул убакытка чейин байларды урматтап, көзүн карап келген кедейлер, дароо алардан жерин тартып алууга батына алган эмес [155,с.16].

Үчүнчүдөн, партиялык уюмдардын курамында өз кызыкчылыгын ойлогон кызматкерлер болгон. Уюмдун катчылары өзүнүн жерлерин сатып, реформанын жүрүшүндө жер алып калууга аракет кылгандар арбын болгон. Жер иштетүү менен алектенбеген жарым көчмөн айылдарда кедейлер жер алууга өтө кызыкдар болгон эмес. Ошол эле учурда алар көмөкчү топторго атка минерлерди шайлашкан. Жер жамааттыкы деп айтылганы менен иш жүзүндө байлардын колунда болгон [16,ф.2952,оп.1,д.63,л.88].

Даярдык иштерин жүргүзүүдө кемчилдиктер жөнүндө Кыргыз АССР БАКтын төрагасынын орун басары Иващенконун баяндамасына токтолууга болот. Анда «...При поездке по районам пришлось убедиться, что на местах не все благополучно. Трактора исправлены не везде, семенник не очищен, не получили инвентеря и не знают сколько кому кредитов полагается. Распределение инвентаря в некоторых ширкатах проходило так, что есредняку попадало только то, что осталось. На курсах для ознакомления с сельхозмашинами работа поставлена не серьезно, практике уделено мало внимания, в результате приступив к пахоте, дехканин не умеет обращаться с европейским инвентарем и на сцену снова выступает тот же старый допотопный омач. В Наукатском районе авторитет омача непоколебим...» [45]. Чындыгында, эмгек куралдарына болгон муктаждык жоюлган эмес. 1925-26-жылдары борбордук райондордо бир дыйкан чарбасына 65-188 рублга чейинки суммадагы шайман туура келсе, Кыргызстанда айыл чарба шайманы менен камсыз кылуу болгону 9-98 рублга чейин болгон [140.,44-б.].

Басма сөз беттеринде Жалал-Абаддагы айыл чарба шайманы менен камсыз кылуу кампасына эгин сапыргыч машиналардын керектүү жабдыктары берилген эмес. Ал эми Араван-Буура районундагы чарба буюмдары кампасынын башчысы жумуш ордуна жок болгондуктан, эгин жыйноо учурунда дыйкандар бир канча жолу кампага барууга мажбур

болушкан [45]. Ушул сыяктуу кемчилдиктер даярдык иштерине таасир тийгизбей койгон эмес.

Архивдик документтерде чайрикерлер комиссия өкүлдөрү менен бирге иш алып барууга эмес, байлардын жерлерин көрсөтүп берүүдөн баш тартканы тууралуу маалыматтар кеңири кездешет. Кедей катмар ачыкка чыга алган эмес. Кошчунун өкүлдөрү чогулушка чыгып сүйлөгөндөн дагы коркушкан. Буга албетте мүлкүн коргоого, өз карамагына кедейлерди кармап калууга аракет кылган бай жарандардын иш-аракети себеп болгон. Молдо жана имамдар да алардан кем калышкан эмес. Калкка реформа боюнча алынган жерлерди арам деп жарыялашып, жер албоого чакырышкан [16,ф.2952,оп.1,д.63,л.121.]. Кыргызстандын аймагында жерлерге ээ өзбекстандык имамдар реформага каршы үндөгөн фактылар болгон. Мисалы, Исфайрам болуштугуна Маргалан болуштунан келген эшен, байлардын жерлеринен алынган түшүм арам болорун жарыялаган [73.с.74]. Алардын көпчүлүк бөлүгү реформага каршы үндөшсө, кызыгы айрымдары реформаны колдоого чакырган. Буга далил катары Ош шаарынын имамынын кайрылуусун алууга болот. Кайрылууда төмөндөгүлөр айтылат:

«Кокон хандыгы түзүлгөндөн баштап, алардын бектери жана кийин падышалык мезгилде дин өкүлдөрүн азчылыкка кызмат кылууга үндөшкөн. Азчылык - бул бай-манаптар. Диний өкүлдөрдүн бул мамилеси ислам шарияты боюнча кечирилгис күнөө болуп эсептелинет. Падышалык мезгилде диний өкүлдөргө чексиз байлыкты жана жерди алууга мүмкүнчүлүк берилген. Ал эми кедей катмарды акыркы кесим нанынан да куржалак калтырышкан. Байлар жерсиз жана жери аздарды эксплуатациялап, шарияттын мыйзамдарына туура келбеген иштерди жасаган. Оштогу диний жаамат исламдын жана шарияттын эркин дин кызматкерлери катары: аң-сезимдүү советтик өлкөнүн ак ниет атуулдары болууга, жер участокторун

жашырбоону, тескерисинче өз алдынча ачыкка чыгарууга, өзүңөргө каршы кылмыш кылууга, кедейлерди адаштырбоого, ачык болууга жана үлгүлүү болууга чакырабыз. Шарияттын мыйзамдары боюнча силер керектүү жер үлүшүн аласыңар. Чынчылдык, ишенимдүүлүк, берилгендик-бул мусулман адамдын чыныгы белгиси. Мамлекеттен жерлерин жана башка мүлкүн жашыргандар-алар кудайдын душманы... [34,ф.10,оп.1,ед.хр.129,л.58-61.]» - деп жарыялаган.

Өз каалоосу менен жерлерин комиссияга берген жарандар болгон, бир канча мисал келтирүүгө болот. Ош областына караштуу Куршаб болуштугунун Жалпак-Таш кеңешинин жашоочусу Жусуп Баймирбаевдин Ош кантону боюнча жер-суу реформасын жүргүзүү комиссиясына кайрылуусун далил катары алууга болот.

Анда реформанын жүргүзүлүшүн туура кабыл алганын, аталган иш-чара өз убагында өткөрүлүп жатканы, калктын толук кызыкчылыгына жана талабына жооп бере турганы айтылат. Ал колунда бар үй-бүлөдө туулуп, 300 танап жер ата-энесинден мураска калганын билдирген. Мындан сырткары мал чарба менен алектенип, 590 кой, 32 жылкы, 10 ири мүйүздүү мал, 4 төөнүн ээси болгон. Ал Куршабдан 240 танап, Кочкор-Атадан 30 танап, Кара-Айыл айыл кеңешинен 25 танап жер участокту комиссияга берерин. Кедейлерге жөлөк катары 2 өгүз, 1 ат, 1 соко, 1 мала, 4 кетмен жана 4 орок бөлүп бергени белгиленет [34,ф.10,оп.1,ед.хр.129,л.72-73.].

Реформага даярдык иштерин аткарууда саясий ыйгарым өкүлдөр институту чоң роль ойногон. Аларга: Борбордук, кантондук жана жер комиссиясынын директиваларын ишке ашыруу, болуштук жер комиссиясы жана көмөкчү топторго жетекчилик кылуу, статистикалык-экономикалык изилдөөдө, инструменталдык байкоо жүргүзүүдө геодезисттерге жана отряддарга жардам берүү милдети жүктөлгөн. Мындан тышкары, калк

арасында жыйын өткөрүп, топтор жана жеке жактар менен маек жүргүзүү, реформанын маңызын түшүндүрүү милдеттендирилген [73,с.51]. Жалал-Абадда реформага даярдык иштери 20-июлда башталган. Даярдык иштерин аткаруу үчүн Жалал-Абадга Т.Айтматовдун төрагалыгы астында жумушчу топ жөнөтүлгөн. Жумушчу топтун орун басары Левин, мүчөлөрү: Ботбаев, Горелик, Жумагулов, Сивец, Отчарапов, Тохталиев, Алимов, Абдурахманов жана Гвозденко болушкан [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130]. Бул инсандар реформанын ишке ашышына чоң салым кошушкан.

Жалпылап айтканда республиканын түштүк аймагында реформага даярдануу иштери татаал процесстер менен коштолгон. Реформага даярдык этабында реформа жүргүзүлө турган райондорду статистикалык-экономикалык багыттан изилдөө, райондордогу сугат жерлерди аспаптык сүрөткө тартуу (инструментальная съемка), айылдардагы коомдук уюмдарды жана советтик администрацияны бекемдөө жана агитация иштери аткарылган.

### 4.3. Жер-суу реформасынын жүргүзүлүшү, өзгөчөлүктөрү.

Борбордук жер комиссиянын 1927-жылдын 11-декабрдагы жарлыгына ылайык Кыргызстандын түштүк аймагында реформаны жүргүзүү иштери башталган. Оперативдик топтун айыл-кыштакка келиши менен партиялык жана комсомолдук чогулуштар, кедейлердин жана «Кошчу» союзунун жыйналыштары өткөрүлгөн. Чарбалардын жалпы санын, жоюла турган чарбаларды тактоо иштери жасалган. Айрым аймактарда кайрадан түшүндүрүү ишин жүргүзүүгө туура келген.

Белгилей кетчү нерсе, түштүк райондордо жерди пайдалануу формасы түндүк аймактарга салыштырганда татаал болгон. Ош областынын

аймактарынын көпчүлүк бөлүгү тоолуу жайыттар (жайлоо) болгон. Жалал-Абадда 1/3 жайыттар түзсө, жалпы тоолуу райондордо дыйканчылык менен алектенген отурукташкан калк жайгашкан. Анын 2 болуштугунда калк жалаң гана пахтачылык менен алектенишсе, 5 болуштук пахта менен бирге эгин эгишкен. Калган райондордогу калк жер иштетүү менен бирге мал чарбасы менен алектенишкен. Отурукташкан калктын улуту боюнча өзбек, украин, орус, аз санда кыргыздар болгон. Көчмөн калк жалаң гана кыргыздардан турган [19,ф.2952,оп.1,д.71,л.154.].

Кедей дыйкандар байлардан түшүмдүн 1/3 же 1/4 га бөлүгүн өзүнө алуу үчүн ижарага алышкан [60,с.36]. Жер кыргыздарда адаттын, ал эми өзбектерде шарияттын негизинде бөлүнгөн. Жер сатып алгандардын көбү бардар соодагер болгондуктан, алар ар кайсы жерден үлүш сатып алышкан. Мындан улам бир эле адамдын ар кайсы райондордо бир нече жер үлүшү болгон. Буга мисал катары төмөнкү таблицаны көрсөтүүгө болот.

Таблица 4.14. Ош жана Ичкилик болуштугунун жер үлүштөрү [94,с.15].

| Айыл кеңешинин аталышы | Айыл чарба райондору | Чарбанын саны | Өзү турган жерде иштетилген сугат жери | Башка райондо сугат жерлери бар чарбанын саны | Башка райондо иштетилген сугат жер | Башка райондо сугат жерлери бар чарбанын саны % | Башка райондо иштетилген сугат жери % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош болуштугу | | | | | | | |
| Шарк | 1 | 1154 | 1198,21 | 232 | 623,24 | 10,10 | 52,02 |
| Шура | 1 | 764 | 703,31 | 232 | 488,4 | 30,36 | 69,47 |
| Кызыл-Кыя | 1 | 1037 | 877,46 | 374 | 925,7 | 36,06 | 105,47 |
| Дыйкан | 1 | 1210 | 817,05 | 333 | 844,08 | 27,52 | 103,3 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ташлак | 1 | 1256 | 776,2 | 150 | 280,93 | 11,94 | 36,97 |
| Нариман | 1 | 1286 | 1645,23 | 180 | 369,86 | 13,99 | 22,48 |
| Ичкилик болуштугу | | | | | | | |
| Гирей-Шуран | 4 | 389 | 456,27 | 21 | 14,43 | 5,39 | 3,16 |
| Караван | 4 | 666 | 789,14 | 47 | 63,88 | 7,50 | 8,09 |
| Меркит-Муркут | 4 | 517 | 878,53 | 16 | 8,90 | 3,05 | 1,01 |
| Канды-Бурбаш | 4 | 564 | 885,56 | 19 | 3,36 | 3,36 | 1,35 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, өзгөчө Ош болуштугунун жашоочулары башка болуштуктардан да бир нече үлүштөргө ээ болгон.

Түштүк аймакта, жер реформасы бай катмар менен катаал күрөшүү менен жүргөн. Жерлерин сатып же жакындарына же кол алдындагыларга жазган фактылар байма-бай болгон. Бул аймакта кыргыз, өзбек, орус, уйгур ж.б. улуттун өкүлдөрү жашагандыктан, реформа улуттар аралык мамилени да камтыган.

Чек арага жакын райондордо болуп жаткан жер-сууну талашуу көйгөйү ушул мезгилден башталган. Өзбекстан менен чектешкен райондордо түшүнбөстүктөр чыгып турган. Мисалы, революцияга чейин өзбектер тарабынан иштетилген Савай районундагы 300-400 гектар жер 1925-жылдан кийин дунгандарга берилген [13,ф.2952,оп.1,д.59,л.1-4.]. Өзбектер реформадан кийин ал жерди кайра кайрып берүүнү талап кылышкан. Мына ушундай фактылар кеңири кездешкен.

Болуштук жер комиссиясы Базар-Коргондо бай-манаптардын чарбаларын фондго ала баштаган. Бир эле күндө 5 чарбадан 127 танап[4] жери алынып, 11 чайрикерге берилген. Бул окуя жергиликтүү калк арасында реформанын ишке ашышына ишеним туудурган. Ири жер ээлеринин жер, мүлктөрү конфискацияланып, кедей-кембагалдарга берилген. Мындай иш-чаралар Ош кантонунда да аткарылган. Реформанын биринчи эле күнүндө

[4] танап-гектардын 1/6 бөлүгүнө туура келген жер чени

Майкент болуштугун 637 танап жер алынып, 7 чайрикерге бөлүнгөн [65,с. 57]. 1928-жылы 6-январга карата 150 чарба жоюлган. 13349 танап жер 975 дыйканга бөлүнүп берилген [73,с.131].

Жер-суу программасынын негизинде өз алдынча көчүп келгендердин жерин алуу башталган. 1921-жылы Базар-Коргон районунда 9 кулактардын хутору жоюлуп, 1099 тилке жер, жерге орноштуруу фонддуна өткөрүлсө, 1921-1922–жылдары Ош уеэддинде басмачылардын каршылыгына карабай 500 үй-бүлө батрак жана кедейлер жер үлүшүнө ээ болушкан.

Бай-манаптардан, орус кулактарынан тартып алынган жерлерден түзүлгөн жер фондусу дыйкандардын кедей, батрак, чайрикер катмарларына бөлүнүп берилген. Мисалы, Ош жана Жалал-Абад кантондорунда 278 байдын 219 ири соодагерлердин жана башка 3447 оокаттуулардын чарбалары жоюлган [155.,69-б.]. Жоюлуу Түркстан Эл комиссарлар кеңешинин 1918-жылы 3-январдагы «Көчүрүү администрациясын жана органдарын жоюу жөнүндө" токтомунун негизинде аткарылган. Алардын жерлери жергиликтүү кеңештин карамагына өткөн. Көрсөтүлгөн токтомдун негизинде, Ош уезддик кеңешинин аткаруу комитети орус кулактарына тиешелүү Куршабда 552 теше жерди мыйзамдаштырган. Мыйзамсыз тартып алынган жерлерди конфискациялоо Жалал-Абад, Базар-Коргондо жүргөн. Кулактардан Масы болуштугунда 139, Ноокатта 189, Көгартта 100 теше сугат жери алынган [103,с.46]. Натыйжада, жер фонддуна төмөнкү категориялардан жерлер келип түшкөн.


Таблица 4.15. Жер фондунун бөлүштүрүлүшү [94,с. 27].

| Категориялардын аталышы | Сугат жерлери гектар менен | Кайрак жерлер гектар менен | Бардык жерлер гектар менен | Сугатка өткөрүлгөн бардык жерлер гектар менен |
|---|---|---|---|---|
| Бай-манап, ири соодагерлер, | 10184 | 9978 | 20162 | 15173 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| малчылар | | | | |
| Нормадан ашык деп алынган жерлер | 15279 | 1998 | 17277 | 16273 |
| Жер ээси белгисиз деп берилген жерлер | 12473 | 416 | 12889 | 12681 |
| Вакуфтар | 3628 | 15 | 3643 | 3635 |
| МЖМ | 3685 | 4345 | 8030 | 5857 |
| Башкалардан | 528 | 6079 | 6607 | 3668 |
| Жалпы | 45777 | 22831 | 68608 | 57187 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, жер фонддуна негизинен бай-манап, ири соодагерлер жана малчылардан алынган кайрак жерлер түшкөн. Бул үчүнчү айыл чарба району Көгарт болуштугуна туура келип, 9416 гектар кайрак жер алынган. Ал эми башкалар категориясына кирген жерлер Өзгөн болуштугуна тиешелүү болгон. Ээсиз деп бекитилген сугат жерлери Чанач болуштугуна туура келет. Аталган категориялардан алынган жерлердин пайыздык катнашы төмөнкү диаграммада чагылдырылды.

Диаграмма 4.1. Категориялардан алынган жерлердин пайыздык катнашы



Диаграммада берилгендей, алынган жердин көп бөлүгүн нормадан ашкандардан алынган жерлер түзүп, ал 29,2 пайызды түзгөн. Кийинкилери бай-манап, соодагер ж.б. алынган жерлер 26,3 пайыз. Ээси белгисиз деп эсептелген жерлер фонддун 22,0 пайызын түзгөн. Мамлекеттик жер мүлкү (МЖМ) 10,2 пайыз, жана вакуфтардан алынган жерлер 6,3 пайыз түзгөн.

Жалпысынан алганда, эки област боюнча бай катмардын 0,4 пайыз, ири соодагерлердин 0,3 пайыз, нормадан ашкан жерге ээ чарбалардан 5,3 пайыз жерлери алынган. Бул тууралуу төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 4.16 Ашыкча жерлердин бөлүштүрүлүшү [94,с.27].

| № | Чарбанын топтору | Ош | | Жалал-Абад | | Эки област боюнча | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Чарба-нын саны | Жалпы чарба-нын саны% | Чарба-нын саны | Жалпы чарба-нын саны% | Чарба-нын саны | Жалпы чарба-нын |
| 1 | Помещиктер | 96 | 0,2 | 182 | 0,7 | 278 | 0,4 |
| 2 | Ири соодагерлер | 169 | 0,4 | 50 | 0,2 | 219 | 0,3 |
| 3 | Нормадан ашкан жерге ээлер | 2240 | 5,6 | 1207 | 4,8 | 3447 | 5,3 |

1927-жылы, 15-декабрда Жалал-Абад кантонуна караштуу Көгарт болуштугунда болуп өткөн активисттердин жыйынында, Алимбеков аттуу байдын 134 танап сугат, 40 танап кайрак жери алынган. Жалпысынан, 15 бай чарбанын 2160 танап сугат, 2007танап кайрак жер алынган [141., 49-б.].

Ош кантонунда 96 байдын, 169 ири соодагердин ж.б. 2240 мүлкү тартып алынган. Ал эми Жалал-Абадда 182 бай, 50 ири соодагердин ж.б. болуп 1207 чарба жоюлган. Жалпы алып караганда, эки кантон боюнча 278 байлардын, 219 ири соодагердин жана башка чарбаларды кошкондо 3447 чарба жоюлган [73,с.133]. Реформанын жүрүшүндө жоюлган жерлер төмөнкүдөй бөлүнгөн:

а) 32ден 50 гектарга чейинки жер - 147 чарбага, б) 50дөн 100 гектарга чейин 117 чарбага, в) 100дөн ашык гектар жер 14 чарбага берилген [73,с.134]. 21-22-декабрда Көк-Жаңгак кыштагында кулак деп белгиленген, төмөнкү 12 чарба жоюлган [39,ф.10,оп.1,ед.хр.212.л,66.].

Таблица 4.17. Реформанын жүрүшүндөгү жоюлган жерлер [38].

| № | Ф.А.А. | Картада көрсөтүлгөн | | Ачыкка чыккан | | Конфискацияланган | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сугат | Кайрак | Сугат | Кайрак | Сугат | Кайрак |
| 1 | Ажибеков Эшен | 46,5 | 54 | 145,5 | 130 | 190 | 184 |
| 2 | Маматкаримов Батыраалы | 68 | 78 | 121 | 66 | 189 | 144 |
| 3 | Халмурзаев Чокалай | 45 | 60 | 144 | 120 | 189 | 180 |
| 4 | Алибеков Асан | 69 | 48 | 87 | 74 | 156 | 122 |
| 5 | Исабаев Төрөгелди | 56 | 108 | 166 | 144 | 222 | 252 |
| 6 | Насыров Ибрагим | 16 | 63 | 153 | 51 | 169 | 114 |
| 7 | Маматкаримов Ашсултан | 48 | 54 | 135 | 78 | 183 | 132 |
| 8 | Маматкаримов Курман | 50 | | 97 | 279 | 147 | 279 |
| 9 | Маразыков Култай | 49 | 60 | 109 | 126 | 158 | 180 |
| 10 | Матрапов Мурзабай | 94 | 60 | 68 | 90 | 162 | 150 |
| 11 | Осмонов Кубат | 54,5 | 95 | 152,5 | 43 | 207 | 138 |
| 12 | Карабаев Икрам | 16,5 | 31,5 | 169,5 | 94,5 | 186 | 126 |

Алынган жерлер чайрикерлерге бөлүнүп берилген. Мисалы, Э.Ажибековдун жери- 2 чайрикерге, Б.Маматкаримовдун - 1 чайрикерге, Ч.Халмурзаев -2, А.Алибеков - 3, Т.Исабаев - 2, И.Насыров - 2, Маматкаримов - 2, К.Маматкаримов - 1, К.Маразыков -1, К Осмонов -1 жана И.Карабаевдин жери - 2 чайрикерге берилген.

Орус келгиндердин дээрлик негизги массасы кулактар деп жарыяланган. Алардын өзүнүн кызыкчылыктарын жактоо аракети «кулактык-колонизатордук элементтердин контрреволюциячыл каршылыгы» катары каралган [144.,96-б.]. Колунда бар, бардар катмар ал мезгилдин сөзү

менен айтканда, бай-манаптарды жоюнун саясий-идеологиялык жана укуктук негизи 1925-жылы 20-март жана 1925-жылы 22-апрелдеги «мурунку помещиктерди чыгаруу жана алардын мүлктөрүн жоюу жөнүндө» Борбордук аткаруу комитетинин президиумунун жана РСФСРдин Элдик комиссарлар кеңешинин токтому болгон. 1928-жылы, 15-ноябрда Кыргыз АССРинин Элдик комиссарлар кеңеши жана Борбордук аткаруу комитети «Бай-манаптарды республиканын аймагынан чыгаруу жөнүндө» токтом кабыл алган. Токтомдо ири мал ээлерин көчүрүү каралган. Токтом боюнча, ири мал ээси деп, көчмөн райондордо малдын туягы 400 ашкан, жарым көчмөн райондордо малдын туягы 300 ашкан мал ээлери аталган [121,с.82]. 20162 гектар айдоо жерине ээ болгон 497 бай чарба жоюлган. Нормадан ашкан 3447 чарбанын 17277 айдоо жери алынган. Бул жерлерге жана ээси белгисиз деп табылган жерлерге 18 миң кедейлер жайгаштырылган [57,с.243]. Конфискацияланган мүлктүн көпчүлүк бөлүгүн (60-70 пайыз) калктын жакыр чарбаларына өткөрүп берүү, аларды коллективдештирүү иш-чарасына жумшоо каралган. Алынган жерлер, конфискацияланган мал жандыктар жана шаймандар төмөнкү таблицада берилди.

Таблица 4.18. Конфискацияланган мал жандыктар жана шаймандар [94,с.28].

| Категориялар | Чарбанын саны | Алынган жерлер | | | | Конфискацияланган шаймандар | | Орточо бир чарбага туура келет | | | Алынган жердин аянты % менен | Конфискацияланган мал жандык % | Конфискацияланган шаймандар % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | сугат | кайрак | жалпы | сугатка өткөн барлык | мал жандык | шаймандар | Сугат жери | мал жандык | шаймандар | | | |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бай-манаптар | 164 | 5259 | 4900 | 10159 | 7709 | 714 | 773 | 32/47 | 4.2 | 4,8 | 51,0 | 34,6 | 36,3 |
| Малчылар | 128 | 2536 | 4798 | 7334 | 4935 | 764 | 648 | 20/39 | 6 | 5 | 32,2 | 37,1 | 30,5 |
| Соодагерлер | 199 | 2305 | 280 | 2585 | 2445 | 572 | 688 | 12/12,5 | 3 | 3,5 | 16,0 | 27,7 | 32,2 |
| Дин өкүлдөрү | 6 | 64 | - | 64 | 64 | 8 | 10 | 10 | 1,3 | 1,6 | 0,6 | 0,4 | 0,5 |
| Сүткорлор | 2 | 20 | - | 20 | 20 | 3 | 4 | 10 | 1,5 | 2 | 0,2 | 0,2 | 0,5 |
| Жалпы | 497 | 10184 | 9978 | 20162 | 15173 | 2061 | 2123 | - | - | - | 100 | 100 | 100 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, алынган жерлердин 51пайызы бай катмарга туура келет. Анткени, бул топтогулардын ар бир чарбасында 32 гектар сугат жер болгон. Малчылар да, алардан кем калган эмес. Бир чарба 20 гектар сугат жерге ээлик кылган. Алардан алынган шаймандар 30 пайыз, эң көп мал жандыктар конфискацияланып, ал фондго келип түшкөн мүлктүн 37 пайызын түзгөн.

Иш-чараны аткарууда, мүчүлүштүктөр кетпей койгон эмес. Бул тууралуу 1927-жылдын 10-августта саясий ыйгарым өкүлдөр институту тарабынан өткөрүлгөн жыйында айтылган. Анда болуштук комиссиянын аткарган иши канааттандырарлык эмес деп бааланган. Анда батрактардын так санынын жоктугу, эмгек келишими менен бардыгы камтылбаганы, айылдык кеңеш, болуштук комиссия, партиялык уюмдар калк менен тыгыз байланышта болбогондугу ачыкка чыккан [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.56]. Ушундан тартып, Караван, Гавай, Хожа-Арык жана Ак-Терек айылында

комсомолдук жана айылдык кеңешке кайра шайлоо өткөн. Белгилей кетчү нерсе, Майкент, Базар-Коргон сыяктуу чоң айылдарда партиянын уячалары жок болгон. Айрым аймактарда иш алып баргандардын масса менен иштөө тажрыйбасы жок болгон. Уюмга мүчө катары алынган кедей-батрактардын айрымдары массага чыгып сүйлөө, түшүндүрүү эмес, кат-сабаты жоюлбагандары да болгон.

Байлар дыйкандарды коркутуу менен шаймандарын тартып ала башташкан. Уурдоо, бандитизм орун алган. Алар мурункудай эле улуттар аралык жаңжалды козгогон. Коммунисттерди ур-токмокко алып кол салууга чейин барышкан [131,с.32].

Реформа айрым жерлерде убагы менен аткарылса, кээ бир жерлерде иш чаралар өз убагында аткарылбаганы тууралуу маалыматтарды архивдик документерден кеңири кездештирүүгө болот. Мисалы; Чанкент болуштугунун төрагасы Вика Чангилов реформага эч кандай кызыкдар болбогону. Качан гана кантондук жер комиссиянын мүчөсү Ибрагимов келгенде иш башталганы айтылат. Реформаны жүргүзүүдөгү кыйынчылыктардын бири алыскы аймактарда партиянын же «Кошчу» союзунун өкүлдөрү жоктугу же алардын ишти начар аткаргандыгы айтылат. Ал эми айылдык кеңештин сабатсыздыгынан улам керектүү иштер жасалбаганы, ошол эле учурда кызматкерлер берилген буйруктарды аткарбаганы айтылат [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.56].

Архивдик материалдарда бай катмар жана имамдар кулак катары жазып коюсунан коркуп, чогулуштарда катышпай койгон учурлары жөнүндө жазылган. Ашыкча жерлерин жакындарына жазып коюшкан. Майкен болуштугунун жер комиссиянын мүчөсү, Жаңы-Арык айылдык кеңешинин жашоочусу Абдусамат Мамазияев, Султанкул Нурбаевди ага эч нерсе бербесе кулак катары жазып, комиссия менен биргеликте болуштуктан


чыгарып жибererин айтып коркуткан. Нурбаев 50гө жакын кой, 10 жылкы, 25 ири мүйүздүү мал, 40 танап жерге ээ болгон. Бул каражаттардан кол жууп калуудан коркуп ал Мамазияевге 20 кой, 1 жылкы, 1 уй бергени баяндалат [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.56]. Алар чайрикерлер менен макулдашып, 15-20 танап жер жаздырганы тууралуу архивдик материалдардан окууга болот. Ушундай фактылар башка болуштуктарда да, байма-бай катталган. Болуштук жер комиссиянын мүчөсү, Ноокен айыл кеңешинин төрагасы Кыдыр Муллабаев жана Өмүрзак Атабаев 13-августта Ноокен айылдык кеңешинин Сарсия кыштагынын арал уруусунан Нуркулбайды кулак кылып айдоо менен коркутуп, натыйжада 200 рубль өндүргөн [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.56].

Жерлерин сактап калууга аракеттенгендердин саны да арбын болгон. Мисалы; Ошто бир канча имамдар жерсиз калбоо үчүн имамдыктан баш тартуу үчүн арыз жазган учурлар катталган. Архивдик материалдарда Чаткалдын ал мезгилдин негизги байлары болуп эсептелген Нарбай Чанчаров, Алимкул Айдаров, Ишбай Бекиев, Салибай Алиебаев, Чыналы Балыш, Жума Назарбай малдарын жашырууга аракет кылганы берилген [38,ф.10, оп.1, ед.хр.130, л.49]. Ошол эле учурда өз эрки менен жерлерин берген учурлар катталган. Алсак, Жалал-Абад кантонунун тургундары өз эрки менен жерлерин беришкен. Алар Култай Исабаев, Сары Уметов, Кулназар Холбиев, Юлдаш Ширмамбетов, Магометали Якупбаев, Кожомкул Батыр-Ходжаев, Масадыков ж.б. болушкан [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.20]. Агитациялык иштердин жыйынтыгында, Абдулбек сыяктуу басмачы кыймылынын жетекчилери 3000 танаптан жерлерин өз алдынча өткөрүп берүүгө арыз беришкен [16,ф.2952,оп.1,д.63,л.119].

Реформага эки кантон боюнча 3344 чарба тартылып, ал 6 пайызды түзгөн. Ал эми улуту боюнча алганда жер фонддуна катышкан чарбалардан кыргыздардан 2561, өзбектерден 1213, уйгур-кашкар 47 жана башка

улуттардан 123 гектар жер алынган. Пайыздык катнашы боюнча төмөнкү диаграммада берилди.

Диаграмма 4.2. Улуттардын пайыздык катнашы [94,с.31].




Реформанын натыйжасында, 494 бардар катмардын чарбасы жоюлган, соодагерлердин 3663 чарбасы кыскарган. Жер фонддуна 49718 гектар жер, 1755 баш туяктуу мал жана 1867 инвентарь келип түшкөн. Бул жерлер 16578 жерсиз жана жери аз дыйкандарга бөлүп берилген. Кедейлерге берилген жерлердин жалпы өлчөмү 37282 гектар сугат жана 5803 гектар кайрак жерди түзгөн. Мындан сырткары, жаңы сугат жерлерине 831 адам жайгаштырылган. Ошентип 1928-жылдын март айына карата жерсиз жана жери аз дыйкандардын 80 пайызы жер менен камсыз болгон [65,с.58].

Таблица 4.19. Жер реформанын натыйжасында, категориялардын жерге ээ болуусу [94,с.31].


| Жер берилгендердин | Жерсиздер | | 1 гектарга ч-н жерсиздер | | 1 гектардан жогору аз жердүүлөр | | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы | Анын ичинен | Жалпы | Анын ичинен | Жалпы | Анын ичинен | |

| улуттук курамы боюнча | | Батрактар | Чайрикерлер | | Батрактар | Чайрикерлер | | Батрактар | Чайрикерлер | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 2912 | 712 | 1255 | 4923 | 561 | 2076 | 2942 | 45 | 614 | 10778 |
| Өзбек | 1760 | 418 | 806 | 2462 | 381 | 1237 | 634 | 11 | 278 | 4856 |
| Орус | 78 | 5 | 5 | 8 | 2 | 1 | 3 | - | - | 89 |
| Уйгур жана кашкарлыктар | 153 | 27 | 86 | 212 | 21 | 130 | 43 | - | 16 | 408 |
| ж.б. | 162 | 42 | 68 | 412 | 80 | 137 | 123 | 1 | 42 | 696 |
| Жалпы | 5065 | 1204 | 2220 | 8017 | 1045 | 3581 | 3745 | 57 | 950 | 16827 |

Таблицада берилгендей, бөлүнүп берилген жерлердин биринчи сабында чайрикерлер турат. Жалпы 16827 чарбанын 6751и чайрикерлерге туш келип. Бул жер берилгендердин 41пайызын түзөт. Ал эми батрактардан 2300 үй бүлөгө жер берилип, бул жерге жайгаштырылгандардын 14 пайызын түзгөн. Жерге орноштурулгандардын 5065 чарбасы жерсиздер болгон. Алар жер берилгендердин 30 пайызын түзгөн [94,с.31].

Ош, Жалал-Абад кантондорунда жерге ээ болгондордун улуту боюнча кыргыздардын саны көп болгон. Мисалы, 10778 кыргыз жерге ээ болуп, бул жер берилгендердин 64 пайызын түзгөн. Кыргыздардан кийин дыйканчылык менен алектенген 4856 түтүн өзбек жерге ээ болушкан. Жерге ээ болгон калктын улуту боюнча маалымат төмөнкү диаграммада берилди.

Диаграмма 4.3. Жерге ээ болгон калктын улуту боюнча маалымат [94,с. 31].




Реформага чейин 16827 чарбанын 10327 гектар сугат жери жана 3860 гектар кайрак жерге ээ болушуп, орточо бир чарбага 0,5 гектар сугат жана 0,2 гектар кайрак жер туура келген. Реформадан кийин алар жер фондунан 37415 гектар сугат жери жана 12233 гектар кайрак жерге ээ болушкан. Жалпы алганда, аларда 47742 гектар сугат, 16093 гектар кайрак жер болгон. Реформадан кийин орточо бир чарбага 2,8 гектар сугат, 1 гектарга жакын кайрак туура келген. Ошентип ар бир чарбанын сугат жана кайрак жерлерди пайдалануусу 5 эсеге өскөн. Ал эми жалпы жерди пайдаланууда сугат жери 4,6, кайрак жери 4 эсеге көбөйгөн [94,с.32]. Ал эми райондор боюнча реформага чейинки жана реформадан кийинки абалын төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.


Таблица 4.20. Райондор боюнча реформага чейинки жана реформадан кийинки абалы [94,с.32].

| Болуштуктар | Жерге жайгаштырылган чарбалар | Реформага ч-н 1 чарбага орточо сугат жери туура келген | Реформадан кийин 1 чарбага орточо берилген сугат жери |
|---|---|---|---|
| Ош | 1228 | 0,4 | 2,9 |
| Жалал-Абад | 1033 | 0,3 | 2,6 |
| Базар-Коргон | 1629 | 0,5 | 3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Майкент | 1099 | 0,8 | 3 |
| Араван-Буура | 1346 | 0,6 | 2,7 |

Реформага чейин жана реформадан кийинки абалга кайрылсак, төмөнкүдөй маалымат келип чыгат.

Диаграмма 4.4. Реформага чейин жана реформадан кийинки маалымат [94,с.32-33].




Диаграммада көрсөтүлгөндөй, реформадан кийин 12 танаптан жогору жерге ээ болгондордун саны арткан. Алар жер менен камсыз болгондордун 90 пайызын түзгөн. Реформага чейин 115 түтүн 18,1ден 24 гө чейин танап жерге ээ болуп келишсе, эми алардын саны реформадан кийин 1575ке чейин жеткен. Ал эми 24 танаптан жогору жерге ээ болгондордун саны реформага чейин 93 болсо, реформадан кийин алардын саны 2818ге жеткен.

Жер бөлүп берүүдөн кийин болуштуктардагу сугат жерлеринин саны 5-8 эсеге өскөнү байкалат.

Таблица 4. 21. Жер бөлүп берүүдөн кийин болуштуктардагу сугат жерлеринин саны [73,с.135].

| Реформага чейинки жерди пайдалануу | Реформадан кийин жерди пайдалануу |
|---|---|

| Сугат жер | Кайрак жер | Жалпы | Кайрак жерди сугатка айлан-н к-н жалпы сугат жери | Орточо бир чарбага | Сугат жер | Кайрак жер | Жалпы | Кайрак жерди сугатка айлан-н к-н жалпы сугат жери | Орточо бир чарбага |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 34517 | 6229 | 40746 | 37631 | 10<br>10,9 | 19238 | 4231 | 23469 | 21353 | 5,6<br>6,2 |

Артел жана коллективдик чарбага конфискацияланган жумушчу малдар жана шаймандар таратылып берилген. Алсак, орточо эсеп менен бир коллективдик чарбага 3,5 жумушчу мал, 4 экземпляр айыл чарба шайманы туура келген. Бирок бардык эле жерде айыл чарба шаймандары менен камсыз болуусу бирдей болбогондугун төмөнкү таблицадан көрүүгө болот.

Таблица 4. 22. Айыл чарба шаймандары менен камсыз болуусу [73,с.135].

| Болуштугун аталышы | Жерге орноштурулган чарбанын саны | Жумушчу мал менен камсыз болгон чарбанын саны | Жерге орноштурул-н саны % |
|---|---|---|---|
| Жалал-Абад | 1033 | 312 | 30% |
| Ош | 1228 | 410 | 33% |

Реформанын жүрүшүндө бузулган арыктарды калыбына келтирүү үчүн ирригациялык иштер аткарылган [94,с.40]. Ирригациялык иштер Кара-Дарыянын Мырза арыгында, Куршаб дарыясынын Янги арыгында, Көгарт-Сай дарыясынын Урман арыгында, Ала-Бука дарыясынын Лазван арыгында жүргүзүлгөн [94,с.40].

Таблица 4. 23. Ирригациялык иштердин жүрүшү [94,с.40].

| № | Ирригациялык системанын аталышы | Кайра сугатка айлан-н жердин аянты (гектар менен) | Башка системадан сугатка өткөрүлгөн жердин аянты | Жалпы сугат жери | Реформага бай-уу жаңы өздөш-н сугаттын | Жаңы курулган айылдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара-Дарыянын Мырза арык системасы | 1062 | 1565 | 2627 | 502 | 5 |
| 2 | Куршаб дарыясынын Янги арык системасы | 497 | - | 497 | 497 | 8 |
| 3 | Көгарт–Сай дарьясынын Урман арык системасы | 1115 | - | 1115 | 1115 | 10 |
| 4 | Ала-Бука дарыясынын Лазван арык системасы | 1865 | - | 1865 | 1727 | 7 |
| | Жалпы | 4539 | 1565 | 6104 | 3841 | 31 |

Ирригациялык оңдоп түзөөлөрдөн кийин 4539 гектар жер сугатка айландырылган. Натыйжада, 31 жаңы айыл пайда болгон.

Кыргыз АССРнин БАКынын 3-сессиясында Ж.Саадаевдин Түштүк Кыргызстандагы жер-суу реформасынын жыйынтыгы тууралуу докладында төмөнкүлөр белгиленет. 1927-жылдын, 11-декабрынан 1928-жылдын 23-январына чейин 412 чарба жоюлган. (Анын ичинен 241 бай-манаптар) 171 ири соодагерлердин ж.б. 2179 чарбанын мүлкү алынган. Жер фондуна 43818 гектар сугат жери, 46979 танап кайрак жер түшкөн. Ал эми мал жандыктардан 1755 баш жандык, 1867 бирдик инвентар келип түшкөн. Айыл чарбага 1316 миң рубль коротулган. 18587 чарба жерге жайгаштырылган [68,с.32].

Реформа эки кантон боюнча 67220 чарбаны камтыган 1253322 га. аянтта жүргүзүлгөн. Ош кантону боюнча 2240 чарба, Жалал-Абадда 1207 чарба кыскарган [99,с.294].

Республиканын башында тургандар жана кантондук комиссия дыйкандарды мал, айыл чарба шаймандары жана үрөн менен камсыз кылуу максатында бир канча кошумча чараларды кабыл алган. Алардын бири инвентаризациялоо болгон. Инвентаризациялоо маселеси өзгөчө мамилени, көңүл бурууну талап кылган. Борбордук жер комиссиясы Я.М.Гальперштейн башында турган инвентаризациялоо боюнча борбордук комиссияны түзгөн. Комиссиянын курамында атайын бир кызматкер жер-жерлерди инвентаризациялоо үчүн шайланган. Аталган кызматка кыргыз айыл чарба банкынын инспектору, же айыл чарба кооперацияларынын инструкторлору сунушталган. Инвентаризациялоо калктын материалдык денгээлине жараша ишке ашырылган. Ал эми шаймандарды жеткирүү иши менен «Кыргыз айыл чарба банкы» жана «Кугарту» айыл чарба кредиттик уюму алектенген [73,с.142]. 1926-жылы «Кугарту» айыл чарба кредиттик уюму Ош жана Жалал-Абад округунда чарбанын 43,88 пайызынын башын бириктирген [99,с.11].

Кыргызстанда 20-жылдары кредиттик кооперациялар кеңири жайылган. Мамлекет тарабынан жер иштерине насыялар бөлүнгөн. Дан-эгин тазалоо, агрономиялык багыттагы пункттар ачылган.

Таблица 4. 24. Жерге жайгаштырылган калкты айыл чарба шаймандары менен камсыз кылуу жана үрөндөрдү себүү үчүн керектеле турган акча каражаттарынын бөлүштүрүлүшү [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.11].

| Убактысы | Жумушчу малдар | | Айыл чарба шайманы жана үрөн | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | «Кугарту» райсоюзга | Шайман дарга | Беденин үрөнүнө | Буудай дын | бардыгы | жалпы |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | үрөнүнө | | |
| 27 жылдын 1-октябрына | 125000 р. | 235.844-37 | 47.520 | 48000 р. | 331.364-37 | 684.389-37 |
| 27-жылдын 15 ноябрына | 62500 | 353.766 | - | - | 353.766 | 530.278-50 |
| 27-жылдын 15-декабрына | - | 353.766 | - | 24000 | 353.766 | 353.766 |
| 28-жылдын 1-январына | 52500 | - | - | 24000 | 24000 | 200.512-50 |
| жалпы | 250000 | 943.376-37 | 47.520 | 96000 р. | 1086896-37 | 1792946-37 |

Дыйкандардын шаймандарга болгон муктаждыктарын аныктоо максатында жыйналыштар болуп өтүп, шаймандарды бөлүп берүү инструкциясы иштелип чыккан. Шаймандарды сатып алуу жерге жайгаштырылганына карата болгон. Чарбанын камсыз болушун аныктоо үчүн анын жумушчу малынын санына карашкан. Инвентаризациялоого муктаж деп биринчи кезекке жумушчу аты жок топторду киргизген. Бул негизги топту түзгөн.

Кыргыз АССРинин БАКынын алдындагы Борбордук комиссиянын 1928-жылы, 10-январдагы №46 буйругунун негизинде жумушчу жылкысы жок чарбаларга ат сатып алуу үчүн берилген насыянын суммасы базар баасына жараша 120 рубль болгон. Жери аз, бирок 6 танапка чейин жерге ээ чарбаларга жумушчу мал сатып алуу үчүн 80 рубль каралган [94,с.42]. Чарбага орточо эсеп менен 90 рубль карыз берилген. Насыяларды бирдей бөлүү үчүн пахта эгилген райондорго 137 рубль, эгин эгилген райондорго 155 рубль (1 жылкы-120 руб., 1 соко–7 руб., 1 кетмен-3 руб., 1 орок-1 руб., үрөөн үчүн 7 руб.) карыз берүү каралган. Кедейлерге кайтарымсыз өткөл мезгил үчүн 20 р., курулушка -100 р., суу жеткирүү 20 р., тамак-аш 50 р. Жалпы бир чарбага 190 р. каралган [38,ф.10,оп.1,ед.хр.130,л.64.]. Бирок

жерге орноштурулгандардын баары эле шаймандар менен камсыз болгон эмес. Орточо эсеп менен Ошто отурукташкандардын 78 пайызы, Жалал-Абадда 75 пайызы шайман менен камсыз болгон. Ошону менен бирге дыйкандар коомдук өз ара жардамдашуу комитеттерин түзүшкөн (крестком).

Статистикалык изилдөөлөрдүн болжолдуу маалыматы боюнча реформа менен 8000 чарбаны жана 2000 чарбаны жаңы сугат жерлерине отрукташтыруу каралган. Ушуга байланыштуу жерге орноштурулгандарды инвентаризациялоо үчүн 1280000 рубль же орточо бир чарбага 128 рубль насыя берилген. Бирок иш жүзүндө жерге жайгаштырылган чарбалардын саны 18452ге жеткен. Ал эми берилген насыя ар бир чарбага 70 рублдан туура келген. Конфискациялоодон түшкөн каражат орточо эсеп менен бир чарбага 13 рубль туура келген [94,с.43]. Жерге орноштурулгандардын негизги контингентин жерсиз батрактар жана чайрикерлер түзгөн. Алар орточо эсеп менен 50 пайыз жумушчу мал менен камсыз болгон. Бул жетиштүү болгон эмес. Ага байланыштуу кошумча каражаттарды издөөгө туура келген.

Таблица 4. 25. Уюмдардан инвентаризациялоо үчүн ар кандай мөөнөттө насыялардын берилиши [94,с.44].

| № | Уюмдун аты | Сумма |
|---|---|---|
| 1 | Атайын ассигнациялык борбору | 1280000 |
| 2 | Кыргыз айылчарба банкы | 220000 |
| 3 | Кедейлердин хлопкома фонду | 250000 |
| 4 | Кедейлердин республикалык бюджетинен | 150000 |
| 5 | Ош кантону бюджетинен | 100000 |
| | Жалпы | 2 000 000 рубль |

Таблица 4. 26. Алынган насыялардын каражаттар үчүн жумшалышы

| № | Насыялардын бөлүнүшү | Сумма |
|---|---|---|
| 1 | Жумушчу жандыктар | 1070 000 |
| 2 | Айыл чарба шаймандары | 260.000 |
| 3 | Эгин уруктары | 240.000 |
| 4 | Тамак-аш | 155.000 |
| 5 | Тоют | 110.000 |
| 6 | ж.б. | 165.000 |
| | Жалпы | 2 000 000 рубль |

Таблица 4. 27. Жер реформасы үчүн кредит боюнча маалымат [38,ф.10,оп,1.ед.хр.130,л.57].

| Аталышы | Смета боюнча каралып мам. план боюнча к.а. | Кыргыз АССР ишеними эсепке келип түшкөн | Алынгандардан | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Түштүк кантондор уна берилген | Фрунзе де коротул ган | Калдык |
| Жер реформасы боюнча иш-чаралар | 184,380 | 54,438 | 37,000 | 6564-75 | 10873-25т. |
| Шайман менен камсыз кылууга | 2720 | | | | |

Туземдик шаймандар элге бардык шаймандардын комплектиси менен камсыз болгондой таратылган. Эки область боюнча 1935 соко, 2682 мала таратылган. Ал эми Европа шаймандарын каалоочуларга гана таратышкан. Анткени, баасы салыштырмалуу жогору болгон жана пайдалануу жол жобосун баары эле билишкен эмес. Ири шаймандар колхоздорго гана берилген. Түштүк аймакта Кара-Суу жана Жалал-Абадда шайман кампасы болгон.

Инвентаризациялоодон сырткары айрым дыйкандарга жеңилдиктер берилген. Алсак, пахта багбандарга 1р.50 т. аванс берилген. Ар бир дыйкан өзүнө ат же өгүздү тандап алууга укугу болгон. Ошол эле учурда берилген акчага дыйкандар өздөрү жумушчу мал же шайман сатып ала алган. 1928-жылы жазында жерге жайгаштырылгандарды инвентаризациялоо иши аяктаган Бирок шаймандар менен бардыгы эле камсыз болгон деп айтууга болбойт. Мисалы, 1928-жылы республикада 96 трактор алынып келинип, анын 25и республиканын түштүк аймагына берилген. Ал эми Борбордук Тянь-Шанга жеткен эмес [67,с.31].

Пахтанын айдоо аянты 1925-1928-жылдар аралыгында 52,2пайыз көбөйгөн. Реформа чарбаларды колхоздоштурууга жол ачкан. Реформаны жүргүзүү учурунда курамына 852 чарбадан турган 65 колхоз уюшулган. Реформанын жүрүшүндө жер берүү менен эле чектелбестен, 18 миң жерсиз жана жери аз калк отурукташтырылган [94,с.2]. Кедей-батрактарды жыл сайын төлөгөн ижара акысынан бошотуу, аларга жер жана шаймандарды берүү агрардык саясаттын негизги жетишкендиги болгон.

Реформанын жыйынтыгын бекемдөө максатында кантондук жана болуштук комиссия түзүлгөн. Анын негизги максаты жер алган дыйкандарды шайман менен камсыз кылуу. Коомдук-саясий жана чарбалык жашоого дыйкандарды алып чыгуу болгон. Жер-суу реформасы миңдеген дыйкандарга жер, инвентарь бөлүп берүү менен байлардан көз карандылыктан бошоткон. Жалпысынан реформа түштүк аймакта 61850 чарба жайгашкан территорияны, 128202 гектар сугат, 32 миң гектар кайрак жерди камтыган [65]. Түштүк аймактагы жер-суу реформасы, 1928-жылдын февраль айында аяктаган.

Жер-суу реформасынын ийгиликтүү ишке ашышына бир канча факторлорду мисал келтирүүгө болот. Биринчиден, дыйкандардын Совет

бийлигинин тарабына чечкиндүү өтүүсү, орто катмардын бийлик тарапка ыкташы, басмачылык кыймылдын жок болуусу жана башка факторлор таасирин тийгизген. Экинчиден, дыйкандарды колдоо, айдоо аянттарын жана ирригациялык системаларды калыбына келтирүү маанилүү роль ойногон. Түштүк жергесинде пахта чарбасынын тез өнүгүшүнөн дыйкандардын рыноктогу абалы жогорулаган, реформанын иш жүзүнө ашуусунда партиялык жана төмөнкү советтик аппаратты чыңдоо чоң роль ойногон.

### 4.4. Жер-суу реформасынын социалдык-экономикалык жыйынтыктары

Кыргызстанда жүргүзүлгөн 1921-1922 жана 1927-1928-жылдардагы жер-суу рефомасы жергиликтүү жана орус калкынын жер, сууну пайдаланууда укугун теңдөө, элдин экономикалык жана саясий теңсиздигин жоюуга багытталганы жогоруда белгиленди. Жерди улутташтыруу Кыргызстанда бир нече этапта жүргүзүлдү. Алгач көчүрүү администрациясына таандык жерлер, чиркөө жерлерин, кулактардын, бай катмарга таандык жерлер улутташтырылган. Жерди улутташтыруунун акыркы этаптарынын бири 1927-1928-жылдардагы жер-суу реформасы болгон. Агрардык революциянын милдеттерин ишке ашыруу менен катар жер-суу реформасы дагы социалисттик кайра куруунун жеке милдеттерин чечкен. Агрардык реформаны жүргүзүү эки аймакта бирдей шарттарда болгон эмес. Республиканын түндүгүндө жерге орноштуруу бирдей жүрсө, түштүк аймакта өз-өзүнчө иш алып барышкан.

Жер-суу реформасынын биринчи этабы 1921-1922-жылдары Жети-Суу областынын Бишкек, Каракол уezddерин; Сыр-Дарыя областынын Талас өрөөнүн; Фергана областынын Жалал-Абад жана Мархамат райондорун камтыган.

Республиканын түндүк аймагында 1921–1922-жылдары жүргүзүлгөн реформанын натыйжасында, өз алдынча уюшулган, мал айдап өтүүчү жолдорго, арыктардын башына жайгашкан кыштактар жоюлган. Кулактарга, байларга тиешелүү жерлер, келгин дыйкандар ашыкча ээлеп алган жерлер тартылып алынган. Бардыгы болуп 197 миң теше ашуун жер бошотулуп, ал жерлерде 6 миңге жакын дыйкан чарбалары уюштурулган. 5970 кедей дыйкандар 194 миң гектардан ашык айдоо жерине ээ болушкан [131,с.44]. Жер бөлүп берүү кыргыздардын отурукташкан жашоого өтүшүнө түрткү болгон. 1921-жылы Пишпекте 1475 чарба отурукташкан жашоого өтүшсө, 1923-жылы  отурукташкан чарбалардын саны 16457 жеткен [131,с.44].

Реформанын жүрүшүндө саясий жетишкендиктер менен катар экономикалык ийгиликтер да камсыз болгон. Биринчиден, мында совет бийлигинин «Жер жөнүндөгү» декретинин принциптери жүзөгө ашырылган. Экинчиден, дыйкандарга жер берүү алардын коллективдүү чарбаларга биригишин тездеткен. Үчүнчүдөн, реформа жер маселесин кандайдыр бир деңгээлде чечип, жерди негизги өндүргүч күч катары дыйкандар менен бириктирген. Натыйжада, айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. 1923-жылдын жазынан жер-суу реформасынын экинчи этабы башталып, ал 1926- жылга чейин созулган.

Реформа социалисттик мүнөздө болуп, дыйкандарды жерди жеке пайдалануудан коллективдүү пайдаланууга өтүү максатын көздөгөн. Совет өкмөтүнүн чечими менен ар бир дыйкан жерди жекече же биргелешип иштетүүнүн формаларын тандап алууга, жалданма жумушчу күчүн пайдаланууга укуктуу болгон. Отурукташууга өткөн дыйкандарга он жылдык мөөнөт менен айыл чарба шаймандары, унаа, үрөөн бөлүштүрүлүп, мындан тышкары үй, короо-жай курулушу үчүн материалдар бекер берилген. Отурукташкан дыйкандар мамлекеттик жана жергиликтүү салыктардан беш

жылга бошотулган. Аларга агротехникалык жана башка жардам көрсөтүүлөр каралган.

1927-1928-жылдары жүргүзүлгөн реформанын жүрүшүндө жер фондусу 46 миң га сугат жана 2,3 млн. га кайрак жерди түзгөн. 18,6 миң дыйкан жерге жайгаштырылган. Бардык чайрикерлер, кедей дыйкандардын 75 проценти жер, айыл чарба шаймандарын алышкан, аларга салык боюнча жеңилдиктер берилген. Айыл-кыштактын калкын негизинен орто дыйкандар түзүп калган.

Жер-суу реформасы Кыргызстандагы өндүрүү күчтөрүнүн активдүүлүгүнүн жогорулашына жана эски мамилелерди өзгөрүшүнө алып келген. Реформага даярдык мезгилинен реформа аяктаганга чейинки социалдык топтун реформага болгон мамилесине төмөндөгүдөй мүнөздөмө берүүгө болот.

Батрак-кедей топтор: иштин башталышында кедейлердин активдүүлүгүн начар баалоого болот. Анын себебин экономикалык жана социалдык фактор менен байланыштырууга болот. Алар экономикалык жактан түздөн-түз бай-манаптардан көз-каранды болушкан. Мындан сырткары бай катмар реформаны колдобоонун жумшак түрүн колдонушкан. Жүргүзгөн агитацияларда реформа ишке ашпай калганы кеңири айтылган.

Орто катмар: бейтарап абалды кармашкан. Аларга реформа учурунда чарбасынын кеңейиши же кыскаруусу кызыктырган.

Бай катмар: Реформага ачык каршы чыкса, жоопкерчиликке тартыларын билген манаптар реформага каршы жашыруун иш-аракеттерди жүргүзүшкөн. Алар: советтик кызматкерлерди жана комиссия өкүлдөрүн колго алуу, агитация жана кедейлерди коркутуу, мүлкүн башкаларга каттоо, уруулук бөлүп-жаруу иштерин жасашкан.

Дин өкүлдөрү: Реформага каршы иш-аракеттерди тымызын жүргүзүшкөн. Айрымдары жерге ээ болбогондор реформага бейтарап абалда болушкан. Ал гана эмес, калкты реформага каршы чыкпоого чакырышкан.

Реформа иштери башталгандан тарта, абал бир кыйла өзгөргөн. Бардык топтордун активдүүлүгү күчөгөндүгүн байкоого болот.

Батрак-кедей топтор: түшүндүрүү иштеринен кийин реформаны тезинен өткөрүүнү талап кыла башташкан. Кедей жана чайрикерлер реформа иштерине жана айыл- кыштактарда байлардын мүлктөрүн ачыкка чыгарууда активдүү катышышкан. Кедейлердин иш-аракетти тууралуу 01.05.28-ж. кыска каттарда жазылган. Анда реформа өткөрүлгөн бардык болуштуктарда чайрикер-кедейлердин бардык багыттагы иштерде активдүүлүк көрсөткөнү баяндалат. Мисалы, Көгарт болуштугунда кедейлер штабда күнү-түнү жер алуу үчүн кезек күтүшкөнү айтылган. Куршаб, Ноокат-Турук, Ичкилик, Араван-Буура болуштуктарында кедей-дыйкандар байлардын жашыруун иштерин ачыкка чыгарышкан [36,ф.2952,оп.1,д.70,л.4].

Орто катмар: реформа аларга терс таасирин тийбегенин көрүп, комиссиянын иштерине катыша башташкан.

Бай катмар: Реформа боюнча оперативдүү иштер башталгандан кийин аталган топтор арасында жерлерин берүүгө аргасыз болушкан.

Реформа айылдарда майда өндүрүштүн үлүшүн жогорулатууга салым кошкон. Майда өндүрүштүн үлүшү жогорулашы бай катмарды жою менен байланыштуу. Мисалы, Кыргыз АССРнин 1925-1926-жж. отчётунда чарбанын натуралдык формасы товарга айланганы айтылат. Бул өзгөрүүлөр уруулук турмуштун негиздерин бузуп, эл чарбасынын жогорку типке өтүшүн жеңилдеткени белгиленет. Дыйкандар ири өлчөмдөгү жер ижара акысын төлөөдөн бошотулган. Жерди жана малды ижарага алгандардын саны азайып, дыйкандардын кеңири катмары жердин ижара акысын төлөөдөн

бошотулган. Мурунку чайрикерлердин көпчүлүгү чакан жана орто өндүрүүчүлөргө айланган. Бул Кыргызстандын айыл чарбасында чакан товардык түзүмдүн үлүшүнүн өсүшүн билдирген. Бай-манаптарды чыгаруу менен жана келгиндерден нормадан ашык жерлерди алуу менен фонддун эсебине 198602 теше жер түшкөн. Мындан тышкары, фонд 200 миңден ашуун мамлекеттик бош айдоо жерлери жана үрөөн ж.б. менен толукталган. Бул жерлер кедейлерге берилген.

Таблица 4.28. Кыргызстанда 1927-1928-жылдардагы иш план боюнча аянттын өсүшү [16,ф.2952,оп.1,д.63,л.169].

| Райондор | Өсүшү | | |
|---|---|---|---|
| | Чет жактагы жерлер | Жаңы жерлер | Жалпы |
| | Гектар | | |
| Каракол кантону (Барскоон, Жети-Өгүз, Чолпон-Ата дарыясы) | 533 | 60 | 593 |
| Нарын кантону (Коджерты, Нарын дарыясы) | 435 | 450 | 885 |
| Жалал-Абад кантону (Нарын, Раджа-Ата, Ала-Бука дарыясы) | 200 | 86 | 286 |
| Ош кантону (Араван-Сай, Зергер, Яссы, Шахимардан дарыясы) | 458 | - | 458 |
| Чүй кантону (Кара-Балта,Аларча, Аламедин, Ысык-Ата) | 854 | - | 854 |
| Талас кантону (Талас дарыясы) | 133 | - | 133 |
| Реформа боюнча иштер (Чилик- | 7700 | - | 7700 |


| | | | |
|---|---|---|---|
| Сай, Кара-Дарыя, Кугарт-Сай, Ала-Бука дарыясы) | | | |
| Жалпы | 10313 | 596 | 10909 |

Жер-суу реформасы экономикалык жана саясий өзгөрүүлөргө алып келген. Эмгекчи дыйкандар жер, суу, керектүү шаймандарга ээ болуп, мындан аркы айыл чарбанын өнүгүшүнө түрткү берген. Реформанын жыйынтыгында көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларынын отурукташкан жашоосуна өтүү башталды. 1927-жылы кыргыздардын 62 пайызы көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образын жүргүзүшкөн.

